

**В. ТОЛУБКО**

# МЕКЕНДИ КОРГОО-ЫЙЫК МИЛДЕТ





В. ТОЛУБКО

# МЕКЕНДИ КОРГОО- ЫЙЫК МИЛДЕТ

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1980

68.49(2)
Т 54

Көрүнүктүү советтик аскер жетекчиси, Социалисттик Эмгектин Баатыры армиянын генералы В. Ф. Толубко Мекенге кызмат өтөөдө турмуштук жана аскердик зор жолду басып өттү. Ал жумушчунун уулу, жалпы билими боюнча педагог, аскердик билими боюнча танкист (училище жана бронетанкалык академияны бүтүргөн), Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында немецтик-фашисттик баскынчыларга каршы салгылашкан. Танкалык бригадага командачылык кылган, механизацияланган корпустун штабынын оперативдик бөлүмүнүн начальниги болгон. Согуштан кийин В. Ф. Толубко Генералдык штабдын Академиясын бүтүрүп, командалык жана штабдык жоопту кызматтарда иштеген, 1960-жылы Ракеталык аскерлердин Башкы командачысынын биринчи орун басары болуп дайындалган. Кийинчерээк бир топ аскер округдарынын аскерлерине командачылык кылган. 1972-жылдан баштап Стратегиялык маанидеги Ракеталык аскерлердин Башкы командачысы, СССРдин Коргоо министринин орун басары. Владимир Федорович Толубко КПСС БКнын мүчөсү, СССР Жогорку Советинин депутаты.

**Толубко В. Ф.**
Т 54 Мекенди коргоо—ыйык милдет / Которгон Мамбеткул Аманов.—Ф.: Мектеп, 1980.—92 бет, ил. менен.

Советтик көрүнүктүү аскер начальниги өзүнүн бул китебинде советтик жоокерлердин бардык муундарынын эң сонун патриоттук иштери жөнүндө, аскердик традициялардын өтмөлүүлүгү жөнүндө, социалисттик Мекендин коргоочуларына зарыл керек болуучу аскер жаштардын бийик моралдык-күжүрмөн жана нравалык сапаттарынын кандай калыптана тургандыгы жөнүндө кеңири сөз кылган.
Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

Т $\frac{11204—000}{М\ 452\ (17)—80}$ 142. 80. 130400000.

355 С
ББК 68. 49(2)

© Издательство ДОСААФ СССР, 1978 г.
© «Мектеп» басмасы, 1980-ж. кыргызча которулду.

## АВТОРДОН

КПСС БКнын советтик жаштарды аскердик-патриоттук тарбиялоонун таасирдүүлүгүн жогорулатуу жөнүндөгү талаптарына ылайык ДОСААФ басмасы «Согуштун жана эмгектин баатырлары — жаш патриотторго» деген сериядагы брошюраларды чыгаруу жөнүндө эң маанилүү жана пайдалуу демилге баштады. Ушуга байланыштуу басма мени жаштар менен өзүмдүн турмуштук тажрыйбамды бөлүшүүнү, уландарга жана кыздарга жүрөктөн чыккан жылуу сөз айтып берүүмдү, келечеги үчүн насаат берүүмдү өтүндү.

Чынын айтсам — бул жеңил-желпи маселе эмес. Анын үстүнө, көптөгөн аскер жетекчилери сыяктуу эле кызматта көп болгондуктан, менин да убакытым жетишсиз. Ошондой болсо да, биз улуу муундун адамдары, кыйынчылыктарды шылтоо кылып, биздин жаштарды тарбиялоо ишине, алардын моралдык-саясий такшалуусуна жана идеялык жактан өсүшүнө пайда келтире турган сунуштардан баш тартпоого көнүп калганбыз.

Кечкисин жана дем алыш күндөрү биз кылдаттык менен материал тандап, топтоп жана аларды бир канча жолу оңдоп толуктап чыктык. Бир топ ойлонгондон кийин брошюраны «Мекенди коргоо — ыйык милдет» деп атадык. Биздин оюбузча: брошюранын минтип аталышы кыска жана түшүнүктүү болот, ошондой эле бардык ку-

рактагы адамдарды аскерге кызмат өтөө мезгилинде же андан кийин, өмүрүнүн бардык учурунда жана коомдук пайдалуу эмгектин бардык участокторунда активдүү турмуш позициясында турууга үндөйт жана аны баса көрсөтөт.

Биз бул брошюрада жаштарга, өзгөчө аскердик милдетти аткарууга даярданып жаткан уландарга жардам берет деген максатта өз каалоолорубузду жана кеңешибизди айтууга аракеттендик, алар жаштарда кайраттуулукту, Мекен алдында өздөрүнүн бийик граждандык милдетин так жана абийирдүүлүк менен аткаруу колунан келе тургандыгына, ага жөндөмдүү экендигине ишенични пайда кылат деп ишене алабыз.

★

## АТАЛАР БАЛДАРЫНЫН БАКТЫСЫ ҮЧҮН КҮРӨШҮП ЖЕҢИШКЕН

Советтик Мекен! Советтик адамдардын ар бирине ыйык болгон бул сөз аларда эң терең жана асыл ойлорду, адамды толкундаткан сезимди пайда кылат. Мекен жөнүндө, биздин социалисттик Ата Журтубуз жөнүндө ойго батканда өлкөбүздүн чалкыган зор мейкиндиги гана элестебестен, анын эсепсиз-сансыз байлыгы да көз алдыңа тартылат, өзүң туулуп өскөн, балалыгың өткөн үйүңдү, өзүң өскөн же окуган шаарыңды, районуңду эскересиң, ошондо өз элиңдин баатырдык тарыхы менен, он жетинчи жылдын октябрында эски дүйнөгө чечкиндүүлүк менен чабуул коюп көтөрүлгөн адамдардын, андан кийин граждандык согуш менен чет өлкөлүк интервенциянын кыйын жылдарында дыйкандар менен жумушчулардын дүйнөдөгү биринчи мамлекетин коргогондордун, алгачкы беш жылдыктарда бардык жыргалчылыктардан кечип, өзүнүн күжүрмөн эмгеги менен улуу державабыздын экономикалык жана коргонуу күчүн түзгөндөрдүн даңктуу иштери менен сыймыктанбай коё албайсың. Демек, ар бир жаш адамдын өткөн маанилүү окуялар жөнүндө көп, толугураак билүүгө умтулушу капысынан эмес, бул закон ченемдүү умтулуу.

Советтик Куралдуу Күчтөр эки жолу — граждандык жана Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында империалисттик жырткычтардын көптөгөн күчтөрүнө каршы акыйкат согуш жүргүзүп, Мекенибизди кулчулук коркунучунан сактап калды. Совет эли, ошондой эле социалисттик өлкөлөрдүн бир тууган элдери эмгек адамдарынын эркиндиги жана бакты-таалайы үчүн, Ата Журтубуздун гүлдөшү үчүн, жана бүткүл Жер шарында тынч-

тык иши үчүн өмүрүн курман кылгандарды жүрөгүндө түбөлүк бекем сакташат.

Совет эли дүйнөдөгү биринчи социализм өлкөсүнүн ишенимдүү сакчысынын — өзүнүн тарыхый милдеттерин ыйык жана туруктуулук менен аткарып жаткан өздөрүнүн Куралдуу Күчтөрүнүн өлбөс-өчпөс даңкы менен сыймыктанат. Улуу Ленин, Коммунисттик партия түзгөн Советтик Куралдуу Күчтөр өткөн жылдардагы бардык сыноолорду ар-намыстуулук менен басып өттү, ал Ата Мекен алдындагы өз милдетин азыр да ар-намыстуулук менен аткарууда.

Бизди ата-бабаларыбыздын — улуу муундагы каарман патриоттордун граждандык согуштун оор жана даңктуу жылдарындагы баатырдык эрдиктери элдин эсинен эч качан чыкпайт. Эң эле оор шарттарда, курал-жарактын жетишсиздигине карабай, көп учурда ач-жылаңач, бирок революциялык бийик духга жана ишенимге берилген, өзүнүн ишинин чындык, адилеттүү экендигине ишенген Кызыл Армиянын жоокерлери, командирлери жана комиссарлары күчтүү куралданган душмандарга, Совет бийлигине тымызын жана ачык түрдө каршы турушкан кулактардын түркүн бандаларына, анархисттерге, басмачыларга каршы каармандык менен салгылашышкан. Кызыл Армиянын ак гвардиячылар менен интервенттердин Уралдагы, Волгадагы, Крымдагы, Дон менен Кубандагы, Сибирь менен Ыраакы Чыгыштагы аскерлерин талкалоо боюнча жүргүзгөн операциялары азыр да биздин досторубузду сыймыктантып душмандарыбызды таң калтырууда.

Жаштар Куралдуу Күчтөрдүн ветерандарынын китептерин кызыгып окушат, айткандарын кызыгып угушат, С. М. Буденныйдын Биринчи Атчан армиясынын жоокерлери менен командирлеринин легендарлык эрдиктери жөнүндөгү, В. М. Азин, В. К. Блюхер, Г. И. Котовский, А. Я. Пархоменко, В. М. Примаков, И. Ф. Федько, В. И. Чапаев жана башкалар командачылык кылган полк, бригада, дивизиялардын каармандыктары жөнүндөгү кинофильмдерди, спектаклдерди кызыгып көрүшөт.

Жаш Совет өлкөсүнүн душмандарына каршы салгылаштарда массалык түрдө көрсөткөн эрдиктери үчүн Кызыл Армиянын 350 дөн ашык аскер бөлүктөрү, Аскер кошулмалары жана аскердик окуу жайлары аскердик ордендер, революциялык Ардактуу Кызыл Туулар менен

сыйланган. 15 миңге жакын жоокерлер Кызыл Туу ордени — Совет Республикасынын эң жогорку сыйлыгы менен сыйланышкан, алардын ичинен 285 адам сыйлыкты эки жолу, 31 жоокер — үч жолу жана төрт адам — В. К. Блюхер, С. С. Вострецов, Я. Ф. Фабрициус, И. Ф. Федько — төрт жолу алышкан.

Биздин Кызыл Армиянын жоокерлери көрсөткөн ушунчалык көп массалык эрдиктер мурдакы армиялардын биринин да тарыхында болгон эмес жана болууга да мүмкүн эмес эле. Баатырлардын үлгүсү башкаларды эрдиктерге шыктандырган. В. И. Ленин 1918-жылдын 7-ноябринде Октябрь революциясынын жоокерлерине арналган мемориалдык досканы ачып жатып, ал алдыңкы адамдардын баатырдыгы жаңы күрөшүүчүлөрдү пайда кылды, күрөшкө улам жаңы зор массаларды көтөрдү деп айткан.

Л. И. Брежнев «Социализмдин элүү жылдык улуу жеңиштери» деген докладында: «Революциянын жоокерлеринин баатырдыгы жана каармандыгы, жеңиш үчүн өзүн-өзү курман кылууга, ар кандай жокчулуктарды башынан өткөрүүгө алардын даяр экендиги дүйнө жүзүн бүгүнкү күндө да таң калтырып жатат. Перекоп, Каховка менен Волочаевка, баатыр чапаевчилер менен атчан аскерлер мактальп ырга кошулуп жүрөт. Алардын каармандыгы — советтик адамдардын улам жаңы муундары тарбияланып жаткан өрнөк болуп эсептелет. Социалисттик Мекен үчүн жан аябай күрөшүүнүн граждандык согуш жылдарында келип чыккан традициялары биз үчүн, Октябрдын мурасчылары үчүн эр жүрөктүүлүк менен туруктуулуктун, жеңип чыгууга эрктүүлүктүн соолгус булагы болуп түбөлүккө кала берет»,— деп айткан.

Элдердин келечек бактысы үчүн кан төгүп, курман болгондор Горькийдин Шумкарындай, ар бир тамчы каны караңгылыкта учкундай жанып, көптөгөн жаш жүрөктөрдү эркиндикке, жарык турмушка чакырарына ишенишкен. Алардын бул үмүттөрү ишке ашты.

Партиянын Куралдуу Күчтөрдү түзүүдө жана чыңдоодо түзүлгөн аскердик милдетине ак ниеттүүлүк менен берилгендиктин, эл алдында кайратман кызмат өтөөнүн, Мекендин душмандарына каршы каармандык менен күрөшүүнүн даңктуу традицияларын советтик жоокерлердин жаңы муундары япондук баскынчылар менен Хасан көлүнүн, Халхин-Гол суусунун жанындагы

болгон уруштарда, ак финдер менен болгон урушта, Улуу Ата Мекендик согуштагы салгылашууларда ыйык сакташты жана көбөйтүштү.

Улуу Ата Мекендик согуштагы салгылашуулар 1418 күн жана түнгө созулду. Мекенге болгон түбөлүк соолбос сүйүү, улуу Ленин негиздеген биздин чыныгы демократиялык түзүлүшкө кол салган немецтик-фашисттик баскынчыларга болгон зор жек көрүү советтик адамдарды салгылашка аттандырды.

1941-жылдын июну — согуштун башталышы эсиме түшөт. Чек арадагы катуу согуштар жөнүндөгү кейиштүү билдирүүлөр, гитлердик кузгундардын советтик шаарларды жырткычтарча бомбалашы, тынч калктын азап чегиши, Чыгышка өлкөнүн батыш райондорунан жүздөгөн өнөр жай ишканаларынын көчүрүлүшү эсиме түшөт. Бирок ветерандар адамдардын фронттогу жана тылдагы чексиз кайратын, чыдамкайлыгы менен баатырлыгын, совет элинин жана анын Куралдуу Күчтөрүнүн гитлердик баскынчылардын үстүнөн болгон улуу жеңишин эстеринен чыгарыша элек.

Адамзат көптөгөн чоң жана майда согуштарды баштарынан өткөрүштү. Алар 14 миңден көп болгон деп айтышууда. Бирок Улуу Ата Мекендик согушту өзүнүн масштабы боюнча, ага катышкан адамдардын саны, колдонулган техника жана курал-жарактын саны, түйшүктүүлүгү жана салгылашуулардын катаалдыгы боюнча дүйнөдөгү башка согуштарга салыштырууга болбойт.

Советтер Союзуна согуш ачуу менен бирге, фашисттик Германиянын башкаруучу чөйрөсү дүйнөдөгү биринчи социалисттик мамлекетти толук жок кылууну көздөшкөн, биздин Мекендин гиганттык табигый байлыгын, элибиздин эмгеги менен түзүлгөн материалдык зор байлыгын басып алууга аракеттенишкен, совет элин германдык империалисттердин кулуна айландырууну ойлошкон. СССРге каршы согуштун максатын Гитлер өзүнүн адамзатты жек көрүүчү «Майн кампф» китебинде баяндап, анда ал социалисттик түзүлүш сөзсүз өлүмгө дуушар болот, «Россиядагы большевиктердин мамлекетинин бүтүшү — ошондой эле Россиянын мамлекет иретинде жашоосунун токтошу болот» деп менменсинип жазган. Ал эми өзүнүн шериктеш канкорлорунун арасында Гитлер дагы минтип оюна келгенин оттогон: «Фюрер жолун жолдогондордун баары муну билиши

керек: Уралдын батышында башка аскерлер болбогон кезде гана империя коопсуздукта болот. Ал эми бул аймакты башка бардык коркунучтардан сактоону Германия өз жоопкерчилигине алат. Куралды немецтерден бөлөк эч ким алып жүрбөшү керек — бул темирдей бек законго айланышы керек...»

Ошентип өздөрүнүн каракчылык, талоончулук пландарын ишке ашыруу максатында фашисттик Германиянын башчылары Советтер Союзуна каршы 5,5 миллион адамдан турган мыкты даярдалган зор армияны капысынан урушка салган, бул армиянын 50 миң замбиреги жана минomету, 4300 дөн көбүрөөк танка жана штурмалоочу куралдары, 5 миңдей согуш самолёту бар болучу.

Уруш эң зор фронтто узундугу 4 миң километр келген Заполярьеден Кара деңизге чейинки аралыкта жүрүп жатты.

Коммунисттик партия жетектеген жана шыктандырган совет эли бир кишидей болуп, өз Ата Мекенин коргоого киришти. Бүткүл өлкө боюнча согуштун алгачкы күндөрүндө жаралган ыр урушка чакырык болуп жаңырып турду:

Аттангын кандуу майданга,
Аттангын, Улуу Мекеним!
Каптап кирген фашисттин,
Карабет сансыз колуна.

Советтик держава кыска убакыттын ичинде гана аскердик бир лагерге айланды. Армиянын жана флоттун жоокерлери өз жергесинин ар бир кадамы үчүн жан аябай салгылашышып, чыдамкайлыктын, эрдиктин жана кайраттуулуктун укмуштуудай үлгүлөрүн көрсөтүштү. Фашисттик баскынчыларга каршылык көрсөтүү барган сайын күчөй берди.

1941-жылдагы оор, айыгышкан коргонуу уруштарда советтик аскерлер фашисттерди эң зор жоготууларга дуушар кылды. Германиянын жөө аскерлеринин генералдык штабынын мурдагы начальниги Гальдердин моюнга алуусу боюнча, немецтик-фашисттик армия 22-июнь менен 1941-жылдын 10-декабрынын ортосунда өлгөндөрү, жарадар жана дайынсыз жок болгондору болуп, бардыгы 775 миң адамдан ажыраган. Ал эми Польшага, Францияга, Англияга, Норвегияга, Данияга, Бельгияга, Голландияга жана Балкан өлкөлөрүнө каршы

бүткүл согуш жылдарындагы Германиянын жоготуусу бар болгону 419 миң адамды түзгөн.

Дүйнөлүк экинчи согуштун тарыхын бурмалоочулар, империализмдин малайлары совет элинин жана анын Куралдуу Күчтөрүнүн фашисттик Германияны талкалоодогу ойногон чечүүчү ролун төмөндөтүүнү көздөшүп, советтик аскерлер согуштун алгачкы жумаларында душмандарга анча катуу каршылык көрсөтпөстөн, өлкөнүн түпкүрүнө чегинишкен деп далилдөөгө аракеттенишет. Бул ушак менен алар азыркы жаштарды жаңылтууну көздөп жаткандыгы белгилүү!

Ал эми Брест сепилин коргоочулардын каармандыгын, эрдигин унутууга болобу? Алар бир айга жакын фашисттердин кутургандай чабуулдарынын мизин кайтарып турушкан. Ар кандай баскынчылардын жолунда бөгөт болуп ондогон кылымдар бою турган бул чеп 1941-жылдын июнунда Мекенибиздин душмандарынын жолунда кайтадан өтө алгыс тоскоол болуп турду.

Брест сепилине ардактуу Баатыр-Сепил шаар деген наам берүү совет элинин 1941-жылдын жайында фашисттик баскынчылардын жолунда көкүрөгү менен туруп, өмүрүн аябастан туулган жерин коргогон адамдардын эрдигин баалоо болуп эсептелет.

Перемышль, Лиепая, Владимир-Волынск, Луцкини, Ханко жарым аралын, чыңдалган Рава-Русский районун жана көптөгөн шаарлар менен таяныч пункттарын коргогондор таң каларлык эрдиктерди, каармандыкты көрсөтүштү.

Смоленск салгылашуусу эки ай — 10-июлдан 10-сентябрга чейин болду, анын жыйынтыгы фашисттик командованиенин Москвага токтолбостон өтүү жөнүндөгү ойлорун четке какты. Советтик гвардия байыркы Смоленск жериндеги салгылашууларда төрөлгөн, ошол эле жерде жаңы согуштук күчтүү курал — реактивдүү миномёттук курал согуштук сыноодон өттү, ал келечектеги ракеталык куралдын негизи эле. 1941-жылдын 14-июлунда «катюшалардын» биринчи батареясы капитан И. А. Флеровдун командачылыгы астында душмандын адам күчү жана техникасы жыш топтолгон жерге күчтүү залп берди, душман аябагандай көп жоготууга учурап, үрөйлөрү учуп алдастады.

Ленинградды коргоочулар эч качан унутулбас эрдиктерди көрсөтүштү. Совет адамдары Одессаны жана

Киевди каармандык менен коргошту. Севастополь 250 күн жана түн салгылашты. Москваны, Туланы, Новосибирскини, Керчти жаана башка советтик шаарларды коргоочулар кайраттуулукту, эр жүрөктүүлүктү көрсөтүштү.

Элдин ченемсиз алп күчүнө таянган Кызыл Армиянын баатырлыгы гитлердик «чагылгандай тез» согуш жөнүндөгү планын бузду. Фашисттик чөйрө бардыгын тең алдын ала эсептеген, бирок алар бир гана нерсени — Совет эли өз Мекени үчүн жан аябастан салгылаша тургандыгын эске алышкан эмес. Фашисттерге жана алардын согуштук машинасына совет адамдарынын майтарылбас эрки каршы турду, өз Мекенинин тагдыры үчүн болгон жоопкерчилик совет элинин эркин ого бетер чыңдады. Дубосеково разъездинде душманга каршы жан аябай бекем турган баатыр-панфиловчулардын согуштун тарыхына алтын тамга менен жазган «Россия кең, бирок чегинүүгө жер жок — артыбызда Москва» деген сөздөрүн ошол күндөрү биздин миңдеген солдат жана офицерлерибиз кайталашты.

Москванын алдындагы айыгышкан салгылашта Советтик баатыр жоокерлер фашисттик армиянын жеңилбестиги жөнүндөгү сөз апыртма экендигин далилдешти, баскынчылардын желин чыгарып, жеңилүүгө дуушар кылышты. Фашисттик баш кесерлерди жеңилүүнүн күйүтүн тартууну, Советтер Союзунун элдеринин монолиттүү бирдиктүүлүгүн жана кыйрагыс, майтарылгыс күчүн сезүүгө аргасыз кылышты.

1942-жылдын жайында жана күзүндө советтик-германдык фронттун түштүк канатында, жүз миң чарчы километрдей жердеги территорияда тарыхта тең келбеген эң зор салгылашуу башталады. Сталинград салгылашуусунун кайсы бир этаптарында эки тараптан тең урушка 2 миллионго чейин адам катышып, 26 миң замбирек жана миномет, 2000 ден ашык танк жана самолет пайдаланылды. Биздин аскерлер ээлеген позициялардын ар бир метр жерине душмандын алты солдаты, ар бир беш метр жерге бир танк чабуул койгондугу эсептеп чыгарылды.

Чоң шаардын талкаланган үйлөрүнүн арасында айыгышкан уруштар болуп жатты. Үйлөр кулап, жер күйдү; танк дөңгөлөгүнүн кыйчылдаганы, самолёттордун күүлдөгү, бомба жана снаряддардын жарылышы, пулемет,

автомат жана башка куралдардын ок жаадырышы кошул-ташыл болуп, айлананы жаңыртып турду. Биздин аскерлер кутургандай чамынган душмандардын жолуна өтө алгыс тоскоол болду.

Сталинградды коргоочулардын ар бири үчүн баатырдык көрсөтүү адат болуп калды. Шаар үчүн болгон урушта душман өлгөндөрү, жарадар болгондору, туткунга түшкөндөрү болуп баардыгы 700 миң кишисинен ажыраса да, Сталинградды ала алышкан жок. Волгадагы жеңиштин согуштук саясий жана эл аралык мааниси бар эле. Сталинграддагы жеңиш фашисттик баскынчыларды толук талкалоонун жана аларды совет жеринен куул чыгуунун башталышы болду.

Курск салгылашуусун согуштук жарым алкак деп аташат. Анын чоң масштабда болгондугун, мисалы, Прохоровка районундагы болгон уруш далилдейт, 1943-жылдын 12-июлунда урушка эки тараптан тең 1500 гө жакын танк жана өзү жүрүүчү артиллерия катышкан. Бир эле күндөгү урушта Прохоровканын кичинекей согуш талаасында душман 400 дөн ашык танкасынан ажырады, 10 миңден көбүрөөк солдат жана офицерлери өлдү. Курскинин жанындагы фашисттик аскерлердин жеңилиши гитлердик Германиянын эсин оодарып, ал бүткүл советтик-германдык фронтто гана эмес, экинчи дүйнөлүк согуштун бардык участокторунда түп тамырынан бери бурулуш болду.

Стратегиялык демилгени колдон чыгарбастан, Кызыл Армия чечкиндүү чабуулга өттү, Донбассты, Украинаны, Белоруссияны, Молдавияны, Заполярьени, Прибалтиканы бошотуу боюнча бир топ кеңири операцияларды эң сонун ишке ашырды жана душманды толугу менен өз жеринен кууп чыкты.

Берлинди алуу үчүн болгон салгылашуу Европадагы согуштун жыйынтыгын чыгарган уруш болду, анын жүрүшүндө душмандын миллионго жакын аскерлери талкаланды. Советтик солдаттар миңдеген километр фронт жолун эң оор уруш менен басып өтүп, фашисттердин уюгун ээлеп, Улуу Ата Мекендик согушту жеңиш менен аякташты.

Эстен кеткис ошол күндөн бери отуз жылдан ашык убакыт өттү. Бирок советтик жоокерлердин кайраты жана эрдиги элдин жүрөгүндө терең сакталууда, ал эч качан эстен кетпейт, алар Мекенинин эркиндиги жана

көз каранды эместиги үчүн, азыр жашап жаткан адамдардын жана кийинки муундардын бактысы үчүн кайраттуулукту, эрдикти көрсөтүшкөн.

Н. Ф. Гастелло, А. К. Горовец, С. С. Гурьев, Л. М. Доватор, Д. М. Карбышев. З. А. Космодемьянская, А. М. Матросов, И. Ф. Панфилов, Ю. В. Смирнов, В. В. Талалихин. Миңдеген баатырлар теңдешсиз эрдиктерди көрсөтүштү. Алар жөнүндө ыр ырдалып, жомоктор айтылууда. Бул эрдиктерди элибиз үчүн ыйык болгон эстеликтер түбөлүк даңазалашат. Севестополдо тургузулган мрамор эстелигиндеги жазуу эстен кетпейт:

Силерге даңк, эр жүрөктөр,
Силерге даңк, кеменгерлер,
Журт силерди даңктап, ырга кошот.
Тайманбас элеңер, ажалды жеңдиңер
Түбөлүк барсыңар арабызда, силер.

Совет адамдарынын согуштагы акыйкат, адамгерчиликтүү максаты, аларда болуп көрбөгөн чыдамкайлыкты, укмуштуудай кайраттуулукту пайда кылды. Бир жоокердин эрдиги башка жүздөгөн, миңдегендерди эрдиктерге шыктандырды, Мисалы, душмандын бензин цистерналар колоннасына өзүнүн күйүп бара жаткан самолётун таштаган Николай Гастеллонун каармандыгын согуш жылдарында дагы 74 учкуч көрсөтүштү, өзүнүн денеси менен душмандын дзотунун оозун жапкан Александр Матросовдун эрдигиндей эрдикти дагы 200 дөн ашык жоокер кайталаган.

Советтик жоокерлердин Улуу Ата Мекендик согуштагы массалык эрдиктери жөнүндө орден жана медалдар менен сыйлангандардын саны да далил боло алат. Мамлекеттик сыйлыктарга 7 миллиондон ашуун жоокерлер татыктуу болушкан, 11,5 миңден көбүрөөгү Мекендин эң жогорку сыйлыгына — Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушту. Советтик полкторго жана дивизияларга, согуштук кемелерге 10900 аскердик ордендер тапшырылды. Мекенибиздин борбору — Москва Советтик Куралдуу Күчтөрдүн фашисттик Германиянын жана империалисттик Япониянын аскерлери менен болгон уруштагы жеңиштерин куттуктап 347 жолу салют берген.

Советтик Куралдуу Күчтөрдүн жана аскер түрлөрүнүн бардык бөлүктөрүндө өздөрүнүн баатырлары өсүп

чыкты, алардын эрдигинин, аскердик даңкынын үлгүсүндө алардын ордун баскандар тарбияланды жана тарбияланып жатат. Душманды жеңүү ишине танкисттер, артилеристтер, жөө аскерлер, учкучтар, моряктар, байланышчылар жана башка адистиктеги жоокерлер баа жеткис салым кошушту.

Мекен үчүн уруштарда советтик танкисттер зор каармандыкты, баатырлыкты көргөзүштү. Эрдиги жана каармандыгы үчүн 250 миң танкист ордендер жана медалдар менен сыйланышты, 1155 танкист Советтер Союзунун Баатыры деген наам алышып, 16 адам бул наамга эки жолу татыктуу болушту. Дээрлик бардык танк жана механикалашкан бригадалар гвардиялык болушту, ардактуу наам алып жүрүүгө жана бир нече аскердик ордендерге татыктуу болушту.

Мекен артиллеристтердин эрдигин жогору баалады. 1600 миң даңктуу артиллеристтер орден жана медалдар менен сыйланышты, 1800 артиллерист Советтер Союзунун Баатыры деген наам алышты. 800 артиллериялык бөлүк жана кошундар аскердик ордендер менен, ошондой эле Сталинграддык, Киевск-Берлиндик деген жана башка ардактуу наам менен сыйланышты.

Гвардиялык миномёттук бөлүктөрдүн жоокерлери өз тууларын өчпөс даңкка бөлөштү. Алардын дээрлик бардыгы ордендер менен сыйланышты. Алардын ичинен Ленин ордендүү, Кызыл Туу, Суворов, Кутузов жана Богдан Хмельницкий ордендүү 92-гвардиялык Гомель полку өзгөчө даңазаланды.

Улуу Ата Мекендик согуштун жыйынтыгы дүйнөдө социализмди жеңе турган, марксизм-ленинизм идеясына ишенген, социалисттик Мекенин жан-дили менен сүйгөн, Коммунисттик партияга чыныгы берилген элди багынтуучу күч жок экендигин эң сонун далилдеди. Өткөн согуштун жыйынтыгы империалисттик агрессорлор коркко турган каардуу курал, азыркы бардык согуш авантюристтери, «кансыз» жана «кандуу» согушту жактагандар үчүн тарыхтын каардуу сабагы болуп эсептелет.

Улуу Ата Мекендик согуштун жеңиштүү аяктаганына отуз жылдан ашуун убакыт өттү, андан бери өлкөбүздүн, Совет элинин турмушунда зор өзгөрүүлөр болду. Бирок совет элинин Мекен алдындагы милдетине, анын коммунизмдин идеалдарына чын жүрөктөн берилгендиги бузулбастан кала берет.

Азыр Куралдуу Күчтөрдө өткөн салгылаштардын ветерандарын согуштан кийин туулуп өскөндөр алмаштырышты. Ошондой болсо да алардын көпчүлүгү аскер кызматында жетишкен ийгиликтери үчүн, аскердик техниканы мыкты өздөштүргөндүгү үчүн аскер ордендеринин жана медалдарынын ээси болуп калышты. Демек бул, алардын ардактуу жана түйшүктүү эмгеги согушта көрсөтүлгөн эрдик сыяктуу эле жогору баалана тургандыгын, Куралдуу Күчтөрдүн даңктуу традициялары жоокерлердин жаңы муундары менен көбөйүп жаткандыгын көрсөтөт.

Аскердик традицияларды пропагандалоо, жаштарды ушул традицияларды бекем сактоого тарбиялоо азыркы мезгилде өзгөчө мааниге ээ болуп отурат. Мунун өзү Советтик Куралдуу Күчтөрдүн социализмдин жана коммунизмдин жеңиштерин эл аралык империализмдин шимшүүлөрүнөн коргоо, социалисттик тилектештиктеги өлкөлөрдүн коопсуздугун камсыз кылуу, жаңы согушту болтурбоо жана планетада тынчтыкты коргоо милдеттеринин татаалдашуусу менен шартталган.

Советтик жаштарды аскердик-патриоттук, Куралдуу Күчтөрдүн өздүк составын аскердик традицияда тарбиялоону жакшыртуу зарылчылыгы эл аралык аренада идеологиялык күрөштүн курчушунан, социалисттик тилектештик өлкөлөрүнө жана алардын армияларына каршы идеологиялык диверсиянын күчөшүнөн чыгып жатат.

Империализмдин идеологдору жалган информация жана ушак таратуу менен биздин элдин өткөндөгү баатырдык иштерин каралоого, согуштун тарыхын бурмалоого, экинчи дүйнөлүк согушта фашизмди талкалоодогу Советтик Куралдуу Күчтөрдүн ойногон чечүүчү ролун төмөндөтүп көрсөтүүгө аракеттенишет, муну менен Советтик жаштарда улуу муундарга ишенбөөчүлүктү пайда кылууну, армиянын жана флоттун жоокерлеринин коммунизмдин идеалдарына, советтик аскердик уюмдун күчтүүлүгүнө ишенимин төмөндөтүүнү көздөшөт.

Ошондуктан азыркы шарттарда советтик жаштарды партиянын, элдин жана анын Куралдуу Күчтөрүн революциялык, эмгек жана аскердик традицияларында тарбиялоо боюнча иштерди тынымсыз күчөтүү зарылчылыгы келип чыгууда.

Традициянын күчтүүлүгү анын тынымсыз өсүп-өрчү-

шүндө. Совет адамдарынын бир муунунан экинчи муунуна өтүү менен бирге, ал биздин жаштардын, армия жана флоттун бардык жоокерлеринин жүрүш-туруш эрежесине айланат.

Жоокер-ракетчиктер өздөрүн аталарынын, Улуу Октябрь социалисттик революциясынын, граждандык жана Улуу Ата Мекендик согуштардын миңдеген баатырларынын аскердик даңкынын мурасчысыбыз деп эсептешет. Алар өздөрүн Куралдуу Күчтөрдүн даңктуу аскердик традициясын чыныгы кабыл алуучу жана улантуучу экендигин бүткүл иши жана ой-санаасы менен далилдөөгө аракеттенишет, бул традицияны алар өздөрүнүн күндөлүк күжүрмөн иши менен өстүрүп-өнүктүрүшүүдө.

Бул жерде аскердик традициялардын өтмөлүүлүгү юридикалык жол менен бекитилгендигин айта кетүү керек: жаңы түзүлгөн ракеталык бөлүктөргө күжүрмөн туулар, өкмөттүк сыйлыктар жана Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында артыкчылык көрсөтүшкөн бир топ артиллериялык, миномёттук, авиациялык жана башка бөлүктөрдүн ардактуу наамдары өткөрүлүп берилди.

Ошондуктан көптөгөн ракеталык бөлүктөр азыр гвардиялык деген жогорку наамды алып жүрүшөт, ардактуу наамдарга ээ, алардын тууларында аскердик ордендер жаркыроодо. Бөлүктөрдүн тизмесине Советтер Союзунун Баатырларынын ысымдары түбөлүк киргизилди, алардын ичинде Улуу Ата Мекенибиздин абийири, эркиндиги жана боштондугу үчүн баатырларча курман болушкан гвардиянын улуу лейтенанты А. А. Космодемьянский, гвардия капитаны И. И. Новоженов, лейтенант Г. К. Нестеренко, лейтенант Г. А. Печковский, кенже лейтенант А. А. Покальчук, саясий жетекчинин орун басары П. Л. Гутченко, кенже сержант И. С. Черных жана башка эр жүрөк патриоттор бар.

Ошону менен бирге Ракеталык аскер бөлүктөрүндө эң мыкты ветерандарыбыз — офицерлер менен генералдар — өткөн согуштун катышуучулары азыркы күндө да күжүрмөн кызмат өтөшүүдө. Алардын арасында ондогон Советтер Союзунун Баатырлары бар, алар аскердик традицияларды баштоочулар, аны активдүү пропагандалоочулар болуп эсептелишет.

Уулдар аталардын жолу менен баратат! Биз минтип айтканда, эң алды менен мына булар жөнүндө билебиз:

аталар жана уулдар бир гана улуу ишке кызмат кылышкан жана кызмат кылып жатышат, алардын жүрөктөрү бир гана от болуп күйөт. Мекендин чакырыгы боюнча коммунизмдин идеалдары үчүн бүткүл күчүн берген жана берип жатышат, ал эми керек болсо өмүрүн да беришкен.

Каармандыктын, кайраттуулуктун эстафетасы үзгүлтүксүз уланат. Аскердик кызмат — билимди, ыкмаларды, милдетине берилгендикти, эрдикке дайым даярдыкты ар дайым сыноо болуп эсептелет.

Аскерге чакырыла электе, жаш жоокерлер: эрдик деген эмне, анын негизин кандай мотивдер түзөт? — деген суроону көп беришет. Эрдик! Анда лениндик партия, комсомол, бүткүл советтик чындык тарбиялаган совет адамынын мүнөзүнүн бардык жактары бир нур болуп чагылдырылган. Эрдик — бул Мекен үчүн жасалган эр жүрөк, кайраттуу кадам, кыйын шарттарда өркүндөтүлгөн, мааниси жагынан олуттуу иш аракет. Эрдик — бул жогорку моралдуу, жогорку идеялуу адамдын туура жана эң керектүү иш-аракети, бул бүткүл адамдардын, жолдошторунун бактысы үчүн, эл алдындагы милдетин ийгиликтүү аткаруу үчүн жасалган акыл-эстүү жана ошол эле мезгилде асыл аракет.

Эрдик, былинадагы баатырлардын эрдиги сыяктуу эле кадырман кийинки муундардын эсинде түбөлүк өчпөйт. Алар эр азаматтардын эрдигин эстеринен чыгарышпайт, жүрөктө сактап, даңазалап, даңкташат. Биздин өлкөнүн бардык жерлеринде, Жеңишке болгон улуу жана кандуу жолдун баарында, Москва менен Сталинграддын дубалдарынан Берлин менен Прагага чейин советтик жоокер — боштондукка чыгаруучуларга эстеликтер менен обелискилер асман тирейт. Аларга ырлар менен китептер, кинофильмдер, радио жана телеберүүлөр, сүрөтчүлөрдүн картиналары арналган. Алар жөнүндө аскердик даңк музейлери менен бөлмөлөрдүн экспозициялары баяндайт. Баатырлардын ысымдары менен көптөгөн шаарлар жана кыштактар, аянттар, көчөлөр, мектептер, пионер дружиналары аталган.

Мезгил согуш жылдарындагы траншея менен окопторду түзөтүп салды, бирок ал кийинки муундардын сезимине Мекенибизди анын башына түшкөн өтө коркунучтуу күндөрдө төшү менен коргогондордун эрдиги, азыр жашап жаткандардын, балдардын, коммунизм-

ди куруучулардын келечек муундарынын бактысы үчүн жеңиш алып келгендердин эрдиги дагы жарык, дагы терең орнойт.

Жеңиштин жарык күнүн көптөгөн аталарыбыз, чоң аталарыбыз, апаларыбыз, ага жана эжелерибиз көрбөй калды. Фронтовиктердин баары эле үйлөрүнө кайтышкан жок. Бардыгынын эле согуштан кийин саламаттыгы оңоло койгон жок. Бирок баатырлар өлбөйт. Алар турмуштун өзү сыяктуу эле түбөлүк жашайт, алар дайым жоокерлердин катарында, социалисттик Мекенди коргоочулардын жаңы муундары ошолордой болууга аракеттенет.

Ракетчиктер өздөрүнүн баатыр-полктору менен чексиз сыймыктанышат, алардан үлгү алышып, жоокерлер Борис Хигрин, Петр Гутченко, Александр Покальчук жана Мекендин көптөгөн башка эр жүрөк уулдарына окшош болгулары келишет.

Ракеталык бөлүктөрдүн биринин тизмесине капитан Борис Львович Хигрин түбөлүк жазылган. Мындан отуз тогуз жыл мурда, 1941-жылдын июль айынын башталышында, Могилев — Минск шоссе жолу менен немецтик-фашисттик танк бөлүгү чабуул коюп келе жаткан. Ал Друть дайрасын кечип өтүүгө жана биздин коргонуу чегибизге жанашууга аракеттенет.

Артиллериялык дивизиондун командири капитан Б. Л. Хигрин биздин аскерлердин чабуулун калкалоо жана аны менен бирдикте душманды токтотуу, ага дарыядан өтүүгө мүмкүнчүлүк бербөө жөнүндө буйрук алат. Ок атуучу позицияларды инженердик жабдууга убакыт жок эле. Дивизионду көздөй кыркка жакын немец танкалары келатты. Секунд өткөн сайын алар артиллеристтердин позицияларына жакындай беришти. Капысынан болгон ок атуу немецтердин эсин оодарды, алар буйдала түштү. Душмандын бир канча танкасы жалбырттап күйүп кирди. Машиналардын биринин мунарасы жок калды. Экинчисинин гусеницалары үзүлдү. Бирок калган танкалар манёвр жасап алдыга жыла берди, биздин позицияларды тындырбай атып келатышат. Артиллериялык топтор биринин артынан бири иштен чыгып, замбиректер талкаланууда. Замбиректердин бирин дивизиондун командири капитан Хигрин өзү ээледи. Душмандын огуна карабай ал снарядды биринин артынан бирин атып кирди. Душмандын алты танкасы

анын таамай аткандыгынан орундарынан жылбай калды. Аларга жардам келди, душман алдыга жыла албай калды. Дивизиондун жоокерлери коюлган милдетти аткарды. Бирок командир бул урушта каза болду.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун 31-август, 1941-жылдагы Указы менен Борис Львович Хигринге — Ата Мекендик согуш башталган күндөн бери үчүнчү советтик артилеристке — курман болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилди.

Жоокер-ракетчиктер өздөрүнүн полктошунун эрдиги менен сыймыктанышат жана аны ар дайым эсинде сакташат. Аскер бөлүктөрүнүн биринде панорама коюлган: сүрөтчү-солдат Советтер Союзунун Баатыры капитан Хигринди фашисттик танкаларды замбирек менен түз мээлеп атып жаткан абалда көрсөтүптүр. Анын жанында мемориалдык доска турат, доскада баатырды бөлүктүн өздүк составынын тизмесине түбөлүк жазуу жөнүндөгү СССР Коргоо министринин сөзү жазылган. Ушул эле жерде граниттен чегилген баатырдын бюсту бар. Бөлүктө Советтер Союзунун Баатыры Б. Л. Хигриндин ысымындагы приз белгиленген, ал жыл сайын социалисттик мелдеште жеңип чыккан подразделениеге тапшырылат.

Биздин аскерлердин өздүк составы дайым жаңырып турат. Алп ракетаны башкарган аскерлер да жаңырып турат. Согуштун бүткөнүнө көп жыл болсо да, баатыр-полктоштордун эрдиктери жөнүндөгү даңк чексиз баалуу эстафета катары жаш жоокерлерге берилүүдө.

Гвардиялык аскер бөлүктөрүнүн биринде кечки чакыруу мезгилинде күн сайын: «Петр Гутченко жана Александр Покальчук Мекенибиздин эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн кармашта баатырларча курман болушту»,— деген үн жаңырат. Жымжырттыкта айтылган салтанаттуу, зор сыймыктуу сөз жоокерлердин жүрөктөрүнө сиңип, жоокерлердин катарында түбөлүккө калган баатырлардын чексиз кайраттуулугун эске салат.

1942-жылдын аптаптуу август айынын күндөрүнөн бери кыйла жыл өттү, ошол күнү Дондун жайыгында Клетская станциясынын аймагында аткычтар полку чабуулга өткөн. Чабуул тездик менен өрчүдү, жеңиш жакын калган, бирок фашисттик дзоттон пулемёт ок жаадырды. Пулемёттун огу жоокерлерди баш көтөртпөйт.

Ошол маалда жоокерлер эмне жөнүндө ойлонуп жатышты дейсиз? Бир кадам артка жылмай жок. Милдетти аткаруу керек — алдыга жылуу, белгиленген чекке жетүү керек.

Саясий жетекчинин орун басары Петр Лаврентьевич Гутченко алдыга, дзотко карай сойлоду. Анан чымынкуюн болуп жетип барып дзоттун амбразурасын өз денеси менен калкалады. Бирок гитлерчилер баатырдын денесин түртүп салышты. Пулемёт кайрадан ок бүркүп кирди. Ошондо жоокерлер дагы бир эрдикти көрүштү, алардын командири кенже лейтенант Александр Антонович Покальчук өйдө туруп душман дзотуна чуркап жетип, анын амбразурасын денеси менен жаап калды.

Жоокерлер ошол замат жапырт чабуулга өтүштү. Эми алардын кысымына эч ким туруштук бере алмак эмес... «Коммунист Гутченко менен комсомолец Покальчук өздөрүнүн өлүмү менен жеңишке жол салды. Биз аларды эч качан унутпайбыз» деп жазган баатырлардын эрдиги жөнүндө дивизиянын газетасы 30-август, 1942-жылы.

Петр Гутченко менен Александр Покальчукту бөлүктө эч ким унуткан жок, алардын эрдиги жөнүндө ар бир жоокер билет жана эстеринде сакташат. Алардын бардык өмүрү, чыныгы баатырлардын кыска, оттой жаркын, мөлтүр булактай таза өмүрү жаш ракетчиктер үчүн үлгү болуп калды.

Полктоштору Гутченко менен Покальчуктун баатырдыгы жөнүндө эстелик тургузушту. Анын жанында жыл сайын, алар эрдик жасаган күнү жаш жоокерлер Мекенге берилгендиги жөнүндө ант беришет. Митингилердин биринде жаш ракетчиктер мындай ант беришти: «...Мезгил өткөн салгылаш талааларындагы траншеяларды тундуруп салды, бирок ал совет элинин эрдигин муундардын эсинен жууп кетире албайт. Советтик Армиянын Совет бийлигинин жылдарындагы өлбөс-өчпөс эрдиктери жөнүндөгү баатырдык повесть аскердик алтын ордендер менен, тууларында ордендик ленталар менен белгиленген. Мекенге, партияга берилгендик туурасында алоолонгон кызыл туунун астында ант беребиз. Совет өлкөсүн коргоочулардын патриоттук милдетин аткарууда кан-жаныбызды, жаш өмүрүбүздү аябайбыз деп ант беребиз...»

Бул гвардиялык ракеталык бөлүк Октябрдын таңын-

да жаралган жана Ракеталык аскерлердин эң мыктыларынын бири болуп саналат. Бөлүк ракета атуу боюнча ондогон аскердик окууларды эң мыкты өткөрдү. Анын өздүк составы Москвада Кызыл Аянтта аскердик параддарга кыйла жолу катышкан, анда өздөрүнүн мыкты машыккандыктарын, ракеталык куралдын күчүн жана каардуулугун көрсөтүштү.

Колоннанын башында парадда аскердик туу менен машина бара жатат, ал туу граждандык согуштун каардуу жылдарында жоокерлер менен бирге болгон. Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында аларды эрдиктерге шыктандырган. Согуштун көптөгөн кандуу жолдорун басып өткөн бул туу чексиз баалуу реликвия жана аскердик даңктын символу катары бөлүктө сакталып турат. Мезгилдерди баштан өткөрүп оңуп кеткен бул туу-да «ВЦИКтен» деген жазуу даана көрүнөт.

Ардактуу наам алып жүргөн бөлүктөрдүн биринин аскердик даңк бөлмөсүндө кутуда бир ууч топурак сакталып турат. Бул топурак бөлүктүн өздүк составы уруштардын биринде фашисттик баскынчыларды өзгөчө катуу талкалаган жерден алынган.

Казармалардын биринде тыкан жыйнакталган эки кровать турат. Алар чарчап-чаалыккан жоокерлер Петр Гутченко менен Александр Покальчукту күтүп жаткандай көрүнөт. Ал кроваттарга жанаша баатырлардын иштерин улантуучулардын кроваттары турат, алардын ой-максаты, аракети кызматты болушунча жакшы аткаруу, социалисттик милдеште жеңип чыгуу жана баатырлардын наамындагы призди жеңип алууга багытталган.

Мына, бөлүктүн территориясынын ортосуна орнотулган обелиск. Төбөсү көкөлөгөн бул эстеликте мемориалдык жазуу бар, бөлүктүн өздүк составы аскер бөлүктөрүнүн ичинен биринчилерден болуп күжүрмөн дежурствону кабыл алгандыгын күбөлөйт, андан ары күжүрмөн вахтада биринчилерден болуп тургандардын фамилиялары аталат. Фамилиялар Советтер Союзунун Баатыры лейтенант Григорий Карпович Нестеренкодон кийин жазылган, анын фамилиясы бөлүктүн тизмесине түбөлүк киргизилген. Салтанаттуу майрам күндөрүндө жана юбилейлик даталарда обелискинин жанында даңк оту тутандырылат. Бул жерде жаш жоокерлер аскердик ант беришет. Анын жанында өткөн согуштун вете-

рандары менен жолугушуу болуп турат, жаш солдаттарга комсомолдук билеттер тапшырылат.

Башка гвардиялык ракеталык бөлүктүн тизмесине Советтер Союзунун Баатыры, улуу лейтенант Александр Анатольевич Космодемьянский түбөлүк киргизилген. Жоокерлер баатырдын ысымын ыйык тутушат. Алардын колу менен эстелик — монумент тургузулган. Анын жанында салтанаттуу аскердик ритуалдар өткөрүлөт. Бөлүктүн комсомол уюму Москванын Советтер Союзунун Баатырлары Зоя жана Александр Космодемьянскийлер атындагы 201-мектеби менен тыгыз байланышып турушат. Бөлүктө мектеп окуучуларынын делегациялары дайыма болуп турат. Алар аскердик даңк бөлмөсүн, лениндик бөлмөлөрдү көрүшүп, бөлүктүн тарыхы менен таанышышат.

Жаштар арасында музейлерге экскурсия, аскердик даңктуу жерлерге жүрүшкө чыгуу сыяктуу патриоттук иштердин ар кандай формалары кеңири колдонулат. Жакында жоокер ракетчиктердин тобу капитан И. А. Флеровдун реактивдүү артиллериясынын биринчи батареясы согушуп өткөн жерлерде жүрүштө болуп келишти. Бул кызыктуу жүрүштү биздин саясий жетекчилер, тирүү калган батареянын жоокерлери жана легендарлуу «катюшанын» инженер-конструкторлору уюштурушкан. Жоокерлер бүт жолду Орша станциясынан — жоокерлердин немецтик-фашисттик аскерлердин топтолгон жерине биринчи залп берген жерден жана батарея акыркы жолу баатырдык менен салгылашкан жерге — Смоленщинадагы Рославль шаарына чейинки жолду басып өтүштү. Бул 1941-жылы 7-ноябрда болгон эле. Батареянын өздүк составы курчоодо туруп урушуп жатты. Снаряддарды атып бүтүп, жоокерлер реактивдүү установкаларды жардырып, буюмдарын жок кылышат, алар ошол кезде жаңы болуп эсептелген бул куралдын сырын душман билип албасын деп ошентишкен. Теңдешсиз салгылашта батареянын командири капитан И. А. Флеров каза болду. 176 жоокер жана командирлерден салгылаштан кийин 46 жоокер гана тирүү калган.

Реактивдүү миномёттордун биринчи батареясы талкалангандан кийин тез эле алардын ордуна ондогон, жүздөгөн жаңы батареялар пайда болуп, душмандын көп аскерин, согуш техникасын жок кылышты.

Жүрүштүн учурунда анын катышуучулары митинг өткөрүшүп, өткөн согуштун ветерандары менен жолугушушту. Мына ушунун баары жаш жоокерлерге, ушул патриоттук иш чаралар өткөрүлгөн шаарлар менен кыштактардагы уландарга, кыздарга тарбиялык зор таасир калтырды. Фронтовиктердин эрдиктери жөнүндө бай материал чогултулду, ал кийин жалпы билим берүүчү мектептерде, аскер комиссариатында, өлкөнүн Коргоо коомдорунун окуу жана спорттук уюмдарында, аскердик бөлүктөрдө аскердик-патриоттук иштерде пайдаланылды.

Бул жерде фронтовиктер менен жолугушуулар жоокерлердин сезимине терең из калтыра тургандыгын, жаштардын моралдык-саясий жана иш аткаруучулук сапаттарын калыптандырууда терең таасир бере тургандыгын айта кетүү керек. Бөлүктөрдүн биринде активист-комсомолецтердин демилгеси менен «Мекенге баатыр фронтовиктердей кызмат кылабыз» деген темада кече уюштурулган. Ага Даңк орденинин кавалерлерин чакырышкан. Солдаттар менен офицерлердин эрдиктери жөнүндө В. Е. Однологов, А. К. Мороз, В. П. Гаповдор эсте каларлык сөз сүйлөштү. Элдик өч алуучулардын душмандын тылындагы иштери жөнүндө партизандык кыймылдын активдүү катышуучулары Я. И. Мельник, Я. Т. Бурченко сөз сүйлөштү. Жаш солдаттар менен сержанттар легендарлуу адамдарга суктанып карап жатышты, алардын ар бири өкмөттүк бир нече сыйлыктардын ээлери экен.

Өткөн согуштун катышуучулары менен болгон дагы бир жолугушуу жоокерлердин эсинде калды. Алар офицер А. В. Шальневдин жаш фронтовиктер жөнүндө айткандарын кунт коюп угушту.

Биз 18—20 жаштарда элек,— деди ал. — Бул эң сонун курак. Биз үчүн бардыгы алдыда тургандай сезилчү. Бирок көбүнчө биз ок бүркүп жаткан душмандын дзотторунун нечени кездештирдик. Биз машыккан, тайманбаган жоокерлер элек, өзүбүздүн батальонубуздун арасында чабуулга чечкиндүү кирип, душманды тыптыйпыл кылчубуз. Бирок баары тең эле Берлин менен Прагага жете алышкан жок. Силердин атаңар, чоң атаңар, фронтовиктер жанын кыйып күрөшкөн иш улантылууда. Мен, жаш полктоштор, силерге чакырык менен кайрылам: биздин Куралдуу Күчтөрдүн даңктуу кү-

жүрмөн традицияларын ыйык сактагыла жана күчөткүлө, дүйнөдө биринчи социалисттик мамлекеттин коргоочуларынын намысын, абийирин ар дайым бардык жерде сактагыла!

Кужурмөн традицияларды пропагандалоодо, жаштарды аскердик-патриоттук тарбиялоодо убакытын жана күчүн аябаган согуш ветерандарынын бири Петр Андреевич Горчаковду эске түшүрөбүз.

Биздин алдыбызда тарыхый фотография. Анда 24-июнь, 1945-жылы Москвада Кызыл аянтта Жеңиш парадын өткөрүү менен байланышкан бир эпизод чагылдырылган. 4-Украина фронтунун кошмо полкунун колоннасынын башында — аскер башчылары, алардын арасында генерал Л. И. Брежнев баратышат. Туу алып жүрүүчүлөрдүн ротасын 276-гвардиялык аткычтар дивизиясынын саясий бөлүмүнүн начальниги гвардия подполковниги П. А. Горчаков баштап баратат.

Эмгекчилердин үй-бүлөсүнөн чыккан, Октябрь менен куракташ П. А. Горчаков он алты жашынан шофёр болуп иштеген, андан кийин комсомолдук кызматкер болгон. Аскер кызматына чакырылаардын алдында райком комсомолунун секретары болуп иштеген.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында Брянск, Борбордук, 4-Украина фронтунда согушат, бардык жерде жогорку уюштуруучулук жөндөмдүүлүктү, эр жүректүүлүктү, кайраттуулукту көрсөтөт. Жоокерлердин арасында партиялык-саясий иштерди уюштура билчү, согуштук тапшырмаларды мыкты аткарууга шыктандыруучу. Полк чабуулду уюштуруп, бир топ шаарларды бошотот, Днепрди кечип өтөт. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 17-октябрь, 1943-жылдагы Указы менен полктун командиринин саясий иштер боюнча орун басары подполковник П. А. Горчаковго Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилет.

Азыр генерал-полковник Петр Андреевич Горчаков — Аскер Советинин мүчөсү, Стратегиялык маанидеги Ракеталык аскерлердин Саясий башкармасынын начальниги болуу менен бирге партия алдыга койгон милдеттердин аткарылышына ар дайым зор көңүл бурат. Маанилүү милдеттердин бири — жаштарды, жоокер-ракетчиктерди тарбиялоо.

Согуштун ветерандары менен бөлүктөрдө системалуу түрдө жолугушуу болуп турат. Аларды эреже ка-

тары комсомолдордун өздөрү уюштурууда, жаштарга идеялык-нравалык жана эмоционалдык таасир берүүнүн жаңы формаларын табышууда.

Мисалы, гарнизондордун биринде «Өткөн күндөрдүн даңкы өчпөйт» деген девиз алдында театралдашкан жүрүш уюштурулган. Жүрүштү бөлүктүн ветерандарынын колоннасы ачты, алардын ар биринин төшүндө кызыл бант төөнөлгөн, ал граждандык согуш жылдарындагы Кызыл армияга таандык экендигин символдуу билдирип турат.

Аянтта эми тачанка пайда болду. Анда легендарлуу комдив — В. И. Чапаев жана анын дайым бирге жүрчү адьютанты Петька бар. Тачанка комсомолдордун жана пионерлердин катарларынын жанына келип токтоду. Түз турган катарларды көрүп, Чапаев Петькадан сурайт.

— Бул ким?

— Жетимишинчи жылдардын жаштары, Василий Иванович,— деп жооп берет адьютант. — Булар биздин укум-тукумубуз, биз ушулар жөнүндө уруш арасында сүйлөшүп, кыялданчу эмес белек, биз ушулар үчүн жаныбызды бергенбиз...

— Булар жөнүндө билгим келет. Булар ата-бабаларынын даңкына татыктуу болду бекен?

— Ал жөнүндө кам санабагын, жолдош комдив. Советтик жаштар эсеп жеткис эрдиктерди көрсөтүштү жана көрсөтүп жатышат. Кайсы жерде кыйынчылык болсо, булар ошол жерде. Бул балдар партиянын чакырыгы боюнча Мекенди коргоого, эпкиндүү курулуштарда иштөөгө, бороон-чапкындарды биринчи тосуп, дың жерлерди өздөштүрүүгө, чөлдө, тайгада, түбөлүк муздак райондордо палаткада жашоого, космосту багындырууга, алдыда бара жаткандар үчүн сыймыктанууга дайым даяр...

— Мен ушул эң сонун жаштар менен сүйлөшкүм келет,— дейт Чапаев, мурутун чыйратып.

— Жаштар сенин үнүңдү угууга куштар, Василий Иванович. Алар күтүп жатышат...

Ошентип аянтта Чапаевдин үнү жаңырат:

— Шаттангыла, кубангыла балдар! Силер эң сонун мезгилде төрөлүп жашап жатасыңар. Бирок эсиңерде болсун, силердин кубанычыңар менен бактылуу турмушуңар чоң атаңардын, ата-энеңердин каны менен, Совет элинин зор күч жумшоосу менен курулган. Комму-

низмдин туусун алдыга силер алып жүрүшүңөр керек, бул болсо зор бакыт жана жоопкерчиликтүү иш. Советтик Мекендин келечеги силердин жаш колуңарда. Мекендин байлыгын сактай жана байыта билгиле. Тынчтыкты коргогула! Ал бардыгына керек, анткени тынчтык бул элдердин бактысынын жана гүлдөшүнүн негизи. Жана да бул эсиңерде болсун; силер коммунизмди сөзсүз курушуңар керек, ал жөнүндө адамзаттын эң мыкты акылмандары ойлонушкан жана ал үчүн эң көп жаш, эң сонун өмүрлөр берилген!

Граждандык согуштун легендарлуу баатырларынын бул жалындуу сөздөрүнө жаштар төмөндөгүдөй ант менен жооп беришти:

— Владимир Ильич Лениндин ысымындагы ушул аянтта, биз, Чапаевдин жана Корчагиндин неберелери, Матросовдун жана жаш гвардиячылардын балдары, улуу Лениндин осуяттарына, партиянын, Октябрдын ишине бүт өмүр бою берилип жашайбыз. Ленинизм идеяларынын оту, күрөштүн оту, революциянын оту жүрөгүбүздө түбөлүк өчпей жанат!

Өмүрүбүздүн ар бир күнүн жана саатын, жүрөгүбүздүн ар бир согушун Мекенге арнайбыз деп ант беребиз. Коммунизмди куруп жаткан элибиздин эмгектик жаратууларына ар дайым активдүү катышабыз!

Бардык элдердин ортосундагы тынчтыкты жана достукту ар дайым чыңдайбыз деп ант беребиз!

Мекенибизге, элибизге, Коммунисттик партияга жана Совет мамлекетине салтанаттуу убада бербиз: Ленинче жашайбыз жана эмгектенебиз, өлкөбүздү Лениндик жол менен — коммунизмдин жолу менен алып бара жаткан партиянын ишенимдүү жардамчысы болобуз.

— Мекенибиздин атак-даңкы үчүн биз аталарыбыздын жолу менен барабыз! Ошон үчүн ант беребиз! Ант беребиз! Ант беребиз!

Майрамдык манифестация кечке чейин созулду. Аянтта жана ага жакын жерлерге топ-топ болуп чогулушкан жаштар ветерандардын эскерүүлөрүн кунт коюп угушуп, революциялык жана патриоттук ырларды ырдашты.

Аскер бөлүктөрүндө полктоштору менен, Мекен үчүн салгылашта каза болгон фронтовиктердин тууугандары менен кат алышуу сыяктуу аскердик традицияларды пропагандалоонун формасы жайылтылып, өрчүүдө.

Бөлүктөргө чын жүрөктөн жазылган каттардан бөлөк баалуу реликвиялар: ветерандардын комсомолдук билеттери, сыйлоо күбөлүктөрү, ардак грамоталары, фотографиялар, баракчалар, согуш мезгилиндеги фронттук жана жергиликтүү газеталардан кесиндилер, баатырлардын өздөрүнүн жеке буюмдары түшүп турушат. Өздөрүнүн ырастыгы, айкындыгы жана кайталангыстыгы менен алар жоокерлердин көңүлүн өздөрүнө терең буруп, аларга тарбиялык зор таасир беришет.

Азыркы шарттарда өздүк состав менен тарбиялык иш жүргүзүүдө пропаганданын ар кандай техникалык каражаттары колдонулат. Клубдарда көркөм жана аскердик-патриоттук маанилүү фильмдер үзгүлтүксүз көрсөтүлүп турат. Бөлүктөрдө аскердик традициялар, баатырлар, жоокерлердин бош убактылары жөнүндө кино ышкыбоздору өздөрү фильм тартышат. ВЛКСМ Борбордук Комитетинин демилгеси менен бөлүктөрдүн биринде «романтиктер» деген ышкыбоздордун киностудиясы түзүлгөн, ал бөлүктүн адамдары, анын ветерандары жөнүндө бир нече документалдуу фильм тартып чыгарды. Алардын ичинен Улуу Жеңиштин 30 жылдыгына арналган «Баатырлар өлбөйт» аттуу фильм мактоого татырлык.

Бөлүктүн китепканалары менен клубдары окурмандардын конференцияларын, советтик жазуучу жана акындар менен жолугушууларды системалуу түрдө уюштурушат, аскердик адабияттар жөнүндө обзор беришет. Жаңы баштаган прозаик жана акын жоокерлер менен кызыктуу иштер жүргүзүлөт. Мисалы, комсомолдун жетекчиси болгон офицер И. О. Семенцов иштеген бөлүктө адабий кружок иштейт, ага аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлөлөрү катышат. Алар тажрыйбалуу саясий кызматчылардын жардамы менен «Верность» деген жыйнак чыгарышат, анда патриоттук иштер чагылдырылат. Ушул кружоктун мүчөлөрүнүн демилгеси менен: «Баатыр болуп төрөлүшпөйт», «Поэзиянын канаты», «Сага, Мекеним» деген темаларда бир нече адабий кечелер өткөрүлгөн, бул кечелер өздүк составдын кызыгуусун туудуруп, жаштарды тарбиялоонун таасирдүү каражаты болуп кызмат кылды.

Бир эрдик жөнүндө сөз кылыш үчүн ал эрдик жөнүндө жакшы билүү керек. Ошондуктан командирлер менен саясий жетекчилер, партиялык жана комсомол-

дук активисттер фронтовиктердин — биздин аталардын, улуу жолдошторубуздун душман менен болгон салгылаштарда жасаган эрдиктери жөнүндө айтуу менен бирге, алар каармандыктын, кайраттуулуктун үлгүсү болуп калышы жөнүндө жаштарды сүйүктүү Мекенибиз үчүн баатырдык иштерге шыктандырып туруусу жөнүндө кам көрүшөт.

Армияда жана флотто үлгүлүү кызмат өтөөнүн негизги шарты адамдарды толук билүү болуп эсептелет: ар бир командир өзүнө баш ийгендердин фамилиясын, атын жана атасынын атын, мүнөзүн, шыгын, үй-бүлөсүнүн абалы жөнүндө керектүү маалыматтарды толук билип жана текшерип байкап турушу керек; баш ийүүчүлөр өз кезегинде өздөрүнүн түздөн-түз баш ийген жана жогорку начальниктерин жакшы билиши керек. Бул шарт бизде дайым аткарылат. Бул аскердик коллективде ишти жакшы жүргүзүүгө, аскердик жана саясий даярдыктарда жогорку көрсөткүчтөргө жетишүүгө көмөк берет.

Бирок, бөлүккө жаңы келген жоокерлердин арасында өздөрүнүн эне-атасы жөнүндө туура, так айтып бере албаган, чоң ата, чоң энеси, жана жакын туугандары жөнүндө бир ооз айта албаган уландар кездешет. Мындай фактыларды «Биздин таржымал» деген теле-берүүдөн да көрүп жүрөбүз. Өлкөнүн Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60-жылдыгына арналган берүүдө, атап айтканда ушул берүүнүн биринчи сериясында, совет элинин өткөндөгү баатырдык иштери көрсөтүлүп жатканда, корреспондент бир топ пионер жана комсомолецтерге: «Силердин чоң атаңар, чоң апаңар ким болгон?» — деген суроо менен кайрылган. Алар түшүнүксүз жооп беришти. Балдар өздөрүнүн ата-бабаларынын баатырдык иштери жөнүндө билбегендери мындай турсун, жөн эле алардын атын, атасынын аттарын билишпегендиктен уялып, кысталып турушат.

Мындай абал бул кемчиликтерди жоюу туурасында ойлондурат. Бул багытта менин оюмча төмөндөгүдөй иш жүргүзүү керек: ар бир үй-бүлөдө укум-тукумдун тарыхы сыяктуу кооз альбом түзүлүп, анда жакын туугандарынын сүрөттөрү жана алардын жашаган жылдары өткөндөгү жана азыркы сиңирген эмгектери чагылдырылышы керек. Мындай альбомдор, үй-бүлө реликвиясы болуу менен бирге кийинки муундар тарабынан толук-

талат, андан өзүнүн ата-бабаларын таанып билишет, улуу муундардын даңктуу традициясында өзүн-өзү тарбиялоонун көрсөтмөлүү жана таасирдүү каражаты катары пайдаланышат.

Жаштарды революциялык, аскердик жана эмгек традицияларында тарбиялоодо, аларды аскердик кызматка даярдоодо өлкөбүздөгү жалпы билим берүүчү орто мектептер жана кесипчилик-техникалык окуу жайлар, ДОСААФтын окуу уюмдары, окуу пункттары, аскер комиссариаттары, маданий агартуу мекемелери зор, жемиштүү иштерди аткарып жатышат. Мунун натыйжасында аскердик милдетин өтөө үчүн келишкен жаш жоокерлер бөлүктөрдө, кораблдерде ишти кыйналбай алып кеткендиктери байкалып турат.

Каармандык сабактарында, тарых, аскердик жана атайын даярдоо сабактарынын жүрүшүндө окуучулар совет элинин жана анын баатыр Куралдуу Күчтөрүнүн басып өткөн даңктуу жолу жөнүндөгү өздөрүнүн мугалимдеринин, насаатчыларынын толкунданткан аңгемелерин кызыгуу менен угушат, аскердик сабакка тартылышат, акырындап чоңоё берет, келечекте аскерге чакырылуучу күнгө өзгөчө жоопкерчилик сезим менен даярданышат.

Эгерде ар бир каармандык сабактары, ар бир занятие, аскердик-патриоттук иш-чаралар ойлонуштурулуп, уюштурулуп жана таасирдүү өткөрүлө турган болсо, алардын ар бирине баатырлардын — Мекенди коргоочулардын эрдиги ишенимдүү, ачык-айкын баяндала турган болсо, балдарда фронтовиктердей болуу, аларга окшош болуу сезими пайда болот, учкуч, танкист, моряк, ракетчик, чек арачы болгулары келишет... Бул жерде өспүрүмдүн дилгирленүүсүн өз убагында колдоого алуу, көздөгөн максатын ишке ашырууга жардамдашуу өзгөчө маанилүү.

Улуулар өспүрүмдөргө ар дайым камкордук көрүп турган, алардын кызыгуусун колдоп турган коллективдерде татыктуу граждандар, чыныгы патриоттор, чың денелүү, алдуу-күчтүү, эмгекчил, акыл-эстүү, алоо жүрөк уландар жана кыздар өсүп чыгып жаткандыгын тажрыйба көрсөтүүдө. Эгерде мектепте жана үйдө өспүрүмдүн тарбиясына үстүртөн мамиле кылса, анын кызыгуусуна, каалоосуна кайдигер карашса, чыгармачылык ишке тартышпаса, анын көз карашы чектелип өсөт. Со-

веттер Союзунун Коммунисттик партиясынын XXV съездинде айтылгандай, мещандык, майда буржуазиялык психологиянын рецидивдери качан материалдык мүмкүнчүлүктөрдүн өсүшү адамдардын идеялык-нравалык жана маданий деңгээлин ар дайым өстүрүү менен бирге айкалышпаган учурларда пайда болот.

Мүмкүн 1976-жылдын 7-октябрында «Комсомольская правдага» чыккан «Мезгилдин жандуу байланышы» аттуу макаланы көпчүлүк кызыгып окуп, эсине тутуп калышкандыр. Анын автору КПССтин XXV съездинин делегаты, СССР Жогорку Советинин депутаты, Улуу Ата Мекендик согуштун ветераны генерал-майор Э. Б. Нордман жаштарды коммунисттик тарбиялоо, жаштар менен иштөөдөгү таасирдүүлүк жөнүндө абдан актуалдуу маселе көтөргөн. Анда ал иштин маңызы — күндөлүк турмушту коомго керектүү жана пайдалуу мазмун менен, акыл-эстүүлүк менен толуктоо деп көрсөтөт, ошону менен бирге, ал ар бир жаш адамга индивидуалдуу мамиле жасап, тарбиялык иш жүргүзүү керектигин өзгөчө белгилейт. Анын: «Адам өзүнүн негизинде ар дайым жакшы нерсеге умтулат. Ошондуктан бул умтулуудан кетенчиктей баштагандарды убагында жакшы жолго салып жана ага жардам бере билүү керек. Турмушта ар кандайлар болот. Анын бир уюлунда жалындоо жана каармандык, башка уюлунда жүзүкаралык жана коркоктук. Адам өзүнүн жашоо турмушунда анын кайсы уюлуна жакын болот? Жаштар менен тарбиялык иш жүргүзүүнүн башкы маселеси ушул».

«Мезгилдин жандуу байланышы» деген бул макалада коммунисттик адептүүлүк жөнүндө, жаштардын өзүнүн мүнөзүн калыптандырууда аң-сезимдүүлгүн, өзүн-өзү тарбиялоонун, өзүнө сын көз менен кароонун, өзүн анализдөөнүн маанилүү экендиги жөнүндө ачык-айкын жана даана айтылган. Бир сөз менен айтканда — уландар менен кыздарга, ошондой эле бардык тарбиячыларга жашына жана кызматына карабастан ойлоно турган жана үйрөнө турган иш бар.

Мезгилдин жандуу байланышы — закон ченемдүү, объективдүү көрүнүш. Биздин өлкөдө согуштун кесепетин тартпаган бир да үй-бүлө жок деп айтсак болот. Азыр адамдардын жаңы мууну өсүп чыкты. Бактысына жараша, жетимишинчи жылдардын жаштары, эч убакта кара кагаз окушкан эмес, кайгыдан чачы агарган адам-

дарды көргөн эмес. Алар согуш жөнүндө китептерден, фильмдерден жана фронтовиктердин айтуусунан гана билишет. Ошондуктан, партиянын ветерандары, согуштун жана эмгектин баатырлары менен жаштардын өз ара тыгыз байланышы, жаштарга улуу муундар чогулткан бай тажрыйбаны бербей туруп, уландар менен кыздарды тарбиялоого мүмкүн эмес.

Улуу Ата Мекендик согуштун ветерандарына баатырдык өткөн күндөр жөнүндө жаштардын алдында көп жолу сөз сүйлөөгө туура келет. Ачыгын айтайын, жаштардын алдында мындай сөз сүйлөө башынан көп нерсе өткөн фронтовиктер үчүн да кыйын болот. Бул учурларда алар өзүнүн башынан өткөндөрүн жана тарткан кыйынчылыктарын эскерүү менен бирге, фактыларды жана окуяларды объективдүү баалай алышпаган учурлар болот, ал эми жаштар аудиториясынын өсүп жаткан талабы аларды далилдүү баяндоо жоопкерчилигин көбөйтүүдө. Өткөн согуш жылдарында совет адамдары фронтто да, тылда да кайраттуулукту, каармандыкты көрсөтүшкөн. Азыркы жаштарга кайрылып жатып: «Силердин атаңар, энеңер, чоң атаңар эрдик көрсөтүп жатышканда, алар даңк жөнүндө да, сыйлык жөнүндө да ойлонушкан эмес. Алар өлүм коркунучу турса да, тайсалдабай алга басышкан жана жүрөк каалоосу боюнча, Мекендин чакырыгы боюнча жаркын өмүрлөрүн кыйышкан, балдарынын, өз элинин бактысы үчүн жеңишти камсыз кылышкан»,— деген сөз сөзсүз оюңа келет.

Советтик адамдар жыл сайын 9-майда Жеңиш Күнүн майрамдашат — бул өзгөчө салтанаттуу бүткүл элдик майрам.

Ооба, ырда ырдалгандай, Жеңиш Күнү «ок-дары жыттанып», аны ветерандар «буурул чач» болсо да тосуп, майрамдашат. Алардын көпчүлүгү өзүнүн согуштагы жолдоштору, командирлери менен жолугушканда көздөрүнө жаш алышат.

Улуу Жеңиштин күнү өлкөбүздүн бардык граждандарына: карыларга, орто жашагандарга, жаштарга да өзгөчө кымбаттуу күн, Мекендин душмандары менен болгон согушта аталары, энелери, чоң аталары, агалары жеңип алган даңктын нуру ар бир советтик адамга тийип жатат.

Жылдар өтөт, жаңы муундар өсүп чыгат. Бирок биз-

дин ызааттуу тукумдарыбыз көп миллиондуу совет элинин фашисттик баскынчыларга каршы баатырдык күрөшүн бардык учурда эсинде сакташат.

«Биздин Мекенибиздин тарыхындагы согуштардын ичинен узак, эң оор согушта,— деп айтылат КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө» деген токтомунда,— Совет эли адамзат мурда билбеген теңдеши жок эрдик көрсөттү. Ал жалаң гана өзүнүн эркиндигин, көз карандысыздыгын сактап калбастан, европалык жана бүткүл дүйнөлүк цивилизацияны фашисттик варварлардын жок кылуусунан сактап калуу ишине чечүүчү салым киргизди».

Согуштун катышуучулары сан жеткис сыноолорду, кыйынчылыктарды башынан өткөрүштү. Бирок алар Мекен алдындагы милдетин абийирдүүлүк менен акыр аягына чейин аткарышты, анын коргоочулары деген наамды булгашкан жок, полктору менен дивизияларынын аскердик тууларын өчпөс даңкка бөлөштү, социалисттик Мекенинин эркиндигин жана көз карандысыздыгын сактап калышты, советтик жана башка бир туугaн элдерге Жеңишти жана бейкут турмушту алып келишти.

Согуштун жана эмгектин ветерандары бизде партиянын, мамлекеттин, бүткүл элдин кадырлоосуна, камкордугуна алынган. «Эч ким, эч нерсе унутулбайт» деген патриоттук кыймыл биздин коомдун жашоо нормасы болуп калды. Партиянын жана элдин ар дайым көрсөтүп жаткан камкордугуна ветерандар жаратуучу эмгекке активдүү катышуусу менен жооп берүүдө, алар жаштардын насаатчысы болуп калышты.

Жаштар үлгү ала турган адамдарыбыз аз эмес. Ал үчүн азыр жашап жаткан согуш жана эмгектин ветерандарына кайрылуу гана жетиштүү болот. Анткени, алардын ар биринин өмүрү-жазылбаган китеп. Сыртынан сыпаа, башкалардан айырмасы жок адамдар, бирок жоокердик жана эмгектик зор тажрыйбасы бар адамдар, турмуштук зор акылмандуулукка ээ болгон, идеялык жактан эң мыкты такшалган адамдар. Алар совет адамдарынын фронтто жана тылдагы каарман эрдиктери жөнүндө эң сонун айтып бере алышат жана мурда жеңип алынгандар жана курулгандар сарамжалдуулук менен сакталат, көбөйтүлөт деген ишеним менен жаштарга өздөрүнүн чексиз баалуу билимин эстафета кылып өткөрүп берүүгө жөндөмдүү.

Аталар өздөрүн аяшкан эмес, каармандуулук менен күрөшкөн, эмгектенишкен жана балдарынын бактысы үчүн ар дайым жеңип келишкен. Ошондуктан уландар жана кыздар, комсомолдор жана пионерлер, ушуларды эч убакта унутпагыла; согуштун, эмгектин инвалиддери менен ветерандарына, курман болгон фронтовиктердин үй-бүлөлөрүнө ардактап мамиле кылгыла, камкордук кылгыла. Мекенибиздин жалындуу патриоттору болгула, улуу муундун баатырдык традицияларын татыктуу улантуучулардан болгула.

3—238

## ЖООКЕРДИК КЫЗМАТ АРДАКТУУ ЖАНА ЖООПТУУ КЫЗМАТ

Мекенибиздин негизги закону — СССРдин Конституциясы,— биздин көп кырдуу турмушубуз ушул закондун духунда түзүлгөн, ал эмгекчилерге зор укуктарды — эмгекке, дем алууга, билим алууга жана көптөгөн башка иштерге укук берген, ар бир советтик адамга чыныгы эркиндикти, теңдикти, мамлекеттин жана коомдун иштерин башкарууга активдүү катышууну камсыз кылган. Бул укуктар менен граждандардын ыйык милдеттери: советтик закондорду так аткаруу, эмгек тартибин катуу сактоо, социалисттик коомдун эрежелерин кадырлоо, коомдук милдетине ак ниет мамиле кылуу, коомдук, социалисттик менчикти сактоо жана чыңдоо милдеттери менен ажырагыс байланыштуу.

Конституцияга, жалпы аскердик милдет жөнүндөгү СССРдин Законуна ылайык өлкөнүн бардык граждандары расалык жана улуттук ар түрдүүлүгүнө, динине, билимине, көчмөн же отуруктуу экендигине, социалдык жана мүлктүк абалына карабастан Куралдуу Күчтөрдүн катарында аскердик кызмат өтөй тургандыгы белгиленген. Аскердик кызмат, социалисттик Мекенин коргоо советтик граждандардын ыйык, эң жогорку жана ардактуу милдети болуп саналат.

Бизде ар бир коомдук пайдалуу эмгек барктуу жана кадырлуу. Металлург, шахтер, дыйкан, педагог, врач, окумуштуу жалпы бир иш аткарышат, өздөрүнүн каарман эмгеги менен коммунисттик коомду куруу ишине салым кошушат. Бирок өзгөчө ардактуусу — жоокердин кызматы. Советтик Куралдуу күчтөрдө аскердик кызмат

өтөөнүн ардактуу жана жооптуу мүнөздө болушу биринчи кезекте биздин мамлекеттин армиясы менен флотуна совет элинин бейпил, жаратуучу эмгегин коргоо, Улуу Октябрь социалисттик революциясын жеңип алгандарын, Советтик Мекенибиздин жана социалисттик биримдештик өлкөлөрүнүн эркиндигин жана көз каранды эместигин коргоо, тынчтыкты камсыз кылуу милдети жүктөлгөндүгү менен аныкталат.

Жылына эки жолу — жазында жана күзүндө Мекен алдында өзүнүн уулдук милдетин аткаруу үчүн он сегизге толгон советтик граждандар эң сонун жаңы толуктоо иретинде аскердик кызмат өтөөгө келишет. Аскер комиссариаттарынын чакыруу комиссиялары уландарды медициналык текшерүүдөн өткөрүшөт, аскердик адистиктерди тандоого жардам беришет, ар бир улан үчүн кызмат өтөөчү жерине жөнөөчү күн анын турмушунда орчундуу, бүткүл өмүр бою эсте кала турган окуя болуп калышына кам көрүшөт.

Чакыруу күндөрүндө аскер комиссариаттарына жана депутаттарга кат көп келет. Аларда ата-энелер уулун алдыңкы бөлүктөргө, анын ичинде ракеталык бөлүктөргө чектөөнү сураныщат. Ветеран-ракетчиктердин уулдарынын үй-бүлөлүк традицияны улантышына биз колдон келишинче жардам беребиз. Уулу атасынын жолун жолдосо — бул жакшы. Кээде каттарды окуп жатып өзүңө суроо берүүгө туура келет: алдыңкылар деп эмне үчүн Ракеталык аскерлерди гана эсептешет? Биздин Куралдуу Күчтөрдүн составында бардык аскер түрлөрү: Ракеталык, Жөө аскер бөлүктөрү, Аба чабуулунан коргонуу аскерлери, Аскердик-Аба Күчтөрү жана Аскер-Деңиз Флоту алдыңкы болуп эсептелишет эмеспи. Алардын ар биринде кайраттуу, жөндөмдүү, азыркы аскердик адистиктерди эң сонун өздөштүрүшкөн солдаттар жана матростор кызмат өтөшөт. Ошондуктан, эгер улан аскерге чакырылганга чейин атайын даярдыктан өтпөсө, бирок азыркы техника менен жабдылган бөлүктөрдө кызмат кылууга аракеттенсе, анда ага мотоаткыч, пулемётчу, гранатометчик, минометчик, матрос, сапёр болууну — аскер комиссариаты сунуш кылган бөлүккө барууну, кандай гана адистик болбосун аны өздөштүрүүнү чочубай туруп эле сунуш этүүгө болот. Ал эми жаш адам кезектеги жоокердик кызматта бардык жерде кызыктуу иш, моралдык канаттанууну таба алат деп ишенем!

Аскерге чакыруу — кызуу мезгил, мамлекеттик зор жана жоопту иш. Жаштарды аскер кызматына чакыруу күндөрү аскер комиссариаттары гана эмес, бардык даражадагы командирлер да зор иш аткарышат, алар жаңы келип жаткан жаш солдаттар менен матросторго жайгашууга, ысык жолугушууга, ынтымактуу жоокердик үй-бүлөгө биригүүгө керектүү шарт түзүшөт.

Биздин командирлер менен саясий органдар жаңы толуктоону кабыл алууну уюштурушат, ал кабыл алууда ар бир жаш жоокер бөлүккө келген биринчи күнүнөн тартып достук жана өз ара жолдоштук өкүм сүргөн аскердик коллективде өзүн жагымдуу чөйрөдөгүдөй сезген кырдаал түзүшөт.

Катуу тартип, туруктуу аскердик күн тартип, күн сайын болуучу аскердик окуу жаш солдаттардан зор моралдык жана дене күчтү талап кылат. Биз аларды аскердик оор турмушка ар дайым жана чыдамкайлык менен көнүктүрөбүз, элпектикке, жыйнактуулукка тарбиялайбыз. Командирлер менен саясий кызматчылар запаска бошоп жаткан жоокерлер жөнүндө кам көрүшөт; алардын ар бири өзүнө татыктуу жоокерди даярдоону, жаш жоокерлерге өз тажрыйбасын жана билимин берүүнү өзүмдүн милдетим деп эсептешине жетишишет.

Жоокердик кызмат ар жактуу жана татаал. Аскердик кызмат учурунда жоокерлер аскердик жана саясий даярдыкка байланыштуу ар кандай тапшырмаларды аткарышат. Алар согуштук куралдарын жана согуш техникасын өздөштүрүшөт, саясий билимдерге ээ болушат, өздөрүнүн аскердик кесибин терең үйрөнүшөт, дежурстводо турушат, жүрүштөрдө жана сыноолордо такшалышат, жеке жана коллективдик ыкмаларды жана аскердик иштердеги билгичтиктерди ар дайым өркүндөтүшөт, жашоочу жана кызмат имараттарында уставдык тартипти сакташат, маданий-массалык иш чараларга катышышат.

Илгертен келе жаткан традиция боюнча советтик жоокерлерге калкка стихиялык кырсыкка байланыштуу, ошондой эле түшүмдү оруп-жыюу учурунда жардам берүү үчүн жоопту тапшырмалар берилет. Мисалы, 1976-жылдын жайында жана күзүндө аскердик миңдеген автомобилдер өлкөбүздө өстүрүлгөн эгинди тартууга катышкан. Аба ырайынын кыйын шартында дан үчүн күрөш күнү-түнү токтогон жок. Көптөгөн аскер машина

айдоочулар айыл чарба продуктыларын тартуу боюнча күндөлүк нормаларын эки-үч эседен аткарып жатышты.

1976-жылдагы түшүмдү жыйноодо коммунисттер С. Ермак, К. Игнатенко, Ф. Сердюков, Н. Казимов, Г. Бараненко, И. Богданов жана башкалар башкарган автомобиль бөлүктөрү менен подразделениелер жогорку көрсөткүчтөргө жетишишти.

Бул жерде айыл чарба райондорунун бирине түшүм жыйноого жиберилген автомобиль бөлүктөрүнүн биринде өздүк состав кабыл алган социалисттик милдеттенменин мазмуну менен окурмандарды тааныштырып кетүүнү ылайык көрдүм. Жергиликтүү газетага 1976-жылдын 11-августунда жарыяланган ошол милдеттенменин сөзү.

«Кымбаттуу жолдоштор! Биздин көп улуттуу мамлекетибиздин турмушундагы даңктуу датага — Улуу Октябрдын 60 жылдыгына жакындап бара жатып, КПССтин XXV съездинин тарыхый чечимдерине шыктанган бүткүл совет эли эмгекте эң сонун жеңиштерге жетишип жатат.

Биздин Мекендин талааларында мол түшүм өстүрүлдү. 1976-жыл өлкөбүздүн дыйкандары үчүн өзгөчө жыл, ал жаңы ийгиликтерге жетишүүнүн старты болуп эсептелет.

КПСС БКнын Генеральный секретары жолдош Л. И. Брежнев өлкөбүздүн алдыңкы механизаторлоруна — КПССтин XXV съездинин делегаттарына жазган катында: «Кыска мөөнөттүн ичинде түшүмдү коромжусуз жыйноо, башка бардык айыл чарба жумуштарын жогорку сапатта иштөө — бул маанилүү эл чарбалык милдет»,— деп көрсөткөн.

Биз, жоокер-автомобилисттер, бул сөздөрдү 1976-жылдын — онунчу беш жылдыктын биринчи жылынын түшүм жыйноо боюнча мамлекеттик милдеттенмени жогорку сапатта аткаруу жөнүндөгү партиянын жана Мекендин наказы иретинде кабыл алдык.

КПССтин XXV съездинин чечимдерин аткарып жатып, аталган областтын айыл чарба эмгекчилери 1976-жылы 7 миллион тонна эгин жыйнап, мамлекетке 3,6 миллион тонна эгин сатуу жөнүндө милдеттенме алышкан. Райондун эмгекчилери эки жылдык планды аткаруу үчүн социалисттик мелдештин демилгечилери болуп чыгышкан.

Дыйкандардын патриоттук демилгесин биз, жоокер-автомобилисттер колдоого алып, «Мекендин талааларында эпкиндүү эмгек — КПССтин XXV съездинин чечимдерине биздин жообубуз» деген девиз алдында социалисттик мелдешке кошулабыз жана милдеттенме алабыз:

— Ленинче, коммунистче иштөөгө жана жашоого;

— күндүк эгин ташуу планын 180—200 процентке аткарууга. Жүк көтөрүмдүүлүгү 4 тонна болгон автомобилдин айдоочуларына — 2 миң тонна, жүк көтөрүмдүүлүгү 2 тонна болгон машиналардын айдоочуларына — 1 миң тонна эгин ташуу милдеттендирилет;

— советтик жоокердин мыкты сапаттарын: каармандыкты, эмгектеги эрдикке даярдыкты, коллективизмдин жана аскердик жолдоштуктун мыкты үлгүсүн көрсөтүп, партиянын бүгүн жана эртең кечээкиге караганда жакшы иштейли деген талабын конкреттүү иш менен турмушка ашыруу;

— ар бир машинанын талаага бузуксуз чыгуусуна жана токтобой иштешине жетишүү. Машиналардын техникалык жарактуулугун ар дайым 0,9 коэффициенттен кем эмес кармоо;

— уюшкандыктын, тартиптүүлүктүн үлгүсү болуу, иши жана сөзү менен, жеке үлгүсү менен коммунисттик моралдын нормаларын бекемдөө, достуктун жана өз ара жардамдашуунун бийик принциптерин сактоо, жагымсыз, аморалдык жүрүш-туруштарга жол бербөө үчүн ар дайым күрөшүү, авария жана автомобилдик кырсыктарды бир жолу да болтурбоо;

— элдик жана аскердик мүлктү бардык жерде сактоо, эгин ташууда аны ысырапка учуратпоо, советтик жоокердин абийирин бийик сактоо, жоокердик милдетти ар дайым эсте сактоо;

— талаа шаарчасынын коомдук үлгүлүү тартипте сакталышы үчүн жана аскердик бийик маданият үчүн күрөшүү;

— алдыңкы жыйноочу-транспорт звеносу деген наам үчүн, иштин мыкты сапаты, жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүнө жетишүү, машиналардын техникалык мүмкүнчүлүгүн толук пайдалануу, алдыңкы технологияга, алдыңкы устаттардын методдоруна ээ болуу, жумуш убактысынын ар бир минутасын үнөмдөө, сменалык нормаларды аткаруу жана ашык аткаруу, түшүм жыйноо

мөөнөтүн кыскартуу үчүн мелдешке активдүү катышуу;

— ар бир комсомолецтин Улуу Октябрдын 60 жылдыгына карата КПСС Борбордук Комитетине Ленин комсомолунун Рапортуна кол коюу укугуна ээ болуу үчүн күрөшүүсүнө жетишүү;

— материалдык-техникалык каражатты үнөмдөө үчүн күрөшүү: аккумулятор батареяларынын иштөө мөөнөтүн узартуу, күйүүчү май, майлоочу майларды 10 процентке үнөмдөө, автомобилдердин амортизациялык мөөнөтүн 5 миң километрге жогорулатуу.

Биз, жоокер-автомобилисттер, түшүм үчүн улуу күрөшкө кошулуп, КПССтин XXV съездинин чечимдеринин аткарылышына каармандык эмгегибиз менен зор салым кошобуз. Бардык жоокер-автомобилисттерди райондун айыл чарба эмгекчилеринин зор демилгесин колдоого жана 1976-жылдын түшүмүн жыйноо боюнча партия менен өкмөттүн тапшырмасын абийирдүүлүк менен аткарууга чакырабыз!»

Бул жерде өздүк состав кабыл алган милдеттенмелерин ийгиликтүү аткаргандыгын жана ашык аткаргандыгын көрсөтө кетүү керек.

Армия менен флоттун 1976-жылдын түшүмүн жыйноодо иштеген автомобиль батальондорунун ар бири орто эсеп менен 1200 миң тоннадан айыл чарба продуктыларын ташышкан. Ал эми подполковник С. Ермак командалык кылган батальон 1780 миң тонна айыл чарба продуктыларын, анын ичинде миллион тоннадан көбүрөөк эгин ташышкан.

Л. И. Брежнев аскер автомобилисттерин эмгектеги зор жеңишин чын жүрөктөн куттуктап, армия менен флоттун каарман жоокерлерине жаңы ийгиликтерди каалаган. Эпкиндүү эмгеги үчүн көптөгөн автомобилисттер мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болушту, жергиликтүү партиялык жана советтик органдардын, ошондой эле Куралдуу Күчтөрдүн командованиесинин сыйлыктарына татыктуу болушту.

Өлкөнүн эмгекчилери, армия менен флоттун жоокерлери даңктуу датаны — Улуу Октябрдын 60 жылдыгын тосуп алууда жараткан жеңиштердин ичинен космосту багындыруучулардын — советтик космонавттардын, окумуштуулардын, конструкторлордун, инженерлердин, жумушчулардын зор ийгилиги өзгөчө орунду

ээлейт. Ракеталык-космикалык техниканы түзүүгө катышкан коллективдердин жана уюмдардын чыгармачыл зор эмгегинин, учкуч-космонавттардын чеберчилигинин, каармандыгынын натыйжасында «Салют-4» жана Салют-5» орбиталык илимий станцияларда узак мөөнөткө созулган космикалык экспедициялар ийгиликтүү аяктады, тарыхта биринчи жолу советтик жана америкалык «Союз», «Аполлон» корабдери биргелешип учушту. СССРде дүйнөдө биринчи жолу Венеранын бетинин — Жердин космостогу сырдуу кошунасынын фотографиялары «Венера-9» жана «Венера-10» станциялары аркылуу алынды. Биздин табигый жандоочубузду тегеренип «Луна-22» станциясы учууда. Жерге жакын орбитада «Радугалар», «Экрандар», «Космостор», «Интеркосмостор» үзгүлтүксүз иштөөдө.

Советтик космонавтиканын ийгиликтери менен жеңиштери партия менен өкмөт белгилеген илимий, эл чарбалык маселелерди чечүүгө, космосту тынчтык жолунда пайдалануу үчүн бардык мамлекеттер менен эл аралык кызматташтыкты кеңейтүүгө багытталган. Советтер Союзу космосту тынчтык жолунда, элдердин жыргалчылыгы үчүн, адамзаттын процесси жана гүлдөшү үчүн пайдаланууга бардык мүмкүнчүлүктөрүн жумшоодо.

Космосту пайдаланууга АКШ акыркы мезгилдерде башкача мамиле жасап жатышат, АКШда куралдардын жаңы түрлөрү ойлоп чыгарылууда. «Лос-Анджелес таймс» газетасынын билдирүүсү боюнча Пентагон «душмандын спутниктерин» талкалоо боюнча курал жасоонун жашыруун программасын АКШнын конгрессине билдирген. Жакынкы беш жылдын ичинде советтик спутниктерди «түртүп түшүрүүчү» аппарат түзүү пландаштырылып жатат.

«Космостун согуштук операциялар үчүн маанилүү боло баштагандыгына байланыштуу,— деп айтылат коргоо министерствосунун илимий-техникалык изилдөө башкармасынын жетекчисинин конгресске берген докладында,— мен бул программанын үстүндө ишти күчөтүүнү чечтим, ал эми 1980-жылы аппаратты сыноого киришебиз, ошондо биз 1982-жылы бул системаны кеңири жайылта алабыз».

Бул доклаДдын өтө жашыруун вариантынын копиясын «Лос-Анджелес таймс» алууга жетишкен, анда:

«Улуттук саясаттын кызыкчылыгында чет мамлекеттик спутниктерди четтетүү мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө фактысынын өзү өтө жашыруун болушу керек».

Пентагондун бул программасынын өзгөчө жашыруун экендиги бекеринен эмес, анткени ал мамлекеттердин космос мейкиндигин, анын ичинде Айды жана башка асман телолорун изилдөө жана пайдалануу боюнча эл аралык келишимдин принциптерине карама-каршы ишке ашырылып жатат, ал эми бул аталган келишимге Кошмо Штаттар да кол койгон.

Пентагондун докладында «спутниктер согуштук операцияларга жардам берүүчү каражат» деп түз эле көрсөтүлгөн. Бул докладды түзгөндөр, мүмкүн, өздөрүнүн пландары законго каршы экендигин билишсе керек, бул уятсыз документте «космос бүгүнкү күндө тынч болгону менен, ал качандыр бир мезгилде бузулууга тийиш» деп көрсөтүлгөн.

Бул жерде кошумча түшүнүк берүү ашыкча деп ойлойбуз. Космосто согуш жүргүзүү максатында жаңы куралдарды жасоонун америкалык программасы аны түзүүчүлөрдүн жана аларды колдоочулардын агрессивдүү максаттарына ачык-айкын далил болуп эсептелет.

КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү, СССРдин Коргоо Министри, Советтер Союзунун Маршалы Д. Ф. Устинов «Тынч эмгектин сакчысы, жалпы тынчтыктын тиреги» деген макаласында («Коммунист» журналы, № 3,1977-ж): «АКШнын милитаристтик чөйрөлөрүндө массалык кыргынга учуратуучу куралдардын жаңы түрлөрүн түзүү жолу менен СССРдин үстүнөн согуштук артыкчылыкка жетишүү үмүтүнөн али да болсо баш тартыша элек. Турмуш болсо мындай расчеттордун пайдасыз экендигин көп жолу далилдеген, ал эми аны практика жүзүндө ишке ашыруу АКШнын өзүнүн коопсуздугуна да коркунуч келтирери белгилүү. Мындай куралдардын жардамы менен Советтер Союзунун үстүнөн согуштук артыкчылыкка жетишүү жөнүндө ойлогондор мына муну: биздин өлкөнүн экономикасы, илими жана техникасы эң жогорку деңгээлде турарын, тынчтыктын душмандары колдонобуз деген куралдын кандай түрү болбосун аны биз эң кыска мөөнөттүн ичинде жасай ала тургандыгыбызды дайым эстеп жүрүшсө болмок. Советтер Союзу мындай жол менен барбай тургандыгын нечен жолу билдирген. Дал мына ошондуктан Со-

веттер Союзу Кошмо Штаттарда куралдардын жаңы түрлөрүн жана системаларын иштеп чыгуудан өз ара баш тартууну сунуш кылган».

Биздин бардык жоокерлер, СССРдин учкуч-космонавттары АКШда спутникке каршы куралды түзүүнүн программасы жөнүндөгү билдирүүнү, Советтер Союзуна каршы багытталган жана космостук изилдөө тармагындагы эл аралык кызматташтыкка зыян келтирүүчү Пентагондун бузуку, жашыруун ойлорун жана пландарын терең кыжырлануу, жийиркенүү менен кабыл алышты. Бул душмандык ойлор ишке аша турган болсо, ал тынчтыкты каалаган элдерге бейкут жашоого, үзүрдүү эмектенүүгө жолтоо болуп жаткан империалисттик агрессорлордун бетине жабылган дагы бир көө болору шексиз.

Биздин социалисттик коомдо ишмердиктин кайсы участогунда болбосун жогорку ийгиликтер чымыркanып үзгүлтүксүз эмгектенүүнүн, эмгектин гана натыйжасында жаралат. Чыгармачылык эмгек — бул ар дайым майрам жана кубаныч, зор эмоционалдуу чымыркануу, турмушта жогорку максаттарга жетишүүнүн башкы жана зарыл шарты, бул — адамга канаттануу алып келген сезим. Адам эмгеги менен асыл, эгерде бул эмгек адамдар үчүн, коммунисттик идеал үчүн болсо, андан бетер асыл. Мындай эмгекте адамдын өз күчүнө ишеними артат, коомго керектигин жана пайдалуу экендигин сезет. Биздин өлкөдө эмгек абийирдүүлүктүн, даңктын, каармандыктын булагы болуп калгандыгы бекеринен эмес.

Эмгек, эмгекти сүйүү — турмуш жагдайында ийгиликке жетишүүнүн бирден бир зарыл шарты. Бул бардыгына белгилүү чындык. Биздин дээрлик бардык адамдарыбыз эмгекти сүйүшөт, эмгек өндүрүмдүүлүгүн, жумуштун эффективдүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу үчүн күрөшүшөт, андан зор моралдык канаттануу жана тийиштүү материалдык сыйлык алышат.

Бирок жаштардын ичинен коомдун жыргалчылыгы жана өзү үчүн бүткүл күчү менен эмгектенүүнү каалабагандар али да жолугат. Алар биз үчүн башкалар иштеп коюшат деп тескери ой жүгүртүшөт. Жашыргыбыз келбейт, андай «кемчиликтер» солдаттардын ичинен да жолугат. Ошондуктан командирлер, саясий кызматчылар, партиялык жана комсомолдук уюмдар мындай индивидуумдарды туура жолго салуу, эмгекке тарбиялоо

үчүн көп иштешет. Мезгил өткөн сайын алар оңоло баштташат. А түгүл алдыңкы жоокер ,аскердик жана саясий даярдыктын отличниктери болуп чыгышат.

Ар бир эле жаш жоокер аскердик кызматтын катуу тартибине дароо эле тез, оңой көнө алышпайт. Бирок ал биздин жаштар үчүн саясий тарбиялануунун, чыдамкайлыктын жана тартиптүүлүктүн, керектүү моралдык-жоокердик сапатты калыптандыруунун, дене күч жактан чыңалуунун, бүткүл өмүр бою кала турган ар кандай эмгек ыкмаларын өздөштүрүүнүн эң сонун мектеби болуп эсептелет.

Совет эли өзүнүн армиясын сүйөт жана кадырлайт, ошондуктан жоокерлерге өзгөчө көңүл бурат жана кам көрөт. Жоокер элдин уулу — ал эл таккан милдетти, Мекендин сакчысынын кымбат милдетин абийирдүүлүк менен аткарууга аракеттенет.

Советтик жоокерлердин кызматы ардактуу жана жоопту. Алар эл жараткан байлыкты коргошот, эң кымбат, эң ыйык нерсе үчүн — социалисттик Мекенинин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн жоопту. Бүгүнкү алардын милдети Мекендин коопсуздугу, тынчтыктын иши үчүн чекте сак туруу!

Коммунисттик партия тынчтыкты сактоо жана чыңдоо, эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүү, жаңы согушту жана согуштук кагылышууларды болтурбоо үчүн туруктуулук менен ар дайым күрөшөт. Коммунисттик партия коммунисттик курулуш үчүн биздин элге эң сонун саясий тышкы мамилени түзүп берүүгө, мамлекеттер ортосундагы мамилелерде аскердик күчтү колдонууну эч убакта болтурбоого бүткүл аракетин жумшоодо.

Абалды жеңилдетүү тынымсыз жүргүзүлүшү керек, ал түшүнүктүү. Турмуш улам жаңы маселелерди пайда кылууда. Анын эң негизгиси болуп саясий абалды жеңилдетүүнү согуштук абалды жеңилдетүү менен бекемдөө маселеси эсептелет. Мезгилдин талабы ушу — куралдарды азайтуу, андан кийин жарыша куралданууга тыюу салуу, куралсыздануу жолуна өтүү керек!

Абалдын оорчулугун жеңилдетүүнү жактоочулар көбөйгөн сайын анын душмандарынын каршылыгы күчөөдө. Тынчтык менен согуш күчтөрүнүн ортосундагы күрөш күчөөдө, бул күрөш жалаң гана абалды жеңилдетүү боюнча чаралардын айланасында болбостон, абал-

ды жеңилдетүүнүн маңызы, анын максаты жана принциптеринин трактовкасынын айланасында да жүрүүдө. КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде: «Абалдын оорчулугун жеңилдетүүнүн жана куралсызданууну́н каршылаштарынын али да бир топ зор ресурстары бар. Алар ар түрдүү формаларда жана ар түрдүү багыттарда активдүү аракеттенип жатышат. Империализмдин агрессивдүү аракеттеринин мүмкүндүктөрү эми бир кыйла кыскарып калгандыгына карабастан, анын табияты мурдагы бойдон калып отурат. Ошондуктан тынчтыкты сүйгөн күчтөр өтө кыраакылыкты көрсөтүүлөрү зарыл»,— деп көрсөткөн.

Акыркы учурларда АКШнын жана НАТОнун башка мамлекеттеринин пропагандисттик органдары кайдагы бир күчөп бара жаткан «советтик коркунуч» деген имиш жөнүндө антисоветтик чуу көтөрүп жатышат. Алар ар кандай жалган ушактарды ойлоп табышып, СССР ядролук согуш ачууга даярданып жатат, аябай куралданып жатат деп таратышууда. Реалдуу чындык бул ушактардын толук бойдон жалган экендигин жана ал ойлоп табылгандыгын көрсөтөт.

Советтер Союзунун тынчтык саясаты баарына маалим. Ал жарыша куралданууга дайым каршы чыгып келген, буржуазиялык пропаганда жалган ушак таратып жаткандай, «биринчи сокку» уруш үчүн курал күчү жагынан артыкчылыкка ээ болууга эч качан умтулган эмес. Биздин өлкө куралдарды жана куралдуу күчтөрдү кыскартууну ар дайым жактап келген жана жактайт. Л. И. Брежнев Тулада сүйлөгөн сөзүндө айткандай, биздин өлкөбүздүн аракети «биринчи болуп да, экинчи болуп да сокку урууну болтурбоого, жалпы эле ядролук согушту болтурбоого багытталган... Биздин өлкө эч убакта агрессия жолуна түшпөйт, эч убакта башка элдерге каршы курал көтөрбөйт».

КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү, СССРдин Коргоо министри Советтер Союзунун Маршалы Д.Ф. Устинов жогоруда аталган «Тынч эмгектин сакчысы, жалпы тынчтыктын тиреги» деген макаласында көптөгөн орчундуу маселелерди терең ачып көрсөтүү менен бирге, НАТО блогундагы империалисттик мамлекеттердеги согуштук саясат тармагындагы чыныгы абалды — алардын агрессивдүү согуштук даярданууларынын болуп көрбө-

гөндөй өсүшүн, экономикасынын улам күчөп милитаризацияланып бара жаткандыгын, согуштук чыгымдардын уламдан улам өсүшүн, стратегиялык чабуулдук куралдардын жаңы түрлөрүнүн түзүлүп жатышын ж. б. ачык-айкын, далилдүү көрсөткөн.

СССР жана башка социалисттик өлкөлөр өздөрүнүн куралдуу күчтөрүн жыл сайын көбөйтүп турат деген ушакты сынга алып, Д. Ф. Устинов Советтер Союзу да, башка өлкөлөр — Варшава келишиминин катышуучулары акыркы бир топ жылдын ичинде өздөрүнүн куралдуу күчтөрүн көбөйтпөгөнүн, алардын сандык составы өзгөрүүсүз тургандыгын белгилеген. Тескерисинче, НАТОдогу империалисттик мамлекеттер өздөрүнүн армиясын сапаттык жактан өркүндөтүү менен бирге, куралдын санын көбөйтүүдө, жаңы аскердик формированиелерди түзүп, эл аралык мамилелерде оорчулукту пайда кылууда. Бул совет мамлекетин өзүнүн коргонуу потенциалын совет элинин тынч турмушун эч ким бузууга батына албай турган деңгелде кармап турууга, ал жөнүндө дайым кам көрүп турууга мажбурлайт.

Коммунисттик партия, Совет өкмөтү, СССРдин Коргоо министри, бардык командирлер, саясий кызматчылар жоокерлерибизди окутууга жана тарбиялоого, Куралдуу Күчтөрдүн жалпы аскердик даярдыгын күчөтүүгө ар дайым көңүл бурушат.

Аскердик даярдык — бул аскерлердин техникалык жабдылышынын, алардын аскердик такшалуусунун моралдык-саясий, психологиялык жана дене түзүлүшү жактан чыңалуусунун, уюшкандыгынын жана ар бир советтик жоокердин Мекен алдындагы жоокердик милдетин аткаруу үчүн эрдикке даяр турушунун уюткусу. Аскерлердин аскердик даярдыгын мүнөздөп келип, жолдош Л. И. Брежнев образдуу жана таамай айтып, анда «армияны жабдууда элдин эң зор аракети жана материалдык сарптоолору, бардык аскер кызматкерлеринин аңсезимдүүлүгү, аскердик такшалуусу жана тартиптүүлүгү, аскерлерди башкарууда командалык составдын искусствосу жана көптөгөн башкалар фокустагыдай чагылышып турат. Бул, жыйынтыгында келип, аскерлердин тынчтык убагындагы аскердик чеберчилигинин белгиси, согуш учурунда жеңиштин ачкычы» — деген.

Стратегиялык ракетчиктер, Советтик Куралдуу күчтөрдүн бардык жоокерлериндей эле, чеберчилигин өр-

күндөтүшүп, аскердик даярдыгын ар дайым өстүрүүдө, бул кандай гана агрессор болбосун дароо мизин кайтарууну камсыз кылат.

Кымбаттуу окурмандар! Командалык кылуу мага тапшырылган. Стратегиялык маанидеги Ракеталык аскерлер жөнүндө мен толугураак айтууну оң көрдүм.

Ата Мекендик илим менен техниканын жетишкендиктеринин негизинде биздин бөлүктөр менен подразделениелер азыркы эң жаңы ракеталар менен куралданган, ал өзү менен эң зор күчтүү зарядды алып жүрө алат, эгерде душман Советтер Союзуна жана социалисттик биримдиктеги өлкөлөргө каршы согуш ачууга аракеттенсе, кандай гана аралык болбосун басып өтүп, агрессорго таамай, кыйраткыч сокку урууга жөндөмдүү.

Советтик Куралдуу Күчтөрдүн бирдиктүү составдык бөлүгү — Стратегиялык маанидеги Ракеталык аскерлер ар дайым сак, секунда ичинде согушка даярдана алат. Мындай даярдык зарыл, эң керектүү, душмандын агрессивдүү аракеттерин болтурбоочу фактор болуп эсептелет, жана бул кыйраткыч ракеталык-ядролук куралдын эч ким тарабынан эч убакта колдонбосу үчүн көрүлгөн гумандуу максаттагы чара болуп эсептелет.

Күндүзү жана түндөсү, кышында жана жайында, аптапта жана жаан-чачында — ар дайым, абал талап кылгандыктан, стратегиялык ракетчиктер тынчтыкты коргоп, сактап турушат. Алар Советтик Куралдуу Күчтөрдүн даңктуу традицияларын: коммунизмдин ишине чын дили менен берилгендикти, социалисттик Мекенине болгон чексиз сүйүүнү, патриоттук, интернационалдык милдетине ишенимдүүлүктү мурас кылып алып, аны сактап жана өркүндөтүп жатышат.

Ракеталык аскерлердин окуу күндөрү түйшүктүү жоокердик эмгекке толгон. Аскердик даярдыкты мындан ары өнүктүрүү үчүн мелдешке активдүү катышышып, Ракеталык аскер бөлүктөрүнүн солдаттары, сержанттары, прапорщиктери жана офицерлери өздөрүнүн кызматында зор ийгиликтерге жетишип жатышат. Стратегиялык ракеталарды окуу максатында атуунун басымдуу көпчүлүгү эң жакшы баага аткарылат. Жылдан жылга бөлүктөрдө аскер ишинин мастерлеринин, класстык адистердин, спортсмен-разрядниктердин саны өсүүдө. Аскер коллективдеринин алдыңкыларынын арасында подполковник Ефименко командачылык кылган бө-

лук да бар. Бул бөлүк алты жылдан бери эң алдыңкы болуп эсептелет, жоокердик эмгекте бөтөнчө маяк болуп кызмат кылат.

Подполковник Крыжко командалык кылган дагы бир алдыңкы бөлүктүн өздүк составынын демилгеси ракетчиктердин күчүнө күч кошту. Бөлүктүн жоокерлери Ракеталык аскерлердин өздүк составына бир добуштан кайрылуу кабыл алышып, аскердик даярдыкты мындан ары өркүндөтүү үчүн, аскердик такшалууну жакшыртуу, жаңы техниканы тырышкандык менен өздөштүрүү, Улуу Октябрдын 60 жылдыгын татыктуу тосуу үчүн социалисттик мелдешке активдүү катышууга чакырган. Бул чакырык бардык ракеталык бөлүктөрдө кеңири колдоого ээ болуп, зор демилге менен кабыл алынды.

Зор ийгиликтер менен милдеттенмелерден жоокерлердин, командованиенин, партиялык жана комсомолдук уюмдардын зор, кыйын эмгегин көрүүгө болот. Алардан — тыкандыкты, ишенгендикти, демилгени, жалындуу патриотизмди байкайбыз, булар кыйынчылыктарды жеңүүгө, ар кандай татаал тапшырмаларды ийгиликтүү аткарууга көмөк берет. Ошондой эле, аскер коллективдери жетишкен ийгиликтери менен токтоп калышпагандыгы эң сонун. Алар аскердик жана саясий даярдыктын сапатын жакшыртуу үчүн, Ракеталык аскерлердин согуштук жөндөмдүүлүгүн жана аскердик даярдыгын жогорулатуу үчүн пайдаланылбаган резервдерди жана жаңы мүмкүндүктөрдү издеп жана табышууда.

Бардык жоокерлерге тиешелүү сапаттардын баары: уставдын жана көрсөтмөлөрдүн талабын так аткаруу, командир жана начальниктерге каяшасыз баш ийүү, ошо замат аракеттенүүгө даяр туруу ракетчиктерге да тиешелүү. Ошондой эле аларга кристаллдай чынчылдык, коллективизм керек. Анткени ракета — коллективдин куралы. Мына ошондуктан бизде, расчеттордун бир адамдай так иштөөсү талап кылынат. Бул жерде да чынчылдык, уюмдашкандык, бири-бирине ишенүү, шамдагайлык жана тактык адистердин ишинде өзгөчө мааниге ээ.

Өз Мекенинин коопсуздугун камсыз кылып, ракетчиктер сутка бою дежурстводо турушат, бул аскердик дардыктын эң башкы формасы. Жоокерлер өздөрүнүн постунан эч убакта кетишпейт жана аскердик буйрукту ошол замат аткарууга даяр. Ракетчиктер эч убакта бо-

шоңдошушпайт, анткени алардан кандай моментте болбосун бардык күчүн мобилизациялоону, зор моралдыксаясий жана жоокердик сапаттарды талап кылышаарын билишет.

Коммунисттик партия менен Совет өкмөтү биздин Куралдуу Күчтөр — совет элинин сыймыгы үчүн ар дайым кам көрүшөт. Партиянын жана мамлекеттин жетекчилери жоокер-ракетчиктерде көп жолу болушуп, алардын кызматы, жашоосу кандай өтүп жаткандыгына көңүл коюшкан, ракеталарды практикалык окуу иретинде атууларында болушкан. Алардын аскерлерди ар бир жолу келип көрүшү өздүк состав үчүн жооптуу экзамен болуп эсептелет.

КПСС БКнын Генеральный секретары Л. И. Брежнев жана КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү, СССРдин Коргоо министри Д. Ф. Устиновдун ракеталык бөлүктөрдү келип көрүшкөнү жоокерлердин эсинде түбөлүккө калды. Алар өздүк составдын аскердик жана саясий даярдануусунун бардык маселелерине кунт коюшуп, солдаттар, сержанттар, офицерлер жана аскер кызматчыларынын үй-бүлөлөрү менен аңгемелешишти, турак үйлөрдө, окуу имараттарында болушуп, лениндик бөлмөлөрдү жана аскердик даңк музейлерин кунт коюп карап чыгышты. Леонид Ильич Брежнев жана Дмитрий Федорович Устинов өздөрүнө мүнөздүү ак пейилдүүлүк, мээримдүүлүк менен жоокерлерден, командирлерден жана саясий кызматчылардан кыйынчылыктар жөнүндө сурашып, жакшы кеңештерди беришти, иш жүзүндө жардам көрсөтүштү.

Стратегиялык ракетчиктер өз элине, бир тууган Коммунисттик партияга, Совет өкмөтүнө жана Советтер Союзунун Маршалдары Леонид Ильич Брежнев менен Дмитрий Федорович Устиновдун өздөрүнө аскерлерди биринчи класстык куралдар, аскердик техника, аскердик окуу, кызмат жана жашоого керектүү нерселер менен камсыз кылгандыгы үчүн чын жүрөктөн ыраазылыгын билдиришти.

Элдин, партия менен өкмөттүн Куралдуу күчтөр жөнүндөгү ар дайым көргөн камкордугу ар бир жоокерди бүткүл элдик көңүл бурууну жана ишеничти актоого, өзүнүн идеялык жана адистик такшалгандыгын өстүрүүгө, бүткүл жөндөмдүүлүгүн жана билимин Мекенге арноого милдеттендирет.

Ракеталык бөлүктөр менен подразделениелерди тажрыйбалуу, ишти билген, элге бүткүл жан-дили менен берилген командирлер башкарышат. Алардын көпчүлүгүнүн инженердик билими бар. Жогорку квалификациялуу, марксизм-ленинизм теориясын, аскердик искусствону, математиканы, механиканы, электрониканы, автоматика, баллистика жана башка так илимдерди өздөштүрүшкөн адистер Стратегиялык маанидеги Ракеталык аскерлердин офицердик корпусунун негизи болуп калды. Алар өздүк составдын чыныгы тарбиячысы жана насаатчылары болуп эсептелишет. Биздин сержанттар менен солдаттар жетиштүү жалпы билим деңгелине ээ, саясий, дене күч жана маданият жактан жакшы жетилишкен. Бул кыска мөөнөттүн ичинде татаал аскердик адистикти өздөштүрүүгө көмөк берери табигый нерсе.

Күн сайын болуучу окуу, күжүрмөн дежурстводо туруу, ракетаны атууга даярдоо жана атуу расчеттордун номерлеринин шайма-шай аракеттери менен, көптөгөн адистердин шайма-шай иштеши менен камсыз болот. Биздин аскер бөлүктөрдө кызмат өтөөнүн спецификасы жоокерлерде коллективдүүлүк, жолдоштук жана өз ара кол кабыштык сезимди өстүрөт, бул кезегинде Ракеталык аскерлердин өздүк составын ширелтет, ар бир жоокердин аскердик-окуу милдеттерин аткаруудагы жоопкерчилигин арттырат.

Ракетаны атууга даярдоо жана атуу процесстерин жогорку деңгелде автоматташтыруу расчёттордун номерлеринин дене күч жумшоосун кыйла азайтты. Бирок бул жоокерлердин моралдык-жоокердик жана психологиялык сапаттарына болгон талапты азайтты дегендик эмес. Ошондуктан аскер бөлүктөрүндөгү тарбиялык иштин башкы багыты өздүк составда бардык кыйынчылыктарды жеңип чыгуу, эгерде агрессорлор Советтер Союзуна каршы согуш ачып калса эң кыйын сыноолорго чыдоо жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу болуп эсептелет.

Ракеталык аскерлердеги аскердик жана саясий даярдыктын бүткүл системасынын мазмуну ракетчиктерде жогорку саясий активдүүлүктү жана аң-сезимдүүлүктү, тактикалык жана техникалык сабаттуулукту, окууда чегерилген убакытты рационалдуу пайдаланууну иштеп чыгуу болуп саналат. Өздөрүнүн адистик жана аскердик чеберчилигин өркүндөтүү менен катар, офицерлер, пра-

порщиктер, сержанттар жана солдаттар В. И. Лениндин эмгектерин, КПССтин XXV съездинин материалдарын жана чечимдерин, ошондой эле партия менен Совет мамлекетинин башка жетекчиликке алуучу документтерин системалуу түрдө терең окушат.

Москвада Кызыл аянтта аскердик парадда биринчи баллистикалык жана континент аралык ракеталар өткөндөн бери көп жыл өттү. Азыр Стратегиялык маанидеги Ракеталык аскерлерде техника андан да татаал. Аны өздөштүрүү үчүн сапаттуу, эң жаңы окуу-материалдык база түзүлгөн: ар кандай көрсөтмө куралдар коюлган класстар; окуу үчүн ракеталар, пульт, агрегат, электрлештирилген стенддер жана айрым системалар менен жабдылган тренажер жана лабораториялык комплекстер бар. Биздин командирлер, инженерлер, штаб, саясий органдар бардык занятиелер, машыгуулар жана окуучулардын сапаттуу өтүшү үчүн өздүк составдын машыккандыгын, аскерлердин аскердик даярдыгын жогорулатуунун фундаменти чың болушу үчүн чыгармачылык менен эмгектенишет.

Ракетчиктердин аскердик жетилгендигинин символу катарында подразделениелерде эң мыкты аскердик-окуунун атууларынын күбөсү болуп кызыл жылдыздар жаркырайт. Мекен аскерлердин жоокердик эмгегин жогору баалайт. Алдыңкы бөлүктөр менен кызматта мыкты ийгиликтерге жетишкен ракетчиктер орден жана медалдар менен сыйланышкан, ошондой эле Стратегиялык маанидеги Ракеталык аскерлердин Аскер советинин Ардак китебине жазылышкан.

Куралдуу Күчтөрдүн башка аскер түрлөрүнүн жоокерлери менен бирге ракетчиктер да бүткүл элдин эмгегине кошулган өзүнүн эмгегин Мекендин жогору баалашына шыктанышат. Аскердик кызмат өтөөдөгү, согуш ишин үйрөнүүдө, кыраакылыкты жана аскердик даярдыкты сактоодо алардын ийгиликтери коммунизмдин курулушу үчүн канчалык маанилүү экендигин терең билишет. Ар бир жоокер өзүнүн аскердик милдетин үлгүлүү аткарса, анысы менен ал совет элинин тынчтык эмгегин коргоп жаткандыгын, КПССтин XXV съезди белгилеген зор пландарды ишке ашырууга көмөк берип жаткандыгын сезгендиги аны шыктандырат.

Ракеталык аскерлердин өркүндөшүнө байланыштуу жоокерлердин тартибине болгон талап да көбөйүүдө.

Өздүк составдын маалыматтуулугу, биргелешип так аракеттенүүсү гана эмес, анын уюшкандыгы, тыкандыгы, тартиптүүлүгү жөнүндөгү маселе да мурда азыркыдай эч убакта катуу турган эмес. Ошондуктан ар бир жоокер-ракетчиктин тартипти чыңдоо, устав жана көрсөтмөлөрдү, командирлер менен начальниктердин тапшырмаларын, буйруктарын каяшасыз жана так аткаруу боюнча жеке жоопкерчилиги абдан зор.

Ракеталык-ядролук курал аскердик тартип жөнүндөгү түшүнүктү кеңейткендигин белгилей кетүү керек. «Күжүрмөн дежурствонун тартиби», «убакыттын тартиби», «техникалык тартип» ж. б. терминдер пайда болду, азыр алардын баарын тең ракетчиктер терең өздөштүрүштү, бардыгы үчүн жоокердик кызматтын негизи болуп калды.

Ракетчиктерде керектүү моралдык-күжүрмөн сапаттарды калыптандырууда күжүрмөн дежурстволор чоң таасир берет. Бул жерде өздүк составдан техникада аракетенүүдө зор тактык жана тыкандык, инструкция, график, командаларды так аткаруу талап кылынат. Иште уюшкандык, тактык бир аз гана бузулса, ал тапшырманын аткарылышына жолтоо болот. Дежур сменалардын, расчёттордун составына тажрыйбалуу саясий кызматчылар киргизилет, партиялык жана комсомолдук топтор уюштурулат. Күжүрмөн дежурствонун жыйынтыгын чыгарууда ар бир адистин аракети талдоого алынат, алдыңкылардын тажрыйбасы жыйынтыкталат жана такталат, кемчиликтер, эске алынбагандар, жаңылыштыктар сын көз менен текшерилет.

Стратегиялык маанидеги Ракеталык аскерлерде күжүрмөн дежурство — бул өзгөчө маанилүү аскердик тапшырманы аткаруу. Дежурствонун ар бир сааты жоокерлерден тыкандыкты, алагды болбоону, зор сактыкты талап кылат. Катуу талап коюу менен өткөн күжүрмөн дежурствонун процесси эркти такшалтат, ар бир жоокердин өзүнүн жөндөмдүүлүгүнө ишенимин, күжүрмөн жолдошторуна, коллективге, каардуу куралдын күчүнө ишенимин арттырат.

Ракетчиктин калыптанышы окуунун жана тарбиялоонун бүткүл системасы менен шартталган. Биздин командирлер, саясий кызматчылар дежурство убактысын өздүк составдын аскердик такшалуусун өстүрүү максатында сарпташат. Алар татаал техниканы эксплуатация-

лоонун эффективдүү жолдорун издөөгө жана өздөштүрүүгө зор көңүл бурушат, жоокерлерде дежурстводо жана күн сайын болуучу окууда чыдамкайлыкты, чечкиндүүлүктү жана башка сапаттарды тарбиялоого көмөк болуучу шарт түзүшөт, булардан акыр аягында келип аскерлердин согуштук жөндөмдүүлүгү иштелип чыгат.

Кужүрмөн окууларды уюштурууда командирлер менен саясий кызматкерлер жоокердин калыптанышы, Мекендин ишенимдүү сакчысынын сапаттарынын калыптанышы улуулар менен кичүүлөрдүн, бүткүл аскердик коллективдин мамилеси бузулбас уставдык негизде түзүлгөн, бүткүл окуу согуштук абалга жакындашылган абалда өткөн, өздүк составды саясий жана аскердик тарбиялоо азыркы талаптарга ылайык жүргүзүлгөн жерде тез жана ийгиликтүү ишке ашарын эч убакта эстен чыгарышпайт.

Куралдуу Күчтөрдүн бардык түрлөрүнүн алдына мезгили менен жаңы милдеттер тагылып турат, өздүк состав аны аткарууда аскердик такшалуусун көрсөтөт. Биздин аскерлер үчүн мындай милдет болуп, жогоруда айтылгандай, аскердик-окуу иретиндеги ракетаны атуу эсептелет. Бул жерде жоокер-ракетчиктердин теориялык билими жана практикалык такшалуусу, моралдык-кужүрмөн жана психологиялык сапаттары, расчёттордун так аракеттенүүсү текшерилет. КПССтин XXV съезди өткөн жана Улуу Октябрдын 60 жылдыгында болгон ракета атуулар Стратегиялык маанидеги Ракеталык аскерлерде эң жакшы аткарылгандыгын кубануу менен айта алабыз.

Аскердик такшалууда мыкты ийгиликтерге жетишүүнүн соолбос булагы, аскерлерди даярдоонун эффективдүүлүгүн жана сапатын өстүрүүнүн күчтүү рычагы — бул социалисттик мелдеш. Ал өздүк составды окутуу жана тарбиялоонун бардык процесстеринин бирдиктүү бөлүгү, лениндик: «...Сөзсүз алдыга баруу, сөзсүз зор ийгиликтерге жетишүү, жеңил милдеттерден сөзсүз кыйыныраагына өтүү керек»,— деген принципти турмушка ашыруудагы таасирдүү каражат болуп калды.

Ракеталык аскерлерде социалисттик мелдеш бөлүктөрдүн, подразделениелердин жана адистердин ортосунда уюштурулат. Алынган милдеттенмелерде, эреже катары, идеялык-саясий, адистик жана аскердик кызматты өркүндөтүү боюнча жоокердик эмгекте зор жаңы

чектер белгиленген. Анда өз функциясына тиешелүү милдеттерди кынтыксыз аткаруу, дежурстводо сак туруу, белгиленген нормативдерди ашык аткаруу, техниканы ийне-жибине чейин өздөштүрүү жана сарамжал урунуу, регламенттүү ишти мыкты сапатта өткөрүү, окшош адистиктерди өздөштүрүү, коомдук-саясий иштерге, спорттук-массалык жана башка иш чараларга активдүү катышуу каралган.

Пультта кужурмөн вахтада туруу — ар бир ракетчик үчүн сонун мектеп. Кужурмөн дежурстводогу мелдеш зор мааниге ээ. Кужурмөн дежурствонун мезгилине алынган милдеттерине атайын милдеттер менен бирге жүрүш-туруштун моралдык, этикалык нормаларын сактоо боюнча конкреттүү пункттар да кирет.

Социалисттик мелдеш ракетчиктерде жогорку аң-сезимдүүлүктү, жоокердик кызматка коммунисттик мамилени калыптандырууга, белгиленген милдеттерди сапаттуу аткарууга көмөк берерин практика көрсөтүүдө. Мелдешкендердин алдыңкы катарында коммунисттер жана комсомолецтер болот. Мелдештин кеңдиги, далилдүүлүгү жана салыштырмалуулугу, алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу жана өз ара жолдоштук жардамдаштык бөлүктөрдө жана подразделениелерде ишкердүү, чыгармачылык кырдаалды түзүүгө көмөк көрсөтөт. Ар бир жоокер аскерлердин согуштук күчтүүлүгүн чыңдоого өз салымын кошууга аракеттенет. Муну ракеталык подразделениелерди кийинки сыноолор көрсөттү, ракетчиктерге аскердик такшалуусу, моралдык-саясий жана психологиялык даярдыгы, дене күч жактан машыккандыгы жоопту экзаменди ийгиликтүү өткөрүүгө мүмкүндүк берди.

Аскердик жана саясий даярдыктын маселелерин ийгиликтүү чечүүгө дайым таасир берүүчү активдүү күч болуп партиялык жана комсомолдук уюмдар эсептелет. КПССтин XXV съездинин чечимдерин жетекчиликке алышып, алар өздүк составдын ичинде зор, маанилүү иш жүргүзүшөт. Коммунисттер менен комсомолецтер аскердик коллективди чыңдашып, өз үлгүлөрү менен жоокерлерди аскердик машыккандыгын өркүндөтүүдө жаңы чектерге чыгууга, аскердик даярдыкты дагы өстүрүүгө багытташат.

Ракеталык аскер бөлүктөрү жаш, ошондой болсо да жоокерлер анын астында кызмат өтөп жаткан аскердик

тууларында Ленин, Кызыл Туу, Суворов, Кутузов ордендери жаркырайт. Бул түшүнүктүү. Себеби алгачкы, баллистикалык ракеталар менен куралданган бөлүктөр Улуу Ата Мекендик согушта даңкы чыккан артиллерия жана гвардиялык миномёт бөлүктөрүнүн базасында түзүлгөн. Ветерандардын ордун баскан ракетчиктер улуу муундагы жоокерлердин күжүрмөн традицияларын ыйык сактап, аны жоокердик эмгеги менен көбөйтүүдө. Азыр фронтовиктердин каармандык менен өтөгөн кызматынын үлгүсүндө биздин жаштар тарбияланууда. Совет элинин революциялык, аскер жана эмгек традициялары менен түздөн-түз таанышуу жоокерлерди эң мыкты окууга, милдетин ак ниет аткарууга аракеттендирет. Аларда патриоттук сезим ушинтип чыңдалып, эрки, тырышчаактыгы, машыккандыгы калыптанат. Ошондуктан алардын өрт-ажалды кечип өткөн тууларында согуш жылдарындагы аскердик ордендери менен катар, эми тынчтык мезгилинде мыкты аскердик машыккандыгы үчүн алган сыйлыктары жаркырайт.

Ракеталык бөлүктөрдө өздүк составдын маданий эс алуусун жакшыртуу боюнча зор иштер жүргүзүлөт. Офицерлер үйү, клубдар, спорттук комплекстер иштейт. Өздүк көркөм чыгармачылык бардык бөлүктөрдө бар, спорттук иштер жакшы уюштурулган. Бардык гарнизондордо үлгүлүү коомдук тартип жана жогорку маданият үчүн кыймыл өздүк составдын жашоо нормасы болуп бара жатат. Кыймыл: «Ленинче, коммунистче иштөөгө жана жашоого үйрөнөлү»,— деген девиз алдында өтүүдө. Бул кыймыл өздүк составды коммунисттик духта тарбиялоого, аскердик тартипти чыңдоого, аскерлердин аскердик даярдыгын өстүрүүгө көмөк көрсөтөт.

Коммунисттик зор аң-сезимдүүлүктү, Совет мамлекетинин экономикалык жана коргоо күчүн чыңдоодо эң терең кызыккандыкты ачык-айрым демонстрациялоо В. И. Лениндин туулган күнүнүн 107 жылдыгына жана Улуу Октябрдын 60 жылдыгына арналган бүткүл союздук коммунисттик ишембилик болду. Мурдагы ишембиликтердей эле, бул дагы эпкиндүү, акысыз эмгектин зор, шаңдуу майрамы болду. Шаар менен кыштактардын миллиондогон эмгекчилери, армия менен флоттун жоокерлери 1977-жылдын 16-апрелинде өздөрүнүн мурда белгиленген участокторуна чыгышып, тапшырмаларын эң мыкты жыйынтыктар менен аткарышты.

Ракеталык аскерлердин өздүк составы ишембилик күнү өздөрүнүн кужурмөн милдеттери менен бирге чыныгы энтузиазмды жана иш билгиликти көрсөтүшүп, материалдык-техникалык базаны өркүндөтүштү; аскердик шаарчалар менен горнизондорду көркүнө келтирип, жашылдандырышты; маданий-турмуш үчүн керектүү объектилердин курулушунда иштешти; жолдорду, турак үйлөрдү жана кызмат имараттарын оңдошту; жоокердик даңктын эстеликтери, обелискилери орнотулган жерлерди тартипке келтиришти; спорт аянтчаларын жана курулуштарын жазгы-жайкы мезгилге даярдашты; шефке алынган уюмдарга жардам беришти. Ал күнү иштелген иштин баарын, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн цифраларын жана алдыңкыларды атап бүтүүгө мүмкүн эмес. Ишембилик жоокерлер үчүн эмгектик жана нравалык тарбиянын эң сонун мектеби болуп калды, Коммунисттик партия белгилеген зор милдеттерди аткаруу үчүн күрөштө алардын күчүнө күч, кубатына кубат кошту.

КПССтин чечимдерин турмушка ашыруу үчүн күрөшкөндөрдүн алдында биздин комсомолецтер бара жатышат. Бардык күч-кубатын алар аскердик жана саясий даярдыктын пландарын аткарууга жумшашат, лениндик комсомолдун Улуу Октябрдын 60 жылдыгына карата КПСС Борбордук Комитетине Рапортко кол коюуга укук алуу үчүн социалисттик мелдешке өз салымын кошушту. Жоокер-комсомолецтер «Окуу базасына — комсомолдук камкордук», «Ар бир регламентке жана ракета атууга — комсомолдук гарантия», «Аскердик мастердикке — кыска мөөнөттүн ичинде жетишүү», «Алдыңкылардын катарында артта калуучулар болбоого тийиш», «Ар бир комсомолецке — солдаттык каармандыктын 3—4 белгиси» деген патриоттук демилге көтөрүштү. Ушул сонун демилгелерден жаштардын өздөрүнүн аскердик милдетине аң-сезимдүү мамилеси, аскердик окуунун сапатын жакшыртууга таасир берүү үчүн аракет жасагандыгы байкалат.

Экинчи жылы кызмат кылып жаткан комсомолецтер жаш жоокерлерге үлгү көрсөтүшүп, аларды кыска мөөнөттүн ичинде окутуп чыгышат, солдаттар менен сержанттар атагандай, «Мендей аткар, менден да жакшы аткар!» дегенди айтышып, өздөрүнүн методун көрсөтүшүп, класстык адис болууга жардамдашышат.

Биздин комсомолецтер — аскердик жана саясий

даярдыктын алдыңкылары — өздөрүнүн демилгеси менен бир-эки жаш солдатты шефке алышат, аскердик иштин тигил же бул нормативин аткарууга машыккандыгынын «сырларын», ээ болгон тажрайбаларын үйрөтүп, татаал аппаратураны тез өздөштүрүүгө, саясий, аскердик жана техникалык билимдерге ээ болууга жардамдашышат.

Жоокер-комсомолецтердин эсебинде көптөгөн пайдалуу, күжүрмөн иштер, асыл демилгелер бар. Алардын баары жаш адамдардын Мекенге жакшы кызмат кылуу ишине жан аябагандыгын, жалындуу патриотизмин, зор аракеттенүүсүн, ички каалоосун көрсөтөт.

Асыл демилгелерде өзүнө башкалардын көңүлүн буруучу, башкаларды да асыл иштерге шыктандыруучу эң сонун маңыз жатат. Эрдик көптөгөн жүрөктөрдү ойготот. Эгер абал талап кылса жаш жигиттер токтолбостон туруп мүнөздүн жакшы жактарын, граждандык зор намысын көрсөтүшөт жана колунан келгендердин баарын аң-сезимдүү жасашат, өзүнөн мурдакылардын каарман иштерин, даңкын татыктуу кабыл алуучу, улантуучу экендигин билдиришип, эрдик жасашат.

Кээде бизден, Куралдуу Күчтөрдүн ветерандарынан, бүгүн, күндөлүк тынчтык окууда жоокерлер эрдик көрсөтө турган жагдайлар болобу, деген суроо сурашат.

Ооба, болот! Турмушта эрдик көрсөтүү үчүн жагдай ар дайым болот. Анын үстүнө, динамикалуу аракеттер, окуулар, күжүрмөн дежурство менен байланышкан аскердик шарттарда ар дайым болот.

Тынчтык күндөрү ракетчиктер: катардагы жоокерлер Дмитрий Бушуев, Валерий Костенко, Алексей Панчишкин, Зиниф Закирьянов, Виктор Марковенко, Николай Жельман, Николай Кривенко; ефрейтор Александр Кистанов; кенже сержант Виктор Бабичев; сержанттар Николай Никишев, Валерий Наконечный, Николай Ермаков; лейтананттар Иван Гаврилов, Владимир Басов жана улуу лейтанант Юрий Дубровиндердин жасаган эрдиктери эч убакта унутулбайт. Алар ойлонбостон, жалтанбастан туруп откo кирип адамдарды жана аскер техникасын куткарышкан, сөөк какшаткан суудан чөгүп бараткандарды алып чыгышкан, табигаттын кырсыгы менен каарман кармашышкан, татаал шарттарда аскердик-окуунун күжүрмөн тапшырмаларын аткарууда өмүрлөрүн аяшкан эмес. Алардын көпчүлүгү ордендер жана медалдар ме-

нен сыйланышты. Жоокер-ракетчиктер алар менен сыймыктанышат, үлгү алышып, аларды туурашат.

Жоокерлер ракетаны атууга даярдоодо чыдамкайлыкты, билгичтикти, кайраттуулукту көрсөтүшөт. Ракетаны ийгиликтүү атуу — бул күндөр, жумалар, айлар кеткен оор занятиелер, машыгуулардын жыйынтыгы болот. Күн сайын, саат сайын татаал түйүндөрдү, электрондук системаларды даярдоо жана ордуна келтирүү, азыркы техниканын агрегаттарында болуп жаткан процесстердин физикалык маңызын өздөштүрүп билүү оңой-олтоң эмес. Бул кыйын, жооптуу иштердин баары — машыккандыкка, жоокердик эрдикке карай жол болуп эсептелет.

Аскердик кызматтын жоопту экендиги өзгөчө аскердик жана атайын учениелердин мезгилинде сезилет, окуу талааларында, полигондордо, асманда, океан мейкиндигинде аскердик коллективдин, ар бир жоокердин даярдыгы согуштук кырдаалга жакындатылган шартта такшалат жана сындалат.

Мотоаткычка, танкистке, артиллеристке, ракетчиктерге, сапёрго учкучка, морякка, байланышчыга жана башка адистерге учениеде кадимки согуштагыдай аракеттенүү оңой болбойт. Бул жерде алардын ар биринен эң зор рухий жана дене күч, демилгелүүлүк, акыл-эстүүлүк менен тобокелге салуу, каяшасыз аткаруучулук талап кылынат. Мына ушулар да эрдикке карата жол болуп саналат.

Эрдик ар кандай болот: кээ бирлер көз ачып-жумгуча болот, кээ бирлери күндөлүк иште, сыртынан анча көзгө илинбейт, күн, ай, жылдардын ичинде болот. Бул эрдиктер жоокердин кызматынын бардык мезгилиндеги каарман эмгегинин жыйынтыгы. Михаил Иванович Калинин белгилегендей, өзүнүн милдетин бардык кырдаалдарда так аткаруу — бул дагы эрдик.

Даңк чымырканып эмгектенүүдөн жаралат. Биринчи караганда баары жөнөкөй көрүнөт: учениеде тырышчаактык менен демилгелүү аракеттенген, бутаны таамай аткан, күжүрмөн дежурстводо эң жакшы турган, начальниктин көрсөтмө, буйруктарын так, өз убагында аткарган. Бирок анын ич жагында шыктануу, чымырканып окуу, кыйынчылыктарды жеңип өтүү жана, акыр аягында, алдыга коюлган милдетти сапаттуу аткаруу жатат.

Эмгексиз эрдик жок деп айтылат элде. Эмгек жана эрдик жанаша жүрүшөт. Жоокердин кызматы жеңил эмес, бирок ал эрдикке ар дайым даяр. Өзүнө зыян болсо да жолдошторуна жардам берет, эгер бирөө жардамга муктаж болуп турса, анын ким экендигине карабай кол сунат. Жоокер эр жүрөк, кайраттуу, ак пейил адам!

Жаш жоокерлер Куралдуу Күчтөрдүн өткөндөгү жана азыркы баатырдыктары менен армияда, флотто биринчи кызмат өтөгөн күнүнөн тартып тааныша баштайт. Бирок уландар аскерге чакырылганга чейин эле саясий, тарыхый жана согуш-мемуар китептерин көп окуп, алгачкы аскердик даярдыкка олуттуу, ойлонуп мамиле кылышы зарыл, өзүнүн моралдык-саясий сапаттарын өстүрүп, эркин, мүнөзүн такшалтышы керек, алар жаратуучу ишмердиктин кайсы участогунда болбосун ар бир советтик адамга керек.

Тынчтык күндөрүндө каармандык иш, эрдик көрсөтүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө айтуу менен бирге Серго Орджоникидзе атындагы Сибирь металлургиялык институтунун студенттеринин 1976-жылы мага жазган каты жөнүндө айткым келет. Алар институттун комсомолдук «Изденүү» клубу менен аскердик жана эмгектик даңк музейинин активисттери жүргүзүп жаткан аскердик-патриоттук зор, ийгиликтүү иштер жөнүндө билдиришкен. Анан мага эң орчундуу, бири-бирине байланыштуу бир топ суроо беришкен: адамды эмне баатыр кылат? XXI кылымда жашай турган бүгүнкү студент кандай талаптарга жооп бериши керек?

Студенттердин алыска ой жүгүрткөндүгү жана келечектеги кылым жөнүндө азыртадан ойлонушкандыгы эң сонун. Албетте, мындай суроолорго жооп бериш үчүн көп ойлонууга туура келди.

Биз жооп жазган катыбыздан үзүндү келтирүүнү туура таптым:

«Биздин оюбузча ар бир советтик адам каарман боло алат, ал үчүн нравалык жана адистик сапаттардын комплексин үзгүлтүксүз калыптандырып, чыдамкайлык менен тарбиялап жана өркүндөтүшү керек, бул комплекстин негизгилери төмөндөгүлөр:

— идеялык терең ишеним;

— Мекенге, Коммунисттик партияга жана Совет өкмөтүнө чын жүрөктөн берилгендик;

— эмгекти сүйүү жана жаратуучу ишмердикке бүткүл күч-кубат менен аракеттенүү;

— коомдук милдетти жана кызматыңа тиешелүү иштерди аткарууда чыгармачылык, демилгелүүлүк жана оперативдүүлүк;

— ар дайым изденүү жана бардык жаңы, алдыңкы, прогрессивдүү ойлорду өздөштүрүү;

— кынтыксыз тартиптүүлүк, аткаруучулук жана берилген ишти сапаттуу аткаруу үчүн зор жоопкерчилик;

— өз билимин системалуу түрдө жогорулатуу, ишмердиктин ар бир участогунда билгенди жана машыгууларды өркүндөтүү;

— өзүнө талап коё билүү, жыйынтыктарды баалоодо өзүн өзү сыноо, жетишилген нерселерге ар дайым канааттанбоо сезиминде болуу;

— улууларды сыйлоо, согушта каза болгондордун үй-бүлөсүнө жана эмгектин, согуштун ветерандарына камкордук көрүү;

— совет элинин жана анын Куралдуу Күчтөрүнүн революциялык, эмгек жана аскер традицияларын сарамжал сактоо жана өркүндөтүү;

— социалисттик өлкөлөрдүн элдери менен бир туугандык тилектештик сезими жана пролетардык интернационализм;

— жалпы жана профессионалдык жогорку маданият, токтоолук, адептүүлүк;

— моралдык тазалык;

— кристаллдай ак ниеттүүлүк, чынчылдык жана принципиалдуулук;

— коллективде жолдоштук жана өз ара жардамдашуу сезими;

— жөнөкөйлүк, сыпаалык, чыныгы адамгерчиликтүүлүк, жакшылык каалоочулук жана адамдарга сергек мамиле;

— эрдикке, Мекен үчүн курмандыкка барууга даяр болуу;

— зор кыраакылык, коммунизмдин жана тынчтык ишинин душмандарын терең жек көрүү сезими;

— күчтүү эрк, кайраттуулук, чечкиндүүлүк, тайманбастык;

— оптимизм, шайырдуулук, коюлган милдеттердин ийгиликтүү аткарылышына ишенүү;

— дене күчтүн чыңдыгы, спортту сүйүү.

Мындай сапаттары бар адам Советтер союзунун гражданы деген бийик наамды алып жүрүүгө, биздин мезгилде жана XXI кылымда да жашоого, иштөөгө, каарман болууга татыктуу деп биз ишенебиз.»

Сибирдик студенттерге берилген жоопто көп жылдык жашоо тажрыйбабызда сыналган өзүбүздүн көз карашыбызды кыскача тизмектедик. Жаштар мени менен макул болот го деп ишенем. Ар бир советтик адам ээ болууга тийиш болгон сапаттардын маңызы акыры келип эң башкы нерсеге такалат — ал бардык жерде: онунчу жана кийинки беш жылдыктардын эпкиндүү курулуштарында; өнөр жай ишканаларында жана айыл чарба өндүрүштөрүндө; окуу жайларында жана илимий мекемелерде; биздин даңктуу Куралдуу Күчтөрдүн катарында Мекенге ак ниет кызмат кылуу.

## СОЦИАЛИСТТИК МЕКЕНГЕ АК НИЕТ КЫЗМАТ КЫЛУУ

Аскердик кызматка даярданып жүргөн ар бир уландын баары эле ал кандай башталып, кандай өтөрүн жакшы билишет. Ошондуктан адегенде жоокерлердин эсинде көпкө сакталып кала турган аскердик ритуалдар жөнүндө кыскача айткым келет. Алардын ичинен аскердик ант берүү ритуалына өзгөчө токтолуп кетүү керек. Кыска мөөнөттүк даярдыктан — жаш жоокердин курсун өткөндөн кийин СССРдин Куралдуу Күчтөрүнө аскердик кызматка чакырылган уландар аскердик ант беришет. Өздөрүнүн жолдошторунун, командир жана начальниктердин алдында, бөлүктүн ыйык Туусунун алдында ар бир жаш жоокер колуна курал алып Мекенге, элге берилгендигин билгизип салтанаттуу ант берет.

Аскердик ант — мамлекеттик зор маанилүү документ. Анын тексти СССР Жогорку Советинин Президиуму тарабынан бекитилген жана ал закон күчүнө ээ. Антта Коммунисттик партиянын, Совет өкмөтүнүн, элибиздин өзүнүн куралдуу коргоочуларына койгон талабы айтылган, Куралдуу Күчтөрдөгү кызмат белгилеген негизги милдеттер жана советтик жоокер ээ болуусу милдет болгон эң негизги моралдык сапаттар аныкталган.

Ант берүү — ар бир жоокердин турмушундагы унутулгус окуя, бийик нравалык, патриоттук акт. Мекенге ант берип жатып советтик адам өзүнө эң зор жана жооптуу милдетти — анын намысын, эркиндигин жана көз каранды эместигин коргоо милдетин алат, коммунизмдин асыл жана жаркыраган идеалдарына акыр аягына чейин берилгендиги жөнүндө ант берет.

Жоокер өз колу менен кол койгон ант анын аскердик кызматынын жана кийинки өмүр жолунун бузулгус закону болуп калат. Солдат — ар дайым солдат, деп элде бекеринен айтылбайт эмеспи! Аскердик кызматы учурунда жана андан кийин да, кайсы куракта болбосун советтик адам Мекенге берилгендиги жөнүндө антын, эл алдында өзүнүн бийик граждандык милдетин эч убакта эсинен чыгарбайт.

Жыл сайын 7-ноябрда, Улуу Октябрь социалисттик революциясынын майрамы күнүн Москвада Кызыл аянтта традициялуу жана толкундатуучу аскердик ритуалдардын бири — аскердик парад өткөрүлөт. Аскердик академиянын угуучуларынын, аскердик окуу жайларынын курсанттарынын, суворовчулардын, нахимовчулардын, Москва гарнизонунун келишимдүү шеренгалары. Ордендик ленталар тагылган аскердик кызыл туулар. Параддык расчётторду көрүп чыгуу, СССРдин Коргоо министринин сөзү. Советтер Союзунун Гимни салтанаттуу жаңырат. Артиллериялык салюттун залпы. Кремлдин, В. И. Лениндин Мавзолейинин алдынан, партия жана өкмөт башчылары, аскер начальниктери, эмгекчилердин өкүлдөрү жана чет өлкөлүк меймандар турган трибунага жакын жерден жаш барабанчылар, параддык батальондор тыкан басып өтөт, каардуу аскер техникасынын катарлары өтөт.

Кызыл аянттагы парад — анын катышуучулары үчүн жооптуу экзамен. Ал бардык советтик адамдарда терең патриоттук сезимди пайда кылат, биздин Куралдуу Күчтөрдүн күчтүүлүгүн, жоокерлердин мыкты такшалгандыгын көрсөтөт.

Бөлүктүн туусуна жана кораблдин Аскердик-деңиздик желегине таазим кылуу, күжүрмөн дежурствого киришүү, стройдук кароо, жалпы батальондук жана полктук кечки чакыруу (поверка), караулдарды алмаштыруу (разводы), өкмөттүк сыйлыктарды жана СССР Коргоо министринин вымпелдерин эрдиги жана аскердик каармандыгы үчүн тапшыруу церемониялары жана башка аскердик ритуалдар зор тарбиялык мааниге ээ.

Бөлүк тизилип турганда аскердик Тууну алып чыгуу, Туу менен запаска кетип жатканда коштошуу жоокерлерге зор эмоционалдык таасир берет, аларда аскердик жана граждандык милдетине берилгендиктин зор сезимин пайда кылат.

Жоокерлер кужурмөн дежурствого киришүүдө салтанаттуу, көңүлдүү маанай өкүм сүрүп турат. Ракетчиктерде, мисалы, бул ритуал бүткөндөн кийин Мекендин буйругу катарында буйруктун сөздөрү даана угулат: «Биздин Мекенибиз — Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун коопсуздугун камсыз кылуу үчүн кужурмөн тапшырманы аткарууга киришкиле!» Ошол моменттен баштап стратегиялык сакчылардын — Советтер өлкөсүнүн ишенимдүү уулдарынын кужурмөн вахтасы башталат.

Аскердик ритуалдар советтик жоокерди анын аскердик кызмат мөөнөтү бүткөнгө чейин коштоп жүрөт. Анткени ритуалдардын ар бири терең идеялык мазмунга толгон, анын тарбиялык функциясы, эстетикалык көркөмдүгү жана сулуулугу бар. Аскер кызматчылары армияда кызмат кылгандыгы үчүн закондуу түрдө сыймыктанышат, парадга катышканда же аскердик даңкка бөлөнгөн Тууга таазим кылып жатышканда, кужурмөн дежурствого киришкенде же стройдо ыр ырдаганда, «Зарянын» салтанаттуу повесткасын же кечки чакырууда бөлүктүн тизмесине түбөлүк киргизилген баатырлардын аты аталганда, Мекенге ак ниет кызмат кылгандыгы үчүн сыйлык алганда чын жүрөктөн толкунданышат.

Аскердик турмуш ритуалдар менен бирге бөлөк көптөгөн иш чараларга толгон, алар устав, жоболорго, аскердик жана саясий даярдыктын пландарына, командирлер менен начальниктердин буйрук, көрсөтмөлөрүнө ылайык уюштурулат. Анын баары жоокерлерге кызматын аткарууга, мыкты моралдык-кужурмөн сапаттарды калыптандырууга жардам берет.

Улуу катары жаштарга муну айткым келет: аскердик ынтымактуу үй-бүлөгө кошулганда, аскердик адистикти үйрөнүүгө киришкенде силер өзүңөрдүн калыптанышыңарга аскердик турмуштун бир калыптагы катуу ритми, өткөрүлүүчү ритуалдар кандай зор маанилүү экендигин сезесиңер. Ошону менен бирге силерге кеңеш бергим келет: аскердик кызматка мурдатан даярдангыла; мектепке киргенден баштап эркти, тыкандыкты, тартип эрежесинин талаптарына баш ийүүнү тарбиялагыла; мугалимдерден, насаатчылардан, өзүңөрдөн улуулардан уюштуруучулук сапаттарды үйрөнгүлө!

Мекенибиздин көрүнүктүү мамлекеттик жана аскер ишмерлери алгачкы уюштуруучулуктун жана коллектив-

ге жетекчиликтин ыктарына пионер жана комсомол уюмдарынын иштерине активдүү катышып жүрүп, улуу кишилердин жакшы жактарын байкап, үйрөнүп жүрүп ээ болушкандыгын статистика далилдейт. Адам туулгандан баштап эле уюштуруучу болуп жаралбай тургандыгы белгилүү. Алар бул сапатка окуу процессинде, жашоо тажрыйбасын, бүткүл практикалык ишмердигин өстүргөндө ээ болот.

Биздин түшүнүгүбүздү, коллективдин жетекчисинин уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү—бул адамга коллективдин жана анын ар бир мүчөсүнүн практикалык ишмердигин терең таанып-билүүнү жана ошондой эле иштин стили менен методдорун үзгүлтүксүз өркүндөтүүнүн жолун таба билүүнү камсыз кылган адам акылы менен эркинин өнүккөн сапаттарын айкалыштыруу.

Коомдук иштерге активдүү жана ийгиликтүү катышкан, митинг жана жыйналыштарда балдардын алдында көп чыгып жакшы сүйлөгөн, эркин көрсөтүп, акыл-эстүү демилге көтөрө билген, пионердик жана комсомолдук тапшырмаларды бүткүл жоопкерчилиги менен аткара билген уландар менен кыздар уюштуруучулук жөндөмдүүлүктү тез өздөштүрүшөт, теңтуштарынын жана улуулардын арасында кадыры өсөт. Мындай активисттер, эреже катары, окуунун отличниктери, эмгектин алдыңкылары болуп эсептелишет жана ар кандай иште ийгиликке жетише алышат.

«Турмуштагы активдүү позициясы, коомдук милдетке аң-сезимдүү мамилеси, сөзү менен ишинин биримдүүлүгү,— деп айткан Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездинде,— жүрүш-турушунун күндөлүк нормасы болуп калганда гана адамдын кадыр-баркы жогорулайт».

Турмушта активдүү позицияда туруу — совет адамынын нравалык закону. Бул законго ылайык жашоо — бул бардык күчүн, билимин, күч-кубатын партиянын саясатын турмушка ашырууга, коммунисттик коомду жаратууга арноо; советтик моралдын принциптерин ыйык сактоо, аларды турмушка ашыруу; социалисттик жатакананын нормаларын ар кандай бузуучуларга каршы аёосуз күрөшүү, бизге жат идеологиянын ар кандай шимшүүлөрүн чечкиндүүлүк менен тыюу; жүктөлгөн милдет үчүн толук жооп берүү, анын жыйынтыгын акыйкат, сын көз менен баалоо; каарман, чыгармачыл, демилгелүү эмгектенүү болуп эсептелет.



Туу алып жүрүүчүлөрдүн ротасын гвардия подполковниги П. А. Горчаков баштап баратат. 4-Украина фронтунун кошмо полкунун колоннасынын алдында көрүнүктүү аскер начальниктери, алардын ичинде генерал Л. И. Брежнев.



Генерал-полковник-инженер И. А. Лебедев.



Артиллериянын башкы маршалы М. И. Неделин.



Согуш ветерандарынын арасында—гвардия полковниги А. А. Рафтопулло.



Күжүрмөн квалификациянын мастери гвардия капитаны Б. Никитин.



Атуу!



Күжүрмөн квалификациянын мастери гвардия майору А. Никитин.



Толук даярдыкта...



Ракетчиктер Москвада Кызыл аянттагы парадда.



Саясий бөлүмдүн начальниги 1-класстагы адис, гвардия лейтенанты А. Яковлевге партиялык билет тапшырып жатат.



Гвардия капитаны Б. Новиков жана гвардия лейтенанты Ю. Томаров кызматты так, ишти билгендик менен аткарышат.



КПСС БКнын Генеральный секретары Л. И. Брежнев жоокер-ракетчиктерде болду.



СССРдин Коргоо Министри Советтер Союзунун Маршалы Д. Ф. Устинов гарнизондордун биринде болуп, аскер кызматчыларынын үй-бүлөлөрү менен жолугушту.



Жоокер-ракетчиктер ден соолугу чың, күчтүү, бышыккан болушу керек. Бул сапаттарды иштеп чыгуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр пайдаланылат.





Гарнизондордо массалык спорт майрамдары, мелдештер дайыма өткөрүлүп турат, жоокерлер өздөрүнүн мыкты машыккандыктарын көрсөтүшөт.



Советтик Армия жаштар үчүн эң сонун турмуш мектеби, токтоолуктун жана тартиптүүлүктүн, техникалык, адистик билимдердин жана саясий даярдыктын мектеби болуп эсептеле тургандыгы КПССтин XXV съездинде белгиленген. Бул мектеп адамдарда бүт өмүр бою сактала турган бийик социалдык-саясий активдүүлүктү калыптандырат.

Куралдуу Күчтөрдө түзүлгөн идеялык-саясий, аскердик жана нравалык тарбиялоонун туруктуу системасы жоокердин ар тараптан жетилишин камсыз кылууга, анын негизинде мыкты моралдык сапаттарды, граждандыкты, патриотизмди жана интернационализмди дайым өркүндөтүп турууга багытталган.

Советтик жоокердин активдүү турмуштук позициясы терең саясий билимди практикалык иш менен, кызматы боюнча милдетин так, кынтыксыз аткаруу менен органикалык айкалыштырууну камтыйт. Кызмат боюнча милдетти үлгүлүү аткаруу, анттын жана уставдын талаптарын катуу сактоо, техниканы жана куралды чымырканып үйрөнүү, чыгармачылык демилге, коллективдин турмушуна ар тараптан катышуу, аны ишке ашыруу үчүн өз салымын кошуу — мына ушунун баары жоокердин активдүү турмуштук позициясын мүнөздөйт. Бул табигый көрүнүш, анткени адам иши менен бааланат. Социалисттик мелдештин авангардында ким баратса, өзүнүн жөндөмдүүлүгүн, подразделениенин, бөлүктүн, кораблдин аскердик даярдыгын көтөрүү үчүн ким чымырканып, эффективдүү күрөшсө, активдүү позицияны ошол ээлеген болот.

Моралдык-күжүрмөн сапаттын бүт комплекси, жоокердин активдүү турмуш позициясы ошондой эле саясий тескериликтин көрүнүштөрүнө, эгоизмге, көңүл коштукка, аракечтикке, жеке кызыкчылыкты коомдун кызыкчылыгынан жогору коюу үчүн жасалган ар кандай аракеттерге каршы чечкиндүү, аёосуз күрөштө пайда болот жана бекемделет. Аскердик чөйрөдө мындай фактылар аз же көп болгондугуна карабастан, ага принципиалдуу баа берип, катуу сындап, биздин коомдун моралдык нормалары менен эрежелерин, аскердик тартиптин талаптарын бузгандарга каршы келишпес абал түзүү керек. Мында командир менен саясий кызматчылардын, аскердик жана флоттук коммунисттердин сөзү менен иши, алардын келишпестиги жана принципиалдуу-

лугу, позициясынын активдүүлүгү маанилүү болуп эсептелет. Алардын идеялык ишенимдүүлүгү, бийик нравалуулугу, партиянын ишине, өз элине берилгендиги жоокерлердин жүрүш-туруш линиясын аныктайт.

Элде эмгекчил, эр жүрөк, кайраттуу адамдар жөнүндө: мекендин анык уулу,— деп айтышат. Мындай адам активдүү турмуш позициясында турат, Советтик Мекенине ак ниет кызмат кылат, деп айтсам жаңылбаймын го деп ойлойм.

Эртеңки күнгө, Мекенибиздин жаркыраган келечегине күмөнсүз, чын ишеним совет адамдарын, Куралдуу Күчтөрдүн жоокерлерин тынчтык турмушта, социалисттик мамлекеттин экономикалык жана коргоо күчүн чыңдоодо жеңиштерге шыктандырат, ар бир советтик адамга бардык күч-кубатын жумшап, эпкиндүү эмгектенүүгө, кызыктуу, бир нерсеге жан-дили менен берилип жашоого жардам берет.

Эң сонун адам, жалындуу патриот жана таланттуу уюштуруучу, Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры, Ата Мекендик ракеталык-космос техникасынын атактуу конструктору академик Сергей Павлович Королёв: «Жөн эле жашай берүүгө болбойт. Бир нерсеге жан-дили менен берилип — ишти, өз кесибин, илим жана техниканы сүйүп жашоо керек!» — деген. Көп ирет сыноодон өтүп, иш жүзүндө өзүн актаган бул эң сонун сөздөр бүткүл бойдон Мекен колуна күчтүү куралды жана эң татаал аскердик техниканы берген бардык жоокерлерге тиешелүү.

Бирок техника канчалык күчтүү жана жаңы болбосун, анын ээси Мекенине, элге чексиз берилген, өзүнүн куралын терең билген жана сүйгөн адам болуп эсептелет.

Техниканы сүйүү — бул жалаң гана аны ийне-жибине чейин билүү, эксплуатациялоо жана тейлөө боюнча инструкция, көрсөтмөлөрдү так аткаруу эмес, бул техника менен куралдын согуштук мүмкүнчүлүктөрүн максималдуу пайдалануу, иштөө мөөнөтүн узартуу, экономдуулугун, ишенимдүү, так иштөөсүн камсыз кылуу болуп эсептелет. Техниканы сүйүү — бул ага жан-дили менен берилүү, анын эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында чыгармачыл демилге катары ойлоп табуучулук жана рационализатордук сунуш киргизүү, техника социалисттик менчик экендигин, анда конструктор, окумуш-

туу, инженер, жумушчулардын, бүткүл совет элинин таланты, генийлиги чагылдырылгандыгын дапдаана факт катарында терең кабыл алуу болуп эсептелет.

Ар бир адамдын активдүү турмуш позициясы, ишке, техникага чыгармачыл мамилеси анын жалпы маданияты менен терең байланыштуу. Эгерде маданият — кеңири жана көп кырдуу түшүнүк жөнүндө сөз козгой турган болсок, анда анын башкы компоненти — бул кесиби боюнча билимдүүлүк, ишти терең билүү болуп эсептелерин айтууга тийишпиз. Өз ишине берилген адамдын маданий сезими да жогору, техниканы да кынтыксыз билет, турмуштук позициясы да айкын.

Ак ниет, сыпаа, боорукер, адептүү, элпек, демилгечил, эмгекчил жана ар тараптан өнүккөн адам гана рухий жактан мыкты адам болуп эсептелет. Анын жакшы жактары ичкериден чыгат. Ишине берилип жашоо, Мекенге ак ниет кызмат кылуу — бул чыныгы асыл адам экендигинин күбөсү, адамдын асыл иши, демилгеси, мыкты жүрүш-турушу, идеялык жана нравалык жактан мыкты сапаттары коллективде, жолдошторунун, досторунун, туугандарынын жана жакын адамдарынын арасында кадырлуулугу мына ушундан келип чыгат.

Бирок, уландардын, а түгүл жоокерлердин арасынан окуу жана аскердик кызматка илең-салаң мамиле кылгандар кездешет. Ачуулуу, ишке көңүлкош болуп туруп, андайлар өздөрүн «көп билген» адам катары көрсөтүп, «кооз» сүйлөөгө аракеттенишет, тарбиялуу адам болуп көрүнүшөт. Чындыгында андайлар маданиятсыз, өзүнүн мыктымын деген оюн чыдамкай окуу, кужүрмөн кызматы менен далилдөөгө жөндөмсүз болушат: берген убадасын жана ишин аткара алышпайт.

Ушуга байланыштуу округдук аскер газетасында жарыяланган А. Чистяковдун «Убада жана иш» деген сатиралык ырын келтирели.

Жалтанбаган баатырларды даңктайбыз,
Кылымдарга эл ардактап ыр ырдайт.
Ач ажалды жеңгендерди барктайбыз,
Элесиңер күндөй болуп жаркырайт.
Эгерде сөз максатына жетпесе,
Так ошондо таасири жок бир нерсе.
Айтымына ишенбеген адамдар,
Түшүндүрөм: мына жаңы мисал бар...
Влас деген чоң майрамдын алдында,
Эргип сүйлөйт, болсо керек табында,

Башын чулгуп, колун сунуп бакылдап,
Эң атактуу Демосфендей шакылдап.
Влас сүйлөйт... жолдоштору залдагы
Ал жөнүндө шыбыраша баштады:
— Ооба, — дешет, — сөзү укмуш Властын,
— Өкүнүчтүү, «шылтоосу» көп жыластын.
— Сөзү менен тоо томкорот, мактанат.
— Ок ата албай, шылдың болуп жалтанат.
— Китептерди жата калып көп окуйт.
— Уставдарды карап койбойт, жер чукуйт.
— Маңыроону келиштире ал сындайт,
Өзү жөнүндө караманча ооз ачпайт
Жума күнү постто туруп түш көрөт,
Айылына барып келген өңдөнөт.
Ооба, чыны: сөз максатына жетпесе,
Так ошондо таасири жок бир нерсе...

Ырдагы Власка окшогондор, убадасы менен иши эки ача чыккандар ырды окуп, керектүү жыйынтык чыгарышат го деген ойдобуз.

Адамдын эмгекке, өзүнө жүктөлгөн ишине болгон мамилесинен анын кандай адам экендигин мүнөздөөгө болот. Биз «зээндүү жигит», «ишмер адам», «жолдошторунун арасында кадырлуу» деген сөздөрдү көп айтабыз. Мындай мактоого арзуу, албетте, абдан жакшы. Бирок ага жетишүү, коллективдин кадырлоосуна ээ болуу оңой эмес, анткени бизде убадасында туруп, милдетин аткаргандарды, өз ишин сүйүп жана ага жан-дили менен берилгендерди, өзүнө тагылган ишти ак ниет жана чыдамкайлык менен аткаргандарды кадырлашат эмеспи. Мындай адамдар кызыктуу өмүр сүрүшөт. Андайларды биз ударник десек да, эмгектин романтиктери десек да болот.

Жаштар романтик болору белгилүү. Көптөгөн уландар менен кыздар алыскы жактарды, кыйын жолдорду, өлкөбүздүн башка жерлеринде жаңырып жаткан жерлерди самашат. Жаштардын Сибирдеги, Ыраакы Чыгыштагы, Алыскы Түндүктөгү эпкиндүү курулуштарда иштөөнү самашы табигый көрүнүш.

Бирок романтика бардык жерде бар. Ал экзотика же кооз турмуш эмес, ал конкреттүү түшүнүк. Эгерде адам өз ишин, эмгекти сүйсө, ал шыгы менен чыныгы романтиканы мектебинде, студенттик курулуш отрядында, заводдо, колхоздо, аскер кызматында — кыскасы бардык жерде, акыл-эсти, күчтү талап кылган иштен таба алат.

Жаш досторум! Владимир Ильич Лениндин көрөгөчтүк менен айткан, акылман сөздөрүнө көңүл бургулачы: «Биз ар кандай эмгекти, ал эмгек кандай булганыч жана кандай кыйын болсо да, мына мындайча курууга тийишпиз: ар бир жумушчу жана дыйкан өзүнө өзү: мен эркин эмгектин улуу армиясынын бир бөлүгүмүн жана өз турмушумду помещиктерсиз жана капиталисттерсиз эле өзүм кура аламын, коммунисттик тартипти орното аламын, деп карай тургандай болсун. Коммунисттик жаштар союзу баарысын жаш чагынан эле аң-сезимдүү жана тартиптүү эмгекке тарбиялай турган болуу керек».

Бул сөздөрдү В. И. Ленин 2-октябрь 1920-жылы комсомолдун III съездинде айткан. Владимир Ильич жаш муундардын милдети эмне экендигин айкын, ишенимдүү көрсөтүп, эмнени окуу жана кантип окуу керектигин жөнөкөй, түшүнүктүү баяндаган, өлкөбүздө коммунисттик коомду куруунун перспективаларын белгилеген.

Лениндин акылман көрсөтмөлөрүнөн социализмдин куруучулары жана аны коргоочулары болушкан миллиондогон уландар менен кыздар үлгү алышты. Биздин жаштар улуулардын традициясын мурас кылып алып, В. И. Лениндин көрсөткөн жолу — эрдиктин жана даңктын жолу менен барышкан жана бара жатышат.

Турмуш жолун жаңы эле аттаган уландын өзүнүн кадырлаган адамы, бардык жагынан ага окшош болгусу келген өзүнүн Жухрайы болот (Павел Корчагиндикиндей). Окуучулар үчүн көп учурларда мыкты мугалимдер, өндүрүштө иштеген жаштар үчүн — тажрыйбалуу мастерлер, насаатчылар, солдаттар үчүн — командирлер, саясий кызматкерлер кадырлаган адамы болуп эсептелет.

Биз үчүн, 30-жылдардагы аскердик комсомолецтер үчүн партиянын аскерге жиберген өкүлдөрү эрдик жолун басып өткөн, адамгерчиликтүү, акыл-эстүү, акыйкат, моралдык жактан туруктуу жана ар тараптан өнүккөн комиссарлар, коммунисттер ак ниеттүүлүктүн, принциптүүлүктүн үлгүсү болушчу. Биз алардан Мекенге ак ниет кызмат кылууну үйрөнчүбүз.

Турмуш жолубузда, вуздарда окуган жылдарыбызда эң сонун жолдошторду, кызматташтарды, коллективде кадырлаган, барктаган, үлгү алышкан улуу аскер начальниктерин жолуктурдук.

Алардын ичинен аскер кызматын баштаган алгачкы

Башын чулгуп, колун сунуп бакылдап,
Эң атактуу Демосфендей шакылдап.
Влас сүйлөйт... жолдоштору залдагы
Ал жөнүндө шыбыраша баштады:
— Ооба, — дешет, — сөзү укмуш Властын,
— Өкүнүчтүү, «шылтоосу» көп жыластын.
— Сөзү менен тоо томкорот, мактанат.
— Ок ата албай, шылдың болуп жалтанат.
— Китептерди жата калып көп окуйт.
— Уставдарды карап койбойт, жер чукуйт.
— Маңыроону келиштире ал сындайт,
Өзү жөнүндө караманча ооз ачпайт
Жума күнү постто туруп түш көрөт,
Айылына барып келген өңдөнөт.
Ооба, чыны: сөз максатына жетпесе,
Так ошондо таасири жок бир нерсе...

Ырдагы Власка окшогондор, убадасы менен иши эки ача чыккандар ырды окуп, керектүү жыйынтык чыгарышат го деген ойдобуз.

Адамдын эмгекке, өзүнө жүктөлгөн ишине болгон мамилесинен анын кандай адам экендигин мүнөздөөгө болот. Биз «зээндүү жигит», «ишмер адам», «жолдошторунун арасында кадырлуу» деген сөздөрдү көп айтабыз. Мындай мактоого арзуу, албетте, абдан жакшы. Бирок ага жетишүү, коллективдин кадырлоосуна ээ болуу оңой эмес, анткени бизде убадасында туруп, милдетин аткаргандарды, өз ишин сүйүп жана ага жан-дили менен берилгендерди, өзүнө тагылган ишти ак ниет жана чыдамкайлык менен аткаргандарды кадырлашат эмеспи. Мындай адамдар кызыктуу өмүр сүрүшөт. Андайларды биз ударник десек да, эмгектин романтиктери десек да болот.

Жаштар романтик болору белгилүү. Көптөгөн уландар менен кыздар алыскы жактарды, кыйын жолдорду, өлкөбүздүн башка жерлеринде жаңырып жаткан жерлерди самашат. Жаштардын Сибирдеги, Ыраакы Чыгыштагы, Алыскы Түндүктөгү эпкиндүү курулуштарда иштөөнү самашы табигый көрүнүш.

Бирок романтика бардык жерде бар. Ал экзотика же кооз турмуш эмес, ал конкреттүү түшүнүк. Эгерде адам өз ишин, эмгекти сүйсө, ал шыгы менен чыныгы романтиканы мектебинде, студенттик курулуш отрядында, заводдо, колхоздо, аскер кызматында — кыскасы бардык жерде, акыл-эсти, күчтү талап кылган иштен таба алат.

Жаш досторум! Владимир Ильич Лениндин көрөгөчтүк менен айткан, акылман сөздөрүнө көңүл бургулачы: «Биз ар кандай эмгекти, ал эмгек кандай булганыч жана кандай кыйын болсо да, мына мындайча курууга тийишпиз: ар бир жумушчу жана дыйкан өзүнө өзү: мен эркин эмгектин улуу армиясынын бир бөлүгүмүн жана өз турмушумду помещиктерсиз жана капиталисттерсиз эле өзүм кура аламын, коммунисттик тартипти орното аламын, деп карай тургандай болсун. Коммунисттик жаштар союзу баарысын жаш чагынан эле аң-сезимдүү жана тартиптүү эмгекке тарбиялай турган болуу керек».

Бул сөздөрдү В. И. Ленин 2-октябрь 1920-жылы комсомолдун III съездинде айткан. Владимир Ильич жаш муундардын милдети эмне экендигин айкын, ишенимдүү көрсөтүп, эмнени окуу жана кантип окуу керектигин жөнөкөй, түшүнүктүү баяндаган, өлкөбүздө коммунисттик коомду куруунун перспективаларын белгилеген.

Лениндин акылман көрсөтмөлөрүнөн социализмдин куруучулары жана аны коргоочулары болушкан миллиондогон уландар менен кыздар үлгү алышты. Биздин жаштар улуулардын традициясын мурас кылып алып, В. И. Лениндин көрсөткөн жолу — эрдиктин жана даңктын жолу менен барышкан жана бара жатышат.

Турмуш жолун жаңы эле аттаган уландын өзүнүн кадырлаган адамы, бардык жагынан ага окшош болгусу келген өзүнүн Жухрайы болот (Павел Корчагиндикиндей). Окуучулар үчүн көп учурларда мыкты мугалимдер, өндүрүштө иштеген жаштар үчүн — тажрыйбалуу мастерлер, насаатчылар, солдаттар үчүн — командирлер, саясий кызматкерлер кадырлаган адамы болуп эсептелет.

Биз үчүн, 30-жылдардагы аскердик комсомолецтер үчүн партиянын аскерге жиберген өкүлдөрү эрдик жолун басып өткөн, адамгерчиликтүү, акыл-эстүү, акыйкат, моралдык жактан туруктуу жана ар тараптан өнүккөн комиссарлар, коммунисттер ак ниеттүүлүктүн, принциптүүлүктүн үлгүсү болушчу. Биз алардан Мекенге ак ниет кызмат кылууну үйрөнчүбүз.

Турмуш жолубузда, вуздарда окуган жылдарыбызда эң сонун жолдошторду, кызматташтарды, коллективде кадырлаган, барктаган, үлгү алышкан улуу аскер начальниктерин жолуктурдук.

Алардын ичинен аскер кызматын баштаган алгачкы

күндөрүмдөн бирге болгон жолдошторумдун ичинен биринчи кезекте Анатолий Анатольевич Рафтопуллону— Ульяновскидеги В. И. Ленин атындагы танкалык окуу жайында бирге окуган, кийин Советтер Союзунун Баатыры болгон курсташымды эскергим келет. Анатолий укмуштай эмгекчил, өзгөчө токтоо эле, ак көңүл, сыпаа адам болучу. Техниканы, дыйканчылыкты сүйчү, анткени аскерге чейин тракторист болуп иштеген экен. Спортту сүйчү, окуу жайында мыкты гимнасттардын бири болучу.

Анатолийдин бала чагы оор, көңүлсүз өтүптүр. Атасы орус-герман согушунда каза болгондо сегиз жашта экен. 1921-жылы ачкачылыкта энеси келтеден өлөт. 14 жашында томолой жетим калат. Өзүнө окшогон кароосуз балдар менен тентип жүрө берет. Ошентип, Кара деңиз жээктерине жетет, кайсы бир портто кораблдерге жакын келип, көптү көргөн матростордун сөздөрүн тыңшашат.

Балалык ой аларды кызыктуу дүйнөгө алып кирет. Сырдуу шаарлары бар чет өлкөлөрдү көз алдына элестетишет. Алар коркунучтуу «саякат планын» түзүшүп, эми аны ишке ашырууга киришишет. Бирок эң акыркы моментте, жаңы эле кеткени жаткан түрктөрдүн кемесинин трюмунда жашынып жаткан жеринен алар кармалып калат... «Саякатчыларды» эмгек колониясына алып келишет, ал Анатолий Рафтопулло жана анын достору үчүн өз үйү болуп калат, бул жерде алар иштөөнү — балка, сүргү, араа менен иштөөнү, жыгач усталык, слесардык, токардык, малярдык иштерди аткарууну үйрөнүшөт. Бир эле мезгилде сабатсыздыгын жоюшчу. Балдарды эмгектин жана билимдин поэзиясы ээлеп алат, ал өзүнүн жемишин бере баштайт, балдар колониясынын тарбиялануучуларын чыныгы адам кылып чыгарат.

Ульяновскиде танкалык окуу жайын ийгиликтүү бүтүргөндөн кийин А. А. Рафтопулло аскерде кызмат кылуу, өзүн ар тараптан даярдыгы бар, талапкер, камкор командир катары көрсөттү. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда М. Е. Катуковдун бригадасында танк батальонунун командири болгон. Ал Орел, Мценск, Тула, Волоколамскинин жанында салгылашып, немецтик-фашисттик баскынчыларды Москванын жанында талкалоого кыйла салым кошкон.

Биринчи гвардиялык танк бригадасынын мурдагы командири Советтер Союзунун эки жолку Баатыры броне-

танк аскерлеринин маршалы М. Е. Катуков А. Рафтопуллонун «Отуз төртүнчүлөр «чабуулда» деген китебине жазган кириш сөзүндө мындай деп белгилейт: «Автор өзү менен бир катарда согушкан адамдар жөнүндө эң жылуу сөздөр менен эскерет. Анын эскерүүлөрү Москва салгылашууларынын айрымдарын эң сонун эске салат. Бул эң зор салгылашуунун активдүү катышуучусу А. Рафтопулло бул жерде өзүн Улуу Ата Мекендик согуштун унутулгус күндөрүн чарчап-чаалыкпаган мыкты изилдөөчү катары да көрсөтө алган. Ал кезде капитан Анатолий Рафтопулло ошол каардуу күндөрдө танк батальонуна командалык кылып, өзүнө тагылган ишти зор жоопкерчилик менен аткаруучу, жеке каармандыгы жана кайраттуулугу менен айырмалануучу. Эки жолку гана кармашта анын танкисттери фашисттердин кырк үч танкасын, бир нече ондогон автомашиналарын жөө аскерлери менен, жана көптөгөн техникасын жок кылгандыгы бекеринен эмес. Ушул уруштар үчүн каарман комбат Мекенибиздин эң жогорку сыйлыгы — Советтер Союзунун баатыры деген наамга татыктуу болгон».

Гвардия полковниги А. А. Рафтопулло үч Ленин ордени, эки Кызыл Туу жана башка көптөгөн орден, медалдар менен сыйланган. Ал Мценск шаарынын ардактуу гражданини. Азыр отставкада жүрүп да Мекенге ак ниет кызмат кылууда, жаштардын арасында активдүү патриоттук иштерди жүргүзөт, мурда айыгышкан согуш болгон жерлерде көп болот, бизге — ветерандарга, жаш муундарга унутууга болбой турган эрдиктер жөнүндө адамдарга айтып берет.

Анатолий Анатольевич Рафтопулло Киевде жашайт, бирок биз бири-бирибизди унутпайбыз, үзбөй кат алышып, телефон менен сүйлөшүп турабыз, эски достор катары жолугушуп турабыз. Ошондо аскердик жаштыгыбызды, өзүбүз ак ниет кызмат кылууга жана жашоого үйрөнгөн насаатчыларыбызды дайым эскеребиз.

Биздин бүгүнкү жаштарыбыз Анатолий Анатольевич Рафтопуллого окшогон гвардия ветерандарынан, каарман, тажрыйбалуу адамдардан көптөгөн кызыктуу жана пайдалуу иштерди үйрөнө алышарына мен толук ишенем!

Бронетанкалык Аскер академиясынын угуучулары академиянын начальниги, дивизия инженери Иван Андрианович Лебедевди абдан кадырлашуучу, аны жакшы

көрүшөөр эле. Аны жогорку маданияттуу, талanттуу уюштуруучу жана педагог, аскердик илим жана техника тармагындагы ири адис катарында билишчү.

Эмгекчилердин үй-бүлөсүнөн чыккан Чоң Иван, аны балдар боюнун узундугунан ошентип аташчу экен, 1919-жылдын жазынан тартып Кызыл Армияда кызмат кыла баштайт. Аскердик авторемонттук мастерскаяда электр монтёру болгон, бирок танк жөнүндө эч качан унуткан эмес; жаш жоокер кургактагы согушта танк келечекте негизги сокку уруучу күч болот деп эсептээр эле. Командирге автобронь мектебине жөнөтүүнү өтүнүп бир нече жолу рапорт менен кайрылат.

Иван Андриановичти Москвага жөнөтүшөт, бирок өзү каалаган мектепке «командирлик тажрыйбасы жок» деп кабыл алышпайт, аны канцелярияда иштөөгө алып калышат. Катчылык милдетти так аткарып жүрөт, бирок танкист-инженер болуу жөнүндөгү кыялын таштабайт, өз алдынча билимин өркүндөтүп жүрө берет. Акырында өз максатына жетет. Жыйырманчы жылдардын ортосунда Лебедев жогорку билимдүү аскер инженери болуп калат.

Андан көп өтпөй талантту жана перспективалуу адис катары аны чет өлкөгө жөнөтүшөт. Жумушчунун кийимин кийип Иван Андрианович америкалык «Форд» жана «Дженерал моторс» заводдорунун конвейеринде кыйын практикада болот. Андан кийин англиялык «Виккерс» фирмасынын заводдорунда автомобиль жана трактор өндүрүшүн уюштурууну окуп-үйрөнөт. Мекенине кайтып келгенден кийин автобронетанкалык илимий-техникалык комитетинин председатели, андан кийин академиянын начальниги болуп дайындалган.

Бул мезгил советтик бронетанк аскерлеринин түзүлүш, танк куруу өнөр жайынын кеңейиш, командалык жана инженердик кадрларды активдүү даярдоо жылдары эле. Ошол мезгилдерде бронетанк академиясында, кийин ири аскер начальниктери болуп чыгышкан И. Д. Черняховский, А. А. Епишев, С. М. Штеменко, А. Л. Гетман, П. П. Полубояров жана башка офицерлер окушкан. Алардын ар бири И. А. Лебедевди — өздөрүнүн мугалимин жана насаатчысын жылуу эскеришет.

Өзүнүн ишине жан-дили менен берилген, Иван Андрианович сыпаалыгы, боорукердиги, адамгерчиликтүү-

лүгү, ачык-айрымдыгы, адамдар менен женөкөй сүйлөшө билгендиги менен айырмаланчу. Ал эң сонун лекцияларды окуп, окуу процессине терең көңүл бөлчү, бардык угуучуларды билчү жана биздин турмушубузга, жашообузга көңүл бөлүп, аталык камкордук көрчү. Академиянын начальнигин жаштардын арасынан, спорт залынан, стадиондон көп көрчүбүз. Ал өзү да бир мезгилде футбол, теннисти жакшы ойноп, угуучулардын баары окууну эң жакшы окуусу менен бирге спорт менен активдүү машыгуусуна жетишүүчү.

Биздин мугалимибиз жана насаатчыбыз зор турмуштук жана аскердик жолду басып өттү. Согуш жана согуштан кийинки мезгилде ал СССРдин коргоо министерствосунда жооптуу жетекчилик кызматтарда иштеди. Иван Андрианович Лебедев советтик танк курулушуна эң зор эмгек сиңирди.

Азыр генерал-полковник-инженер И. А. Лебедев пенсияга чыккан. Бирок «дем алганга» көнгөн эмес. Шыңга бойлуу, арыкчырай, күлмүңдөп караган Иван Андрианович 78 жашка келгендигине карабастан тың, жаштык күч-кубатын жогото элек, ишсиз отура албайт. Адамдар менен кызыктуу сүйлөшө билет, тамашакөй, эске тутуусу эң сонун, ишти терең талдай билет. Үйүндөгү кабинетинде өзүнүн чоң китепканасы бар, анда: саясий, көркөм, тарыхый, техникалык, мемуар адабияттары бар, алардын баарын кунт коюп окуп, талдап чыккан; белгилүү орус сүрөтчүлөрүнүн картиналары да коюлган. Ошол эле жерде советтик жана чет өлкөлүк танкалардын моделдери турат. Мүмкүн, мунун өзүнүн белгилүү закон ченемдүү жагы бардыр, анткени таланттуу, укмуштуудай эрудициялуу, Мекендин моралдык жактан күчтүү жана ишенимдүү уулу болуш үчүн эмгекти, турмушту, адабиятты, искусствону, техниканы эң сонун сүйө билиш керек.

Музыкага болгон шыгын, билимин өркүндөтүү үчүн Иван Андрианович 65 жашында (отставкага чыккандан кийин) музыка ойноого машыга баштайт жана бул тармакта кыйла жакшы ийгиликтерге жетишти. Анын нотаны эң сонун билгендигине, классикалык жана элдик музыкаларды пианинодо эң сонун ойногондугун көрүп таң каласың! Анын үстүнө пианино оңдогонду да эң сонун өздөштүрүп алыптыр. Ал жаштайынан бери кызыгып келаткан дагы бир нерсе — бул так механика: ал кан-

дай гана саат болбосун эң сонун оңдой алат, бул ишти ал санаторийде, госпиталда, үйүндө жүргөндө аткарат. Бирок ишти ал ар дайым акысыз аткарат (бул анын эң биринчи шарты), себеби ал адамдарга пайда келтирүүнү, аларга жакшы эстелик калтырууну максат кылып койгон.

Ал өзүнүн кеңири билимин, зор тажрыйбасын жаштарга аянбастан үйрөтүп келе жатат. Ким гана аны менен жолукпасын, ал анын рухий байлыгынан бөлүшө алат. Биздин көз карашыбызда, Иваң Андрианович Лебедевдей болууга, андан үлгү алууга, Мекенге ак ниет кызмат өтөөнү үйрөнүүгө болот!

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында мага Кызыл Туу, Суворов жана Кутузов ордендүү гвардиялык 4-Сталинград механикалык корпуста кызмат өтөп, Донбасстан Чехословакияга чейин согуш жолун басып өтүүгө туура келди. Корпустун бөлүктөрүндө Мекендин миңдеген эр жүрөк, тайманбас уулдары душман менен салгылашкан. Алардын ичинен булар Советтер Союзунун Баатыры деген наам алышты: корпустун командири танк аскерлеринин гвардия генерал-лейтенанты Владимир Иванович Жданов; танк взводдорунун командирлери гвардия улуу лейтенанты Дмитрий Дмитриевич Шолохов, гвардия лейтенанты Николай Павлович Батурин, гвардия кенже лейтенанты Иван Степанович Депутатов; танк командирлери гвардия лейтенанттар Александр Матвеевич Ерошин жана Константин Петрович Тулупов, гвардия кенже лейтенанттар Николай Николаевич Третьяков, Вадим Александрович Сивков, Борис Иванович Гребенников, Иван Федорович Борисов; танктардын механик-айдоочулары гвардия улуу сержанттар Анатолий Петрович Марунов, Григорий Сергеевич Налимов, Василий Дмитриевич Андреянов, гвардия сержанты Леонид Семенович Логинов; замбирек командирлери гвардия улуу сержанты Валентин Яковлевич Толстов, гвардия сержанттар Павел Трофимович Писаренко, Михаил Константинович Нехаев; аткыч-радист гвардия солдаты Петр Константинович Крестьянинов; пулемёт отделениесинин командири гвардия старшинасы Андрей Павлович Судорогин.

Корпустун 16600 жоокери эрдик көрсөткөндүгү үчүн ордендер жана медалдар менен сыйланышты.

Гвардиялык 4-механикалык корпустун басып өткөн

күжүрмөн жолу жөнүндө «Наука» басмасында 1973-жылы чыккан «Түштүк флангада» аттуу биздин китепте айтылган. Азыр бул китептин экинчи басылышы даярдалып жатат, ал китептен окурмандар маанилүү окуялар, советтик жоокер-гвардиячылардын эрдиктери жөнүндө көптөгөн кошумча материалдарды таба алышат.

Улуу Ата Мекендик согуш жеңиштүү аяктагандан бери отуз беш жыл өттү. Биздин күжүрмөн соратниктерибиз, полктош досторубуз кызматын өтөп бүткөндөн кийин өлкөнүн ар кайсы жактарына кетишти, бирок биз бири-бирибизди дайыма эстейбиз, фронтто башталган терең достугубуз эч качан бузулбайт. Согуштун каардуу жолун бирге басып өткөн жолдошторду, сүйүктүү Мекен үчүн, эмгекчил элдин эркиндиги жана бактысы үчүн жоокердик милдетин аткарып жатып курман болгондорду унутууга болбойт!

Май айындагы Жеңиш майрамы сайын жана жөн күндөрү ветерандар жолугушканда өздөрүнүн гана күжүрмөн жаштыгын, согуш жылдарындагы эрдиктерин эскеришпейт. Алар бири-бирин кунт коюп карашат, анысынан: азыр кандай жашап жатасың, Мекен үчүн эмне иштеп жатасың, фронтовиктин намысын кантип сактап жатасың? — деген суроону байкоого болот. Анткени ветерандар күжүрмөн жолдошторунун турмушу кандай өтүп жаткандыгына кайдыгер карашпайт. Эгерде алардын бири, жардамга муктаж болуп турса, ага сөзсүз жана дароо жардам берилет. Анткени, ким согушта кайратман, эр жүрөк болсо, согуштун оор сыноолорунда ким ишенимдүү жана чыныгы жолдош болсо, ал тынчтык турмушта да ошондой бойдон калат.

Менин күжүрмөн соратниктеримдин согуштан кийинки турмушу ар кандайча түзүлдү, бирок алардын баары активдүү эмгектенип жатышат, окуучулар, пионер жана комсомолдор менен дайым жолугушуп турушат, Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында совет адамдары Мекенибиздин абийирин, эркиндигин жана көз каранды эместигин кандай коргошкондугу жөнүндө, тынчтык курулуштун милдеттерин кандай чечип жаткандыгы жөнүндө айтып беришет. Корпустун ветерандары азыркы мезгилде жаштарга турмуш-тиричилик боюнча практикалык кеңеш, жардам берип турушат.

Гвардиялык танк бригадасынын мурдагы командири отставкадагы гвардия полковниги Петр Семёнович

Жуковду эле алып көрөлү. Ал жетимишке жакындап калды. Бирок ал күч-кубаттуу, чаалыкпаган адам! ДОСААФ автомектебинин мугалими, борбордун жаштарын аскердик кызматка даярдайт, келечекте аскерге чакырылуучулардын арасында зор патриоттук иш жүргүзөт.

Гвардиялык 14-механикалашкан бригаданын мурдагы командири отставкадагы гвардия полковниги Никодим Алексеевич Никитин бир топ жашка келгендигине карабастан Москва областынын Истра шаарындагы «Зарница» аскердик-спорт оюнун жетектейт. Пионер жана комсомолдордун алдында сөз сүйлөп, өлкөнүн край таануу музейлери менен кат жазышып турат, жаштарды аскердик-патриоттук жактан тарбиялоону жакшыртуу жөнүндө кам көрөт.

Гвардиялык 15-механикалашкан бригаданын мурдагы командири отставкадагы гвардия полковниги Михаил Алексеевич Андрианов Харьковдо улуу инженер болуп иштейт, коомдук активдүү иш жүргүзөт, өзүнүн партиялык жана граждандык милдетин чаалыкпай аткарат.

Ошондой эле биздин гвардиялык 4-механикалашкан корпустун ветерандарын атап кетким келет, алар азыр да ийгиликтүү иштеп, жаштарды тарбиялоого активдүү катышууда. Алар: СССР Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Виталий Васильевич Богородский, физика-математика илимдеринин доктору, профессор Лазарь Соломонович Стильбанс, медициналык илимдердин доктору, профессор Иван Терентьевич Курцин, Якут АССРинин эмгек сиңирген мугалими Виктор Николаевич Березкин, Молдован ССРинин эмгек сиңирген мугалими Таисия Васильевна Карпова, Якут АССРинин Жогорку сотунун мүчөсү Степан Александрович Петров, медициналык илимдердин кандидаты Милица Николаевна Аршинова, журналист Василий Алексеевич Архипов, Москва шаарынын Ардактуу куруучусу Николай Ильич Силиванов, художниктер Александр Федорович Таран жана Валентин Сергеевич Муханов жана башкалар.

Улуу Ата Мекендик согуштун ветерандары жөнүндө акын Григорий Глазов жакшы айткан:

Менин ак чач теңтуштарым,
Тагдырыбыз бирге чырмалган.
Канча экенин чыккан жашым,—

Кадамыңардан биле алгам.
Одессанын жана Сталинграддын,
Будапешт менен Белграддын алдында,
Баскан изиңерди тааныймын,
Кайда жүргөнүңөрдү унутпагыла,
Ким экениңерди унутпагыла!

Бир топ кийинчерээк, Ракеталык аскерлерге келгенден кийин мен үчүн жана мени менен бирге иштеген адамдар үчүн Митрофан Иванович Неделин — эң сонун адам жана таланттуу аскер начальниги — Мекенге ак ниет кызмат кылуунун үлгүсү болуп калды.

Коммунисттик партия тарбиялаган биздин эң мыкты аскер начальниктерибиздин ичинде Советтер Союзунун Баатыры артиллериянын башкы маршалы Митрофан Иванович Неделин көрүнүктүү орун ээлейт. Өзүн жаш чагынан кызыл армияга арнап, катардагы жоокерден Стратегиялык маанидеги Ракеталык аскерлердин башкы командачысына — СССРдин Коргоо министринин орун басарына чейинки татаал жолду басып өтөт. Кайсы гана постто болбосун, анын ишмердигине күч-кубаттуулук, максатка умтулгандык, партиялык ишке берилгендик жана принциптүүлүк мүнөздүү эле.

М. И. Неделин граждандык согушка өз ыктыяры менен катышкан, андан кийин артиллериялык бөлүктөрдө командалык, саясий жана штабдык кызматтарда иштейт. Кийинчерээк ал чыныгы интернационалист катары Испанияга өз ыктыяры менен жөнөтүлөт, ал жерде фашисттик козголоң учурунда республикачылардын Борбордук фронтунун артиллерия боюнча начальнигинин кеңешчиси, андан кийин согуш министринин курал боюнча кеңешчиси болуп иштейт. Бул ага аскердик-дипломатиялык жана күжүрмөн мектеп болгон.

Согуштун алдындагы жылдарда М. И. Неделин артиллериялык полкко, танкка каршы артиллериялык бригадага командалык кылып, дивизия артиллериясынын начальниги болуп иштеген. Мезгилдин талаптарын түшүнүп, өздүк составды согуш учурунда керек болуучу нерселерге үйрөтүүгө аракеттенүүчү. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда М. И. Неделин 20 жылдык аскер стажысы бар, даярдыгы мыкты, такшалган артиллерист-командир эле. Согуштун башталышында артиллериялык бригаданын командири, анын аяккы этабында фронттун артиллериясынын командачысы— анын фронтто басып өткөн жолу ушул.

Ишке партиялык, мамлекеттик мамиле, абалды талдоодо акылмандуулук, көрөгөчтүк Митрофан Ивановичтин иш стилине мүнөздүү эле. Ал уюштуруучулук зор жөндөмдүүлүгү, жаңыны сезе билүүсү, маселени чечүүдө илимий негиздөөсү, аларды турмушка ашырууда күчтүү эркти жана чыдамкайлыкты көрсөтө билүүсү, ишке жөндөмдүүлүгү өзүнө баш ийгендердин пикирин уга билгендиги жана коллективге алдына коюлган милдетти аткарууга туура багыт бере билгендиги менен айырмалануучу. Мына ушул сапаттар аны кадырлуу аскер начальнигинин даңкына ээ кылды.

Согуштан кийинки мезгилде М. И. Неделин Коргоо министерствосунун борбордук аппаратында жооптуу кызматтарда иштеди. Советтик Армиянын артиллерия штабынын начальниги, Башкы артиллериялык башкарманын начальниги, Куралдуу Күчтөрдүн артиллериясынын командачысы, СССР Коргоо министринин курал-жарак боюнча орун басары болгон, ал эми 1960-жылы Стратегиялык маанидеги Ракеталык аскерлердин башкы командачысы болуп дайындалган. Мына ушул жогорку посттордо ал Ата Мекендик куралды, аны колдонууну өркүндөтүү үчүн бардык мүмкүн болгондорду жасоого аракеттенүүчү.

Сыпаалык, адептүүлүк, өзүнө баш ийгендерге талап коё билгендик, аларга камкордук, ачык-айрымдык, боорукерлик, жолдошуна кандай моментте болбосун жардам берүүгө даяр туруу — мына ушунун баары анын жашоо нормасы болучу. Митрофан Иванович Неделиндин арабызда жок экендиги абдан кейиштүү. Күчүнө толуп, таланты ташкындап турган учурда 1960-жылы 24-октябрда кызматтык милдетти аткаруу учурунда курман болду. Бирок ракетчиктер стратегиялык аскерлердин биринчи башкы командачысы жөнүндө эч качан унутушпайт жана аны биздин мугалимибиз деп эсептешет. Кыйын минуталарда биз өзүбүзгө: эгерде ушул учурда Митрофан Иванович болсо, ал кандай чечим чыгарат эле? — деп суроо беребиз.

Ушундай жетекчилердей болууга аракеттенүү менен, өзүң да өсөсүң, кыйынчылыктарды оңой жеңесиң, тагылган милдетти жакшы аткарасың. Мен үчүн Митрофан Иванович Неделин Мекенге каарман кызмат өтөөнүн эң сонун үлгүсү болуп эсептелет.

Митрофан Ивановичке терең ыраазы болуу жана

аны чын жүректөн кадырлоо сезими ушул брошюранын авторуна «Неделин» аттуу китеп жазууга түрткү берди, бул китеп «Молодая Гвардия» басмасында «Даңктуу адамдардын өмүрү» сериясында басмага даярдалып жатат. Бул китептердин сериясынын аталышы эле китеп кандай адамдар жөнүндө экендигин айтып турат.

Сонун адамдар — Мекенибизди даңктаган уул-кыздарыбыз канча дейсиң! Чыныгы талanttуу окумуштуулар жана конструкторлор Сергей Павлович Королёвдун, Игорь Васильевич Курчатовдун, Мстислав Всеволодович Келдыштын, Михаил Кузьмич Янгелдин; СССРдин баатыр-космонавттары Юрий Гагариндин, Герман Титовдун, Владимир Шаталовдун, Георгий Береговойдун, Андриян Николаевдин, Павел Поповичтин, Валерий Быковскийдин, Валентина Николаева-Терешкованын, Владимир Комаровдун, Алексей Леоновдун жана башка советтик илимдин даңкын чыгарган, космосту багындыруунун эрасын ачкан, өндүрүштө, курулушта, транспортто, айыл чарбасында жана ишмердиктин башка тармактарында мыкты ийгиликтерди жараткан көптөгөн баатырлардын ысымы бардыгына белгилүү.

Мындай адамдар менен жолугушуу жана мамиледе болуу жаштар үчүн гана эмес, турмуштук кеңири тажрыйбасы бар адамдар үчүн да пайдалуу болуп эсептелет. Ошондой эле эң сонун, татыктуу, аты жаңыдан чыгып келе жаткан көптөгөн эмгекчилер жөнүндө да жакшы сөз айтуу керек, алардын көпчүлүгү жашынын улгайгандыгына карабастан күч-кубатын, оптимизмин сактап калган жана өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоого активдүү катышышат, коммунисттик курулуштун жалпы ишине колунан келген салымын кошуп жатышат.

Биз — фронтовиктер «Солдат мемуарлары» аттуу телеберүүнү зор толкундануу менен көрдүк. Жазуучу Константин Симонов уюштурган Даңк орденинин толук каваларлери менен болгон аңгемелер өткөн согуштун дагы бир барагын ачып, миллиондогон телекөрүүчүлөргө душмандын үстүнөн болгон жеңишти камсыз кылгандарды көрүүгө мүмкүнчүлүк берди. Алар өздөрү жана кужүрмөн жолдоштору жөнүндө, душмандын ок атуусуна, ысык-суукка карабай чалгынга кандай баргандыгы, миналы зыянсыздандыргандыгы, фашисттик аскерлердин чабуулун токтотуп, атакага кандай чыгышкандыгы

туурасында жөн-жай, апыртпай айтып беришти. Биз экрандан көргөндөрдүн көпчүлүгү азыр да ийгиликтүү эмгектенишүүдө: шахтёр, педагог, механизатор, мастер болуп иштешип, жаштарга өздөрүнүн билимин, бай тажрыйбасын үйрөтүшөт. Мекенге ак ниет кызмат кылып жатышат. Ошону менен бирге Константин Симоновдун «Сапардагы солдат...» аттуу китебин чыгарган ДОСААФтын басмасынын демилгесин белгилей кетүү керек. Анын беттеринде биз эски тааныштарыбыз — согуштун баатырлары менен кайрадан жолугушабыз.

Эски солдаттарды стройдо, тынчтык эмгектин алдыңкы катарында көрүү, алардын кужурмөн жана эмгекчилдик маанайын сезүү, биздин орунду басуучулардын — советтик жаштардын кимден насаат, коммунизмди курууда бүгүнкү жана эртеңки боло турган жеңиштер үчүн кимден үлгү ала тургандыгын билүү бизди кубантпай койбойт.

Кымбаттуу жаш достор, жаш уландар! Коммунисттик курулуштун зор пландарын ишке ашырып жаткан биздин эл Мекен жөнүндө ой менен, анын гүлдөшү жөнүндөгү камкордук менен жашашат. Мына ушул пландарды турмушка ашыруу үчүн ар бир жаш адам чоң жана татаал маселелерди чечиши керек. Ал кайсы гана жерде болбосун: мектептеби, техникум же институттабы, завод же колхоздобу, аскер бөлүгүндөбү же согуш кораблиндеби — андан бардык күчүн мекен үчүн жумшап эмгектенүү талап кылынат.

Мына бул ыр эстен кетпейт:

Мекенибиз жөнүндө толуп жаткан,
Даңазалап жазылды далай дастан.
Ак тилектер жүрөктөгү ишке ашкан,
Мекенимден ар бир адам бакыт тапкан!

Бардык жаш адамдардын Мекенибиздин бүгүн жана эртең дагы гүлдөшү үчүн активдүү күрөшүүчүлөрдөн болушу жана аны эң мыкты окуусу, эпкиндүү эмгеги, кужурмөн иштери менен даңазалашы эң зарыл нерсе.

Жаш адамдар орто мектепте окушат, андан кийин армияга, жогорку окуу жайларына кетишет, эл чарбасы үчүн адистерди даярдоочу ар кандай өндүрүштүк курстарда окушат. Бирок кадимки мектептерден, окуу жайларынан, курстардан башка да эң чоң турмуш мектеби деп аталган жалпы мектеп болот.

Бул мектеп — Советтик жашоонун мектеби ар бир жаңы туулган баланын биринчи деминен башталып, ар бирибиздин турмуш жолубуздун акыркы чегине чейин созулат. Андагы класстар — өзгөчө класстар, ал адамдын өсүүсүнүн тепкичтери. Турмуш мектеби кеңири түшүнүктө алганда өлбөс-өчпөс, ошондуктан ар бир адам анын татыктуу окуучусу, кызматчысы болууга аракеттениши керек.

Бул оюмду жөнөкөй чындык менен далилдегим келет. Биз кабыл алган нерселердин баарын бизден мурдакылар жана замандаштар түзүшкөн жана да түзүп жатышат. Ал эми биз кам көрүп, келечектин муундары деп дайым айтып жана биз ишенип жүргөн балдар азыр жашап жаткандар түзгөндү кабыл алышат. Биздин укмуштай зор чарбабыз, марксисттик-лениндик көз караш, илим, маданият, биздин эң сонун традициялар аларга калат. Алардын окуусу, жашоосу, мамлекеттин байлыгын көбөйтүүсү бизге байланыштуу болот. Биз баарыбыз коммунизмди куруп жатабыз. Ушул жаркыраган келечек биздин өзүбүзгө, балдарыбызга, неберелерибизге байланыштуу болот.

Илимий-техникалык прогресстин дүркүрөп өсүшү, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн тез өсүшү, коомдук өндүрүштүн эффективдүүлүгүнүн үзгүлтүксүз жогорулашы мына ушунун баары совет элинин материалдык жана маданий жашоо шартынын жакшырышына көмөк берет.

Бул закон ченемдүүлүк, анткени — адамдардын турмушу үчүн жакшы шарт түзүү Коммунисттик партиянын эң негизги камкордуктарынын бири, КПССтин XXV съездинин чечимдери, съезд белгилеген онунчу беш жылдыктын социалдык программасы да ушул камкордуктарды кенен чагылдырган.

Партия совет адамдарын жалаң гана материалдык жактан мыкты камсыз кылбастан, рухий байлыктарды да толук пайдаланып, идеялык, нравалык жактан өсүшүнө шарт түзөт. «Совет элинин материалдык жыргалчылыгын жакшыртууда биз көп ийгиликтерге жетиштик,— деп айткан КПССтин XXV съездинде КПСС БКнын Генеральный секретары Л. И. Брежнев. — Бул милдетти биз мындан ары да ырааттуулук менен чече беребиз. Бирок материалдык мүмкүнчүлүктөрдүн өскөндүгү менен бирге адамдардын идеялык-нравалык жана маданий деңгели ар дайым жогорулатылышы зарыл».

Жаштар менен иштеген же алар менен байланышта болгон адам эмгек жана тиричиликтин өзгөчөлүктөрү, балдардын турмуштук пландары менен каалоолорунун мүнөзү жөнүндө көп айтып бере алат. Адамдын керт башын билүү жана анын калыптаныш жолдору жөнүндөгү маселе боюнча акыркы мезгилде көптөгөн мазмундуу психологиялык-педагогикалык изилдөөлөр болду, газета-журналдарда макалалар жарыяланды, авторлордун көпчүлүгү, азыркы уландар менен кыздардын рухий жашоосу мындан 20 жыл мурункуга караганда кыйла татаал жана бай, деген тыянак чыгарышкан.

Эмгек жана эс алуу шартын жакшыртуу, бош убакытты көбөйтүү совет адамдары үчүн, анын ичинде жаштар үчүн өзүнүн саясий жалпы билим жана маданий деңгелин өстүрүүгө эң сонун ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Бул жерде ар бир адамдын бул мүмкүнчүлүктөрдү натыйжалуу пайдаланууга муктаждыгын өстүрүү, жаш адамдарды билимин өз алдынча толуктоого, саясий, илимий-техникалык информациянын көптөгөн информациялары менен тааныш болуп турууга бет алдыруу абдан маанилүү болуп саналат.

Жаш адам турмуш босогосун жаңы аттаганда ал баарын жакшы билем, түшүнөм деп ойлойт. Чындыгында эле ал көп билет, көптү түшүнөт. Бирок анын билими менен түшүнүгү кээде нравалык чың сапаттарга негизделбейт. Кээде өзүнүн ордун, жашоосунун негизги болгон кесибин ар дайым эле таба бербеген жаштарды жолуктуруп калабыз. Бул жерде турмушту жана өзүн түшүнүү үчүн жаш адамга тиешелүү болгон аракет менен анын өзүнүн бүткүл күч-кубатын, акыл-сезимин чындап зарп кылбай туруп эле баардыгын татып-көрүүнү каалоосунун ортосунда буларды кандайдыр бир ажыратып турган чек барбы? Мындай мүнөздөгү адамдарды социологдор «дегустатор» деп аташат. Андайлар адегенде «даамын татып көрүшүп», анан андан ары кетишет. Кайда? Эгерде ал бир нерсени олуттуу издеп чыкса, аягы ийгиликтүү бүтүшү мүмкүн. Эгерде бир жерден экинчи жерге максатсыз кете берүү адатка айланып кетсе — бул адамдын өз ордун табууга кайдыгерлигинин белгиси, мындай көрүнүш коллективди да, коомду да тынчсыздандырбай коё албайт.

Жаштар турмушта өз ордун издешет — бул жакшы. Бирок бул издөөдө өзүнө-өзү сын көз менен карабаса,

жалаң гана өзү жөнүндө көп ойлоп, башкаларга, жакындарына кайдыгер болсо, бул албетте, жаман.

Адилеттүү суроо берелик: жаш адамга өз ордун жалаң гана издөөдө жардам бербестен, ага тез, кыйналбай аны табууга ким жардам берет? Албетте мектеп, үй-бүлө, коллектив, бүткүл коомчулук. Ошондуктан армияга жаш толуктоо келгенде ар бир жаш солдатка өзгөчө камкор мамиле жасалып, көңүл бурулат.

Жаш адамдын 18 жашка толгон кезинде нравалык жана дене күч жактан өсүп жетилиши абдан маанилүү.

Эгерде жаш улан мектепте, техникумда, адистик-техникалык окуу жайында өзүнө жана айланасындагыларга кайдыгер болсо, аны бирөө пайдалуу иш жасоого мажбурламайынча өзүнчө жүрө берсе, ал жалкоо, караңгы, жатып ичер болуп «калыптанат». Ошондо ага бардык жерде жаман жана көңүлсүз болот. Эч нерсе кылбай жүрө берүүдөн, деген орустун улуу педагогу К. Д. Ушинский, мээ, жүрөк, нравалуулук бузулат.

Орус тилинин сөздүгүндө «личность» деген сөз кандайдыр бир сапаттарды алып жүрүүчү адам деп түшүндүрүлөт. Ал эми «Комсомольская правда» газетасынын 1976-жыл, 18-декабрындагы санында каттар жарыяланып, анда уландар менен кыздар бул түшүнүктү кандай баамдаса, дал ошондой жаап-жашырбай тыянакташкан.

Жаш патриоттордун личность жөнүндөгү айткандарын келтире кетелик.

Виктор Путилов (Тамбов): — Мен үчүн революционер Андрей Желябов, космонавт Владислав Волков, шахматист Михаил Тальга окшогон адамдар личность болуп эсептелет... Андайларды санап бүтүү кыйын, кыскасы биз үлгү ала турган адам табылат. Аны үчүн каалоо гана керек...

Светлана Г. (Красноярск): — Эгерде адамдын өз пикири болсо жана аны айтып чыкса — ал личность.

Наташа Александровская (Баку): ...Бул өзү эмнени иштеп жаткандыгын так билген адам. Анын эрки күчтүү, жана да, менимче, ал эч кимге жагынбайт, ал ушунусу менен айырмаланат. Мүмкүн ага башкалар жагынууга аракеттенип жүрбөсүн?

Александр Вилев (Алма-Ата): — ...Бул алдына максат койгон, жаңылык ачкан, тынчы жок, адамдар үчүн бирдеңке жасаган, адамдар кызыккан, рухий жактан бай адам.

Полина Пятигорская (Москва): — ...Ал — менмин. Менин өзүмдү минтип айткандыгыма таң калаарсыздар, анткени менин атактуу болгудай эч өзгөчөлүгүм жок. Бирок мага өз ичинен болсо да личностумун деп эсептебеген адамды таап бергилечи. Мен, личность — бул Зоя Космодемьянская, Юрий Гагарин ж. б. деп жазсам деле болмок, жана ал туура болмок, анткени алар баатыр личностулар, биз алардан үлгү алабыз, бул да туура. Бирок, менин оюмча, ар бир адам — кайраттуусу да, коркогу да, эр жүрөктөр да, жүзүкаралар да личность болуп эсептелет... Бул жөнүндө мен дагы көп нерселерди жаза алат элем, бирок силердин убактыңарды алгым келбейт...

Александр П-ков (Калуга): — Ал — мен эмесмин. Личность, эгерде ишенсе, айта тургагы туура болсо, башкалар баары тең «туура эмес» деп чыккан күндө да, «бул туура» деп айта алат. Личность «турмушта жөнөкөй көз караште бол», «жай баракат жүрө бер» жана ушул сыяктуу формулаларды жек көрөт. Личность, эгерде сен көчөдө жардамга муктаж болуп турсаң, сени ал таанып баса да жаныңа басып келет.

Балдардын чын жүрөктөн, жаап-жашырбай айткан сөздөрүн чечмелеп отурбайлык, менимче, алардын ар кимиси өз алдынча туура айткан, себеби, стандарттуу, бири-бирине куюп койгондой окшош личностулар болбойт. Ар бир адамдын жеке мүнөзү, жеке өзгөчөлүктөрү жана адаттары, интеллектуалдык, дене күч жактан айырмачылыгы болот.

Бирок ар бир советтик адамдын личностуна тиешелүү, жалпы, эң негизги мүнөздөмө бар,— бул коммунисттик көз караш, ал адамга айлана-чөйрөдө өз ордун аныктоого, турмушка, адамдарга туура мамиле жасоого мүмкүнчүлүк берет.

Ошону менен бирге марксисттик-лениндик теорияны билүү адамдын жүрүш-турушуна, көз карашына, нравалык адаттарына автоматтык түрдө таасир бербейт. Аны активдүү иштеп чыкпай туруп, өзүн-өзү тарбиялоодо аң-сезимдүү кабыл албай туруп, коллективдин, насаатчылардын жаш адамдарга мыкты жетекчилиги болбой туруп жана жогорку идеяларды турмушка активдүү ашыруу үчүн аракеттер менен коштолбогон теориялык билим пайдасыз жүк болуп кала берет.

В. И. Ленин үйрөткөндөй, коомдук активдүү жана

эмгек практикасы коммунисттик нравалуулукту иштеп чыгууга, сөздүн толук маанисинде гармониялуу өнүккөн, азыркы адамды калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет, бул маселе партиянын документтеринде да көп жолу белгиленген.

Рухий жактан өсүү, жалпы маданий деңгелди өстүрүү, билимин өркүндөтүү үчүн жаштардын китеп окуусу эң маанилүү. Китепти сүйүү, ар дайым окуу — мезгилдин талабы ушундай!

Китеп сүйүүчү, эреже катарында, бийик нравалуулугу менен, сырткы жана ички маданияттуулугу менен айырмаланат. Ал билимдүү, айланадагылар ага көңүл бурушат, анткени ал өзүнүн турмуш тажрыйбасына китептерден алган көп кылымдын тажрыйбасын да кошот. Дүйнөнүн көп кырдуу жактарын чагылдырып көрсөткөн искусстволордун ичинен китеп гана адамды толугу менен көрсөтүүгө жөндөмдүү. Ал адамды, анын жүрөгүндөгү эң кичине кыймылдарынан тартып, бүткүл ааламга чейинки арыштарын чагылдыра алат. Китеп менен болгон катнаш, адамдар менен болгон катнаштай эле маанилүү.

Биздин өлкө — улуу китеп державасы. Китеп бизде ардактуу текчеде турат жана бүткүл элге кеңири белгилүү. Эгерде биз китеп ар бир үйдө бар, ар бир адамдын жандоочусу болуп калды десек, апырткан болбойбуз.

Бүгүнкүдөн жана өткөндөгүдөн бөлүнгүс болгон келечек мезгилдин чексиз чынжырынын бир звеносу. Демек, адамдар келечекте, биздин татаал жана эң сонун доорубузду изилдешкенде, биринчи кезекте китепке кайрылышат деп айтууга болот.

Китеп биздин күжүрмөн жолдошубуз, жардамчыбыз жана соратнигибиз болгон жана боло берет. Андан уландар алардын алдына турмуш койгон маселелерге жооп таба алышат. Анткени бизде китептин авторлору иш менен тааныш, кадырлуу адамдар, партиянын ветерандары, өткөн согуштун катышуучулары, эмгек каармандары.

Уландар, жаш солдаттар согуштун ветерандарына төмөндөгүдөй суроо менен кайрылышат: душман менен салгылашканда, сыноонун эң оор минуталарында, эң коркунучтуу моменттерде акыр аягына чейин турууга жоокерлерге эмне күч берди? Мындай суроолордун

үстүндө ойлонгон мезгилде сөзсүз төмөндөгүдөй ишенимге келесиң: аскердик милдетке ак ниеттүүлүк, Мекенди сүйүү!

Бул моралдык терең сапаттар толугу менен Мекендин азыркы коргоочуларына да мүнөздүү. Элде: аскердик милдет жана эмгек жанаша жүрөт, деп айтылат. Бул эң туура айтылган! Эмгекти сүйгөн, аскердик кызматтын түйшүктөрүн, кыйынчылыктарын жеңүүдө туруктуулукту, аскердик мастерликке ээ болууда чыдамкайлыкты көрсөткөн солдаттар өз милдетин ийгиликтүү аткара тургандыгына мен көп жолу күбө болдум.

Жаш солдатка биринчи күндөрү турмуштук тажрыйбасы, аскердик кызмат тажрыйбасы жетишпейт, мунун эч кандай таң кала турган жери жок. Эң башкысы, ал тажрыйба алууну, мүнөзүн такшалтууну, күжүрмөн постто бардык күчү менен эмгектенүүнү каалашы керек.

Милдет жөнүндөгү түшүнүк аскердик абийир, тартиптин талаптарын катуу сактоо жөнүндөгү түшүнүк менен органикалык байланыштуу. Карама-каршы жактардын жаңы курал каражаттарынын сакталып турган мезгилиндеги шарттарда жоокерлерге мурдагыдан көбүрөөк, бөлөк-бөлөк, чакан топто, подразделениеде аракет этүүгө туура келе тургандыгын эске алуу керек. Мындай абалда жоокердин өздүк тартиби, тактап айтканда анын ички муктаждыгы, туруктуу адаты болуп калган тартиби биринчи планга чыгат. Мындай муктаждыкты ар бир жоокер иштеп чыгышы абдан маанилүү. Бул адамды жогорку даражада тартиптүүлүккө, каармандыкка, демилгелүүлүккө үйрөтөт.

Солдатка командир үйрөтөт, солдат анын буйруктарын, көрсөтмөлөрүн аткарат. Бирок татаал аскердик абалда кандайдыр бир моментте ал өзүнүн абийири менен өзү жалгыз калышы мүмкүн. Дал ошондо ал эмне кылат? Аткаргыч, тартиптүү, өзүнүн милдетин терең сезген жоокер үчүн мындай учурда бузулгус бир эреже бар: командир жок кезде да уставды командир бар кездегидей так аткарып аракеттениши, өзүнүн милдеттенмелерин да ошондой эле тырышып, күч кубатын аябай аткарышы керек. Бул өздүк тартипти, өзүнө зор талап коё билүүнү, коюлган милдеттерди аткаруу үчүн зор жоопкерчиликти камтыйт.

«Адамды эрдикке, ошонун сыңарындай эле коркоктукка эч ким, эч нерсе мажбурлай албайт,— деп жаз-

ган согуш жылдарында белгилүү советтик жазуучу Петр Павленко. — Бардыгы адамдын өзүнөн. Бир эле атылган каардуу ок бир адамда эрдикти, дагы бир адамда коркоктукту пайда кылат. Бир гана ой — тирүү калуу жөнүндөгү ой бирөөнү алга, душманды качырууга, бирөөнү — артка, тылга качууга түртөт... Эрдик кылууга өзүңөн бөлөк эч ким сага буйрук бере албайт. Эгерде командирдин эрки сенин да эркиң болсо жана аны аткара алсаң, анда сен кеменгерсиң».

Жазуучунун сөзүндө терең маани жатат. Солдаттын жүрөгүнөн «мен аткарышым керек», «мен аткарам» деген сөз чыкса, кужурмөн милдетин аткаруу анын бүткүл жан-дүйнөсүн ээлесе, ал эч качан жеңилбейт.

Совет жоокерлеринин азыркы муундары — фронтовиктердин кужурмөн даңкынын мурасчылары. Улуу муундагы адамдардын эрдиги ар дайым үлгү болгон жана болуп кала берет. Алардын өлбөс-өчпөс иштери жаштар үчүн үлгү, алардан жаштар Мекенди активдүү иши менен сүйгөнгө, каармандыкка, аскердик машыккандыкка, милдетин ак ниет аткарууга үйрөнүшөт.

Мекенге, лениндик партияга, коммунизмдин ишине каармандык менен кызмат кылгандыктын эң сонун үлгүсү болуп Леонид Ильич Брежневдин өмүрү жана чаалыкпас ишмердиги эсептелет. Ал өмүр таржымалын окуучу болуп баштагандыгы бизге белгилүү. Андан кийин жөнөкөй жумушчу, айыл чарбасы боюнча адис, инженер-металлург, жоокер, партиялык кызматкер, саясий жана мамлекеттик эң мыкты ишмер.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында өзүнүн жеке үлгүсү жана партиялык жалындуу сөзү менен жоокерлерди душмандын чыңдоолорун штурмалоого көтөргөн, совет адамдарын айыл чарбасын эң мыкты билген адис катарында кылымдар бою жаткан дың жерди, азыр миллиарддаган пуд эгин берип жаткан жерди өздөштүрүүгө шыктандырган, жер жүзүндөгү тынчтыкты коргоо жана чыңдоо, Коммунисттик партия менен Совет мамлекетинин лениндик тынчтык саясатын туруктуулук менен ишке ашырып, эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүү ишине чексиз баалуу салымын кошту. Л. И. Брежнев өзүнүн билимин, күч-кубатын, уюштуруучулук талантын бүт жумшап жаткан турмуштун жана түзүүчү ишмердиктин башка толуп жаткан тармактары канча дейсиң!

Бүткүл совет адамдары «Коммунист жөнүндө повесть» фильмин көрүп, анын кыскача таржымалын баяндаган «Леонид Ильич Брежнев» аттуу очеркти, анын көп кырдуу ишмердигин баяндаган газета-журналдардагы макалаларды окушуп, телевизор экранынан Леонид Ильич Брежневге дос өлкөлөрдүн жогорку сыйлыктары менен Мекендин эң жогорку сыйлык белгилери тапшырылып жаткан эң сонун моменттерди көрүшкөн чыгар деп ойлойм.

Л. И. Брежневге Финляндия республикасынын эң жогорку мамлекеттик сыйлыгын тапшырып жатып, президент У. К. Кекконен өзүнүн сөзүндө мындай деген: «Азыр жашап жаткан мамлекеттик ишмерлердин ичинде өз өлкөсүнүн жана бүткүл дүйнөнүн тагдырына ушунчалык чоң даражада таасир көрсөткөн Сиздей адам жок деп айтсам, эч ким капа болбойт го деп ойлойм».

КПСС БКнын, СССР Жогорку Советинин Президиумунун жана Совет өкмөтүнүн куттуктоосунда Леонид Ильич Брежневдин коммунисттик курулуштун маселелерин чечүүгө, тынчтык жана адамзаттын социалдык прогресси үчүн күрөшкө кошкон зор салымы ар тараптан терең көрсөтүлгөн.

КПСС БКнын Генеральный секретары, СССРдин Коргоо Советинин Председатели Советтер Союзунун Маршалы Л. И. Брежневди бүткүл совет эли менен бирге Куралдуу Күчтөрдүн жоокерлери да жетимиш жашка чыккандыгы менен чын жүрөктөн куттукташты. Алар Л. И. Брежневди өздөрүнүн такшалган кужурмөн жетекчиси, көрүнүктүү аскер начальниги, азыркы доордун эң мыкты саясий жана мамлекеттик ишмери деп билишет.

Совет адамдары үчүн, СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн кужурмөн туусунун астында тургандардын бардыгы үчүн КПСС БКнын Генеральный секретары, СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели жолдош Леонид Ильич Брежневдин эң сонун өмүрү, чаалыкпас ишмердиги коммунист-ленинчинин, партиянын ишенимдүү солдатынын, эмгекчи элдин иши үчүн, Мекенибиздин бакты-таалайы жана гүлдөшү үчүн, тынчтык жана коммунизм үчүн ишенимдүү күрөшүүчүнүн үлгүсү болуп эсептелет!

## КОРУТУНДУ

Улуу Октябрдын жеңишинен кийин Мекенибиз жүз жылга тете жолду басып өттү. Лениндик партиянын жетекчилиги астында СССРде адамзаттын тарыхында эч качан болуп көрбөгөн коом түзүлдү. Боштондукка чыккан элдин улуу күчү бул жылдардын ичинде керемет иштерди ишке ашырды.

Эли массалык түрдө сабатсыз, жакыр жана укуксуз, эң артта калган падышалык Россия революциядан кийин тарыхый эң кыска мөөнөттүн ичинде азыркы эң күчтүү экономикасы, эң мыкты өнүккөн илими жана техникасы бар, элинин коомдук моралы, билими жана маданияты болуп көрбөгөндөй жогорку деңгелде турган дүйнөдөгү эң күчтүү, алдыңкы мамлекеттердин бирине айланды. Миллиондогон граждандар өздөрүнүн мамлекетинин жана коомунун ишин башкарууга уламдан-улам кеңири, активдүү катышып жатышат. Биргелешкен эмгекте жана күрөштө идеялык-саясий бирдиктүүлүк менен ширелген эң күчтүү, чаалыкпас, намыскөй совет эли, алп эл, эмгекчил эл, баатыр эл калыптанды.

КПСС БКнын Генеральный секретары, СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели жолдош Л. И. Брежнев «Улуу Октябрь жана адамзаттын прогресси» деген докладында: «Ар бир советтик адам, өзүнө саясий турмушка активдүү катышууга мүмкүнчүлүк берген укуктарга жана эркиндиктерге толугу менен ээ. Ар бир совет адамы өзүнүн шыгына жана жөндөмдүүлүгүнө ылайык турмуш жолун тандап алууга, Мекенине, элине пайда келтирүүгө мүмкүнчүлүгү бар»,— деген.

КПССтин XXV съездинин чечимдери совет элинин материалдык жана рухий байлыктарынын өсүшүнүн зор перспективаларын ачты. Алар совет элинин чыгармачыл

энергиясынын укмуштуудай көбөйүшүнө түрткү берди. «Белгиленгендердин баарын аткарабыз!» — дешет алар, мунусу менен КПССтин лениндик курсун кызуу колдоп, анын тегерегинде өз катарларын дагы тыгыз бириктирүүдө.

Совет мамлекети өзүнүн жашап жаткан мезгилинин ичинде тынчтык үчүн, эл аралык коопсуздук үчүн туруктуу жана үзгүлтүксүз күрөшүп келе жатат. Ал эми совет элинин 35 жылдан бери тынчтык турмушта жашап жатышкандыгы бизди кубандырбай койбойт, согуш коркунучун, биринчи кезекте ядролук согушту болтурбоо үчүн, куралсыздануу, эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүү үчүн күрөш азыркы дүйнөлүк өнүгүштүн башкы тенденциясы болуп калды. Мына ушунун негизинде совет элинин эң зор эмгеги, партиянын, анын Борбордук Комитетинин, КПСС БКнын Генеральный секретары, СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели жолдош Леонид Ильич Брежневдин жеке өзүнүн кеңири ишмердиги жатат.

Советтик жаштарга Улуу Октябрь өлкөсүндө жашоонун зор бактысы туш келди. Уландар жана кыздар окуу, эмгек, ар тараптан өнүгүү үчүн чексиз мүмкүнчүлүктөргө ээ. КПССтин XXV съездинин тарыхый чечимдерине шыктанган алардын чыгармачыл демилгеси, жүрөк толкундары «Эффективдүүлүктүн жана сапаттын беш жылдыгына — жаштардын демилгеси жана чыгармачылыгы!» деген патриоттук кыймылда өз ордун ээледи. Комсомол өзүн онунчу беш жылдыктын эпкиндүү отряды деп атап, Октябрдын 60 жылдыгына карата КПСС Борбордук Комитетине Рапортко кол коюуга ардактуу укукту жеңип алуу үчүн жаштардын мелдешин жайылтышкан. Бул мелдештин жеңүүчүлөрү легендардуу «Аврoранын» жанында сүрөткө тартылышты. БАМ менен КамАЗ, Батыш Сибирь жана Кара топурак эмес жер — 100 дөн ашык бүткүл союздук эпкиндүү курулуштар комсомолдук эрдиктин жаңы адрестери болуп калды.

Улуу Октябрдын 60 жылдыгын армия жана флоттун жаштары ийгиликтүү тосушту. Комсомолецтер, Куралдуу Күчтөрдүн бардык жоокерлери өлкөдө патриоттук демилгени пайдаланып, Мекендин ишенимдүү коргоочуларын тарбиялоодо, аскердик такшалгандыкты дагы өркүндөтүүдө, куралды жана аскердик техниканы эң мык-

ты үйрөтүүдө командирлерге, саясий органдарга жана партиялык уюмдарга болгон жардамын берүүнү милдетим деп эсептешти. Брошюранын үстүндө иштеп жатып, мен бул теманы толук ачууга мүмкүн эместигине көзүм жетти, анткени ал биздин жаштардын, жоокерлердин окуусунун, эмгегинин, күнүмдүк турмушунун бардык жактарын иш жүзүндө толук камтый албайт. Эгерде мен бир нерселер жөнүндө толук айтпай же сөз кылбай кетсем, окурмандар мени кечирип коюшсун.

Жашоо бул даңгыр жол эмес... «Мекенди коргоо — ыйык милдет» деген түшүнүк азыркыча жана акыйкат сөз болуп эсептелет, анткени ага ар бир совет адамынын жашоосунун мазмуну сиңип кеткен.

Бизден, согуштун жана эмгектин ветерандарынан: силер 70-жана андан кийинки жылдардын жаштарынын кандай болушун каалайсыңар, деген суроо беришет. Менимче, окурмандар бул суроого ушул брошюрадан жооп таба алышат го деп ойлойм. Бул жерде дагы кошумчалап айткым келет: алардын кайратман, бир нерсеге жан-дили менен берилген жана эмгекчил, көптү билген, күч-кубаттуу, акыл-эстүү, ак ниет жана сыпайы, бак-таалайлуу жана ак пейил, тартиптүү, демилгелүү, Мекенибиздин ишенимдүү уул-кыздары болушун каалайбыз. Кымбаттуу уландар жана кыздар, биздин эң сонун жаштар! Силер улуу муундун ордун ээлейсиңер, силерге Советтик Мекенибиздин келечеги тиешелүү. Ошондуктан социалисттик Мекениңерди ар дайым сүйгүлө, ага ак ниет кызмат кылгыла, анын байлыгын сактагыла жана көбөйткүлө, анын намысын, көз каранды эместигин туруктуу коргогула, өзүңөрдүн жүрөк отуңарды, бардык ой-максатыңарды, ишиңерди тынчтыктын жыргалчылыгы — коммунизмди куруунун улуу ишине арнагыла!

Коммунизмдин жаш куруучуларынын алдында — кең горизонттор, толкундатуучу перспективалар. Жаштарды бардык жерде күжүрмөн өткөндү, эң сонун азыркыны улантуу боюнча, айкын келечекти жакындатуу боюнча кызыктуу, шайыр-шат эмгек күтөт. Уландар жана кыздар, бүткүл советтик жоокерлер Коммунисттик партиянын нравалык идеалдарына ар дайым берилип, өзүндө адамдык жана кесиптик мыкты сапаттарды тарбиялап, бардык жерде жана дайыма коммунисттерче, Ленинче жашап, окуп, эмгектене тургандыгына сөзсүз ишенебиз.

# МАЗМУНУ

Автордон . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Аталар балдарынын бактысы үчүн күрөшүп жеңишкен . 5
Жоокердик кызмат ардактуу жана жооптуу кызмат . . 34
Социалисттик мекенге ак ниет кызмат кылуу . . . . 61
Корутунду . . . . . . . . . . . . . . . . 89

*Владимир Федорович Толубко*

**ЖИТЬ — РОДИНЕ СЛУЖИТЬ**

*(на киргизском языке)*

ИЗДАТЕЛЬСТВО «МЕКТЕП»

Которгон М. Аманов. Рецензент М. Кожомкулов. Редактор Ж. Мундузбаева. Сүрөт редактору А. Байбөриев. Техн. редактор Т. Борисенко. Корректор Б. Ибраева.

ИБ № 1248

Терүүгө 19. 04. 1980-ж. берилди. Басууга 27. 08. 1980-ж. кол коюлду. № 2 типография кагазы. Кагаздын форматы 84×108¹/₃₂. Журнал ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 2,875 физ. басма табак, +0,281 вкл. 4,83 шарттуу басма табак,+0,327 вкл. 4,86 учёттук басма табак+0,35 вкл. Нускасы 4000. Заказ № 238. Баасы 15 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

15 т.